وقف لله وللتوزيع المجاني

Бекер таркатылат

# МЫНА БУЛ ИСЛАМ

## ҮЧ НЕГИЗ

Кабырда бериле турган суроолорго жооп

## ТӨРТ ЭРЕЖЕ

Таухид менен ширкти айырмалоо

## ИСЛАМДЫ БУЗУУЧУ АМАЛДАР

هذا هو الإسلام

للشيخ هيثم سرحان (باللغة القرغيزية)


**Шейх Хейсам ибн Мухаммад Сархан**

ПАЙГАМБАРДЫН МЕЧИТИНДЕГИ ИНСТИТУТТУН МУГАЛИМИ



Мадина шаары

«هذا هو الإسلام»

شرح أسئلة القبر الثلاثة والقواعد الأربع ونواقض الإسلام

باللغة القرغيزية

لفضيلة الشيخ

هيثم بن محمد جميل سرحان

غفر الله له ولوالديه

ولمن أعانه إخراج هذا الكتاب

**“Мына бул Ислам”**

“Кабырда бериле турган үч суроо”, “Төрт эреже” жана

“Исламдан чыгаруучу амалдар” аттуу китептердин баяндамасы.

Бул китептердин түшүндүрмөсүн даярдаган

урматтуу шейх Хейсам ибн Мухаммад Жамил Сархан,

Медина шаарындагы пайгамбардын ﷺ мечитиндеги институттун мугалими жана

http://sarhaan.net/

telegram.me/attasseel_kyrgyz

сайттарынын башкаруучусу.

**Аллах-Таала ага, ата-энесине жана баардык бул китептин чыгарылышына көмөктөш көрсөткөндөргө ырайым кылсын жана күнөөлөрүн кечирген болсун!**

وقف لله وللتوزيع المجاني

Бекер таркатылат

# Үч негиз жана далилдери

## Кабырда бериле турган үч суроонун баяндамасы

## Мээримдүү жана Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен

Чындыгында, баардык мактоолор Аллахка гана таандык, биз Ага мактоо айтып, Андан жардам тилеп жана кечирим сурайбыз. Аллахтан өз напсилерибиздин зыянынан жана амалдарыбыздын жамандыгынан коргоо тилейбиз. Кимди Аллах туура жолго салса, аны эч ким адаштыра албайт, а кимди адаштырса, аны эч ким туура жолго сала албайт. Күбөлүк беремин: "Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Жалгыз, эч бир шериги жок. Жана Мухаммад Анын кулу жана элчиси ﷺ [1]"

# КИРИШ СӨЗ

## Эмне үчүн биз Таухидди (Ла илааха иллАллах) окуп-үйрөнөбүз?

**Таухид** – бул Аллахтын пенделеринен болгон акысы

Адамдарды жана жиндерди Аллах **Таухид** үчүн гана жараткан (Чыныгы жашоонун максаты)

Аллах-Таала **Таухидсиз** бир дагы жакшы (солих) амалды кабыл албайт

**Таухид** менен жашагандардан башка эч ким бейишке кире албайт

**Таухид**-бактылуулуктун, туура жолдо болуунун, саламаттык-тынчтыктын туруктуу болуусуна себеп

**Таухид** аркылуу соопчулук иштер көбөйтүлөт жана күнөөлөр кечирилет

**Таухид** – пайгамбардын ﷺ шапаатына ээ болууга себеп

**Таухидди** орнотуу үчүн пайгамбарлар жиберилип, ыйык китептер түшүрүлгөн

Ким **Таухидди** толук иш жүзүнө ашырган болсо - эсепсиз, азапсыз, түзмө-түз бейишке кирет

**Таухидди** үйрөнүү жолу менен гана ширктен сактана алабыз

---

[1] ﷺ - китепте келген бул белги (лигатура) «саллАллаху алейхи ва салям» (Ага Аллахтын саламы жана салаваты болсун) деген сөздөр. Бул Мухаммад пайгамбардын ﷺ аты эскерилген сайын айтылат.

# Ширктин коркунучу (Таухиддин карама-каршылыгы) жана муну окуп билүүнүн маанилүүлүгү

**Ширк -** эң чоң күнөө иш жана Аллах-Таала кечирбеген жалгыз күнөө

**Ширк** – эң биринчи жана түзмө-түз тозокко алып баруучу жол

Ким **ширк** кылып жүрүп, тообо кылбай бул дүйнөдөн кайткан болсо, эч качан тозоктон чыкпайт

**Ширк** кылган адамга бейишке кирүү арам болот

**Ширк** себептүү соопчулук иштердин баарысы күйүп, жок болуп кетет. (Намаздар, садакалар, орозолор жана башка баардык жакшылык иштер)

**Ширк -** караңгы түндөгү, кара таштын үстүндөгү кумурсканын издеринен дагы жашыруун. Адам өзү билбей эле ширк кылып жүрүшү мүмкүн

**Ширк** - Курандагы жана шариаттагы эң алгачкы тыюу. Шариатта башка эч бир күнөөдөн мынчалык катуу кайтарылган эмес

**Ширк –** бул дүйнө жана акыреттеги коркунучтун, өкүнүчтүн, бактысыздыктын жана азаптын себеби

**Ширк -** эң чоң адашуу жана бузукулуктун эң акыркы чеги

**Ширк** – Аллахка карата болгон зулумдук, адилетсиздик

**Ширкте** өлгөн адам үчүн мусулмандар дуа кылбайт, жана пайгамбардын ﷺ шапаатынан кур калат

**Ширктен** кайтаруу үчүн пайгамбарлар жиберилген жана ыйык китептер түшүрүлгөн

Аллахтын элчиси ﷺ айткан: **«Аллах-Таала айтты: «Оо, адам баласы! Эгер сен мага жер шарынчалык (толтура) күнөөлөрүң менен келген болсоң жана Мага эч нерсени шерик кылбаган абалда жолуксаң, сени ошончолук кечирим менен тосуп алам»»** (ат-Тирмизи, сахих).
Мээримдүү жана Боорукер Аллах-Таала баардык күнөөлөрүбүздү кечирем деп убада кылды, бирок бир шарт менен: Эч бир нерсени Аллага шерик кылбасак гана.
**Ширктен сактануунун жолу кандай?** Бир гана аны терең окуп-үйрөнүп, андан алыс болуу. Ширк эмне экендигин, анын түрлөрүн, ал кантип пайда болот экендигин жана ага алып келүүчү себептерди билсек гана андан сак боло алабыз.

# Таухид деген эмне?

## Таухид

### Тилдик мааниси:

Бир нерсени жалгыздоо, жалгыз кылуу.

(Ваххада, йуваххиду, таухидан – “жалгыздоо” - деген арабча сөздөн алынат)

### Шариаттык мааниси:

Аллах-Тааланы Анын өзүнө гана таандык болгон нерселерде жалгыздоо.

Өзүнө гана таандык болгон

1) Рубубиясы
2) Улухиясы
3) Ысым-сыпаттары

## Таухид үчкө бөлүнөт

### Ар-Рубубия

**Аллах-Тааланы Анын иштеринде жалгыздоо.**

Мааниси: Аллах-Таала баардык нерсени жаратууда, ээ болуп башкарууда жалгыз, эч шериги жок деп билүү. Жалгыз Аллах ырыскы берүүчү, өлтүрүүчү, тирилтүүчү, шыпаа берүүчү жана башка баардык иштеринде жалгыз деп ишенүү.

Таухиддин бул түрүн чанда адамдардан башка эч ким четке какпайт.

### Аль-Улухия

**Аллах-Тааланы ибадатта, сыйынууда жалгыздоо.**

**Жалгыз Аллахка гана сыйынуу. Ибадаттардын баарысын жалгыз Аллахка гана арноо.**

Таухиддин мына ушул түрүндө пайгамбарлар менен коомдорунун ортосунда душмандык, келишпестик, касташуу болгон.

### Аль-Асмаа вас-Сыфат

**Аллах-Таала китебинде жана элчиси ﷺ аркылуу Өзүн кандай ысымдар менен атаган жана кандай сыпааттар менен сыпаттаган болсо, мунун баарысында Анын эч кандай теңдеши жок экендигин билип, моюнга алуу.**

Аллах Өзүнө эмнени тастыктаган болсо, ошону биз дагы Аллахка тастыктайбыз, жана Өзүнөн эмнени четке каккан болсо, ошону биз дагы четке кагабыз.

Аллах-Тааланын баардык ысым-сыпаттарына ыйман келтиребиз, эч **бурмалабай, жокко чыгарбай**, эч **сүрөттөп-элестетпей**, жана эч **окшоштурбай.**

## Эмнеге илим алууну “Үч негиз” китебинен баштадык?

Бизге чейинки алгачкы момун-мусулмандар жана “Ахлю Сунна уа аль-Джама’а” аалымдарыбыз ар убакта бул берекелүү китепке көңүл буруп, окуп-үйрөнүүгө үгүттөп келишкен, анткени бул китепте эрежелер түрүндө улуу, чоң пайда-жакшылыктар камтылган. Илим алуучу шариаттык илим өздөштүрүү жолун дал ушул эрежелерге негиздейт. Ошондуктан, биз аалымдарыбыздан үлгү алып, калтырып кеткен насааттарына моюн сунуп, илим алууда алардын басып өткөн жолун жолдоп баратабыз.

* Илим алуучу эле эмес, баардык адамдар бул кыскача китепти, ичинде камтылган негиз-эрежелерди окуп-үйрөнүүгө өтө муктаж. Анткени, туруктуу, бекем, шек-күмөндөрдү четке кага турган ыйман-ишенимге ээ болуунун зарылдыгы бүгүнкү күндө болбогондой өзгөчө айкын.

## Автордун китептеринин өзгөчөлүктөрү:

- Жеңил, кыска жана түшүнүктүү
- Ар маселенин далили менен бирге келүүсү
- Китептеги маселелер маанисине карай чогултулуп, тартипке салынып, кийин түшүнүктүү баяндалуусу
- Автордун китепти окуп же угуп жаткан адамга көп-көп дуа-тилек кылуусу

## «Үч негиз» - деген эмне?

**Үч негиз** – бул, кыскача айтканда, кабырдагы үч суроо:

- Роббиң ким?
- Пайгамбарың ким?
- Диниң кайсы?

## «Үч негизди» окуп-үйрөнсөк кандай пайда алабыз?

Эгерде биз ушул үч негизди:

1) жакшы **окуп-үйрөнсөк**,
2) андан соң алган илимибизге **амал кылсак**,
3) андан соң башкаларды ошого **үгүттөп-чакырсак**,
4) кийин илим алууда, амал кылууда, жана башкаларды чакырууда **сабырдуулукту** бекем кармансак,

Аллахтын колдоосу менен, сөзсүз **кабырдагы үч суроого жооп бере алабыз**.

## «Үч негиз» китебинин мазмуну

**Китеп беш бөлүктөн турат**:

1 **Төрт маселе** *(аль-'Аср сүрөсү)*

2. **Үч маселе** *(Таухиддин түрлөрү)*

3. **Таухидди үйрөнүүнүн маанилүүлүгү**

4. **Үч негиз** *(Кабырдагы суроолор)*

5. **Акыр сөз**

## 1. Төрт маселе

- 1. Илим алуу
- 2. Амал кылуу (илимге ылайык)
- 3. Башкаларды акыйкатка чакыруу
- 4. Бул жолдогу кыйынчылыктарга сабыр кылуу

Бул төрт маселе **аль-'Аср** сүрөсүндө камтылган

## 2. Үч маселе

- 1. Аллахтын жаратууда, башкарууда (Рубубиятында) жана Ысым-сыпаттарында болгон жалгыздыгы
- 2. Ибадатка жалгыз Аллах гана татыктуу (Таухид альУлухия)
- 3. Ширктен жана ширк кылуучулардан баш тартуу (Жүрөк, тил жана дене мүчөлөрү менен)

## 3. Таухидди үйрөнүүнүн маанилүүлүгү

***Эмнеге таухидди окуп-үйрөнүүгө милдеттүүбүз?*** – деген суроого жооп

## 4. Үч негиз

**“Үч негиз”** – бул, кыскача айтканда, кабырдагы үч суроо:

- Роббиң ким?
- Пайгамбарың ким?
- Диниң кайсы?

## 5. Акыр сөз

Автордун: **“Адамдар өлгөндөн кийин кайра жаралат…”** - деген сөзүнөн баштап китептин акырына чейинки бөлүк

# 1. ТӨРТ МАСЕЛЕ

Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен(1)

**Билгиниң**, Аллах сага ырайым кылсын, баардыгыбызга **төрт маселени** окуп-үйрөнүү парз (милдет) (2):

**Биринчи**: **Илим.**
Илим бул Аллахты, Анын Пайгамбарын жана Ислам динин далилдердин негизинде таанып-билүү.

**Экинчи**: Илимге ылайык **амал кылуу**. (3)

(1) Автор китепти Аллахтын ысымы менен баштоосунун себеби:

1. Аллахтын китебинен жана элчилеринен үлгү алуусу.

2. Автор алгачкы момун-мусулмандардын жана өзүнө чейинки аалымдардын жолун жолдоду, анткени китепти Аллахтын ысымы менен баштоо алардын адаты эле.

3. Берешен Аллахтын ысымын атап (баштап жаткан ишине) береке талап кылуу максатында.

(2)Китептин башында айтып өткөндөй эле, автор адатынча илим алып жаткан адам үчүн Аллахтан ырайым тилеп, дуа-тилек менен баштады.
Мындан төмөнкү натыйжалар чыгат:

1. “Ахлю сунна валь Джамаа” аалымдарынын шакирттерине болгон мээрими.

2. Ислам дини ырайымдуулук, боорукерликтин негизинде курулган.

**Илим** - бул акыйкатты далилдин негизинде таанып-билүү, наадандыктын (билимсиздиктин) карама-каршылыгы.

(3)Илим менен амалдын байланышы боюнча айтылган:
*“Илим амалды чакырат,*
*Жооп кайтпаса, качат.”*

Амал менен тастыкталбаган илимден эч пайда жок.
Ким эгерде илим алса, сөзсүз амал кылуусу милдет, болбосо ал иудейлерге окшошот, анткени иудейлерде илим бар, бирок амал жок.
Аллах-Таала алар тууралуу айткан:
**"Аны** (Мухаммадды ﷺ жана ал чыныгы Аллахтын акыркы пайгамбары экендигин) **өз балдарын билгендей эле** (жакшы) **билишет."** (Куран 2:146)

Кыямат күнү эң биринчи үч адам менен тозоктун оту жандандырылат, алардын бири: Аалым - илим алган, бирок анын негизинде амал кылган эмес.
*“Алган илимине амал кылбаган аалым,*
*- буттарга сыйынуучулардан мурда азапталуусу маалым”*

**Үчүнчү:** Башкаларды **чакыруу** (даават кылуу).

## БАШКАЛАРДЫ ЧАКЫРУУНУН (ДААВАТТЫН) ШАРТТАРЫ ЖАНА ЭРЕЖЕЛЕРИ БАР. ДААВАТ СӨЗСҮЗ АЛАРГА НЕГИЗДЕЛҮҮСҮ ЗАРЫЛ. ЭҢ БАШКЫЛАРЫ:

1. Чын ыкластан Аллахтын Жүзүнө умтулуп, бир гана Анын ыраазычылыгын табуу максатында даават кылуу (адамдарды чакыруу).
2. Чакыруу (даават) шариаттык илимдин негизинде болуусу.
3. Даанышмандык жана сабырдуулук менен чакыруу.
4. Чакырып жаткан адамдардын абалын билүү жана буга толук көңүл буруу.

## Бул шарттарга далил – Аллах-Тааланын айткан сөзү:

قُلۡ هَٰذِهِۦ سَبِيلِيٓ أَدۡعُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِۚ عَلَىٰ بَصِيرَةٍ أَنَا۠ وَمَنِ ٱتَّبَعَنِيۖ وَسُبۡحَٰنَ ٱللَّهِ وَمَآ أَنَا۠ مِنَ ٱلۡمُشۡرِكِينَ ١٠٨

**“Айткының (Эй, Мухаммад!): Менин жолум ушул – бир гана Аллахка чакырамын, ачык далил үстүндө. Мен (бул жолдо) жана мени ээрчигендер, Аллах (ар кемчиликтерден) аруу, жана мен (Ага) шерик кошуучулардан эмесмин”** (Куран 12:108)

“Менин жолум ушул”:

Жол дегендин мааниси Алланын элчиси ﷺ алып келген шариат.

“Аллахка чакырамын”:

Аллахка чакыруучу чын ыкластан адамдарды Аллахка алып келүүнү гана көздөйт.

“Ачык далил үстүндө”:

Далил - бул илим, жана бул жакта илим өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Шариаттык илим
2. Чакырылуучулардын абалы
3. Көздөгөн максатка алып келүүчү жолду билүү

Бул жерде автор төмөндөгүдөй айтып жаткан сыяктуу:

Эгерде илим алган болсоң, андан соң илимге жараша амал кылсаң, сөзсүз пайгамбарыбыздын ﷺ, анын сахабаларынын жана алгачкы мусулмандардын жолунда болууга милдетүүсүң, бул жөнүндө Аллах-Таала айткан:

**“Айткының (Эй, Мухаммад!): Менин жолум ушул – бир гана Аллахка чакырамын, ачык далил үстүндө. Мен (бул жолдо) жана мени ээрчигендер, Аллах (ар кемчиликтерден) аруу (таза), жана мен (Ага) шерик кошуучулардан эмесмин”**

Демек, сөзсүз башкаларды чакыруунун (дааваттын) болуусу зарыл.

**Төртүнчү:** Бул жолдогу кыйынчылыктарга **сабыр кылуу** [1]

Далил - Аллах-Тааланын айткан сөзү:

**“Асрга (убакытка) ант, Акыйкатта, баардык адамдар (адамзат) зыян тартууда, бир гана ыйман келтирип, жакшы (солих) амалдарды аткарып, бири-бирине акыйкатты жана сабырдуулукту осуят кылгандардан башка"** (Куран 103:1-3)[2]

[1] Автор дааваттан соң сабырдуулукту айтып өттү. Бизге айтып жаткан сыяктуу: “Акыйкатта, кимде ким бул жолго түшкөн болсо, сөзсүз пайгамбарлар кездешкен кыйынчылыктарга (сыноолорго) кездешет, демек, сөзсүз сабырдуу болуусу шарт.”

Сабырдуулук:

| Тилдик мааниси: | Шариаттык мааниси: |
| --- | --- |
| Кармануу, токтолуу, тыйылуу. | Бир нерседе кармануу (бекем болуу) же бир нерсеге каршы напсини тыюу, токтотуу. |

Имам ибн Кайим ал-Жаузийа сабырдуулукту үчкө бөлгөн:

1. Аллахка баш ийүүдө сабырдуу болуп, буйруктарын аткаруу.
2. Аллахка моюн сунбай коюудан сабырдуу болуп, күнөөлөрдөн сактануу.
3. Кайгы, кыйынчылык жаратуучу Аллахтын жазган тагдырына сабыр кылуу.

[2]**Төрт маселеден соң** автор Курандан аларга далил келтирди, бул **аль-Аср сүрөсү.**
Автор дайыма маселелерди далили менен бирге келтирет.
Эмнеге?

1. Илим алуучу адам бирөөнүн артынан сокур сыяктуу эле (далилсиз) ээрчип кете бербестен, далилди ээрчүүгө автор аны тарбиялап, үйрөтүп жатат.
2. Илим алуучу адамда далилдер болушу үчүн, алар аркылуу каршылаштарга жооп бере алчудай.
3. Илим алуучу далилдерден туура негизделген өкүм чыгара алгыдай жөндөмдүүлүгү болушу үчүн.

Имам аш-Шафи'и айткан:
*"Эгерде адамдарга Аллах-Таала ушул сүрөнү гана далил катары түшүргөндө, аларга бул эле сөзсүз жетиштүү болмок."* (1)

Имам аль-Бухари айткан:
*" Илим - сөздөрдөн жана амалдардан мурда (алдын)"*

Буга далил Аллах-Таала айтты:
**“Билгиниң, Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок! (Андан соң) Күнөөңө кечирим сура, жана (баардык) момун (мусулман) эркектер жана аялдар үчүн да (кечирим сура)"** (Куран 47:19).

Сөздөрдөн жана амалдардан биринчи илимден баштады(2)

(1) **Имам аш-Шафи'и** айткан бул сөзүнүн мааниси:

Баардык адамдар үчүн:
**-илим ала баштаганга,**
**-амал кылганга,**
**-бири бирин буга чакырганга,**
**-жана бул жолдо сабырдуу болуусу үчүн**
бир эле ушул сүрө далил катары жетиштүү.

Ал эми Курандын башка сүрөлөрү болсо - Куран бул толугу менен эле далил.

(2) Мусулмандардын хадис илими боюнча эмири (жол башчысы) Имам аль-Бухари "Сахих" деген хадистер жыйнагында бул темага өзүнчө бир бөлүм (бап) арнап, мындай деп атаган:

*"Бөлүм: Илим - сөздөрдөн жана амалдардан мурда (алдын)"*

- Андан соң, сөздөрдү (сүйлөөдөн) жана амалдарды (кылуудан) мурун сөзсүз илим болуусу керек экендигине далил алып келди.

Демек, илимсиз амал кылуу таптакыр туура эмес, анткени, ким илимсиз амал кылса ал христиандарга окшошот.

# 1. ҮЧ МАСЕЛЕ

**Билгиниң**, Аллах сага ырайым кылсын, ар бир мусулман эркек жана мусулман аял ушул **үч маселени** окуп-үйрөнүүгө жана ага жараша амал кылганга милдеттүү. [1]

[1] Автор китептин бул бөлүгүн да илим алуучуга дуа менен баштады.

"Үч негиз" китебинде илим алуучуга автор үч жерде дуа кылат:
- "**Төрт маселе**" бөлүмүнүн башында;
- " **Үч маселе**" бул бөлүмүнүн башында;
- **"Билгиниң, Аллах сени өзүнө баш ийүү жолуна багыттаган болсун, "Ханифия" деген бул Ибрахимдин дини..."** - деп башталган кийинки бөлүмдө.

## ҮЧ МАСЕЛЕНИН БАЯНЫНАН МУРДА КИРИШ СӨЗ:

### Таухид

| Тилдик мааниси: | Шариаттык мааниси: |
|---|---|
| Бир нерсени жалгыздоо, жалгыз кылуу.<br><br>(Ваххада, йуваххиду, таухидан –"жалгыздоо" - деген арабча сөздөн алынат) | Аллах-Тааланын Өзүнө гана таандык болгон:<br>1) Рубубиясында<br>2) Улухиясында<br>3) Ысым-сыпаттарында<br>Жалгыз экендигин тастыктоо. |

### Таухид үчкө бөлүнөт

| Ар-Рубубия | Аль-Улухия | Аль-Асмаа вас-Сыфат |
|---|---|---|
| **Аллах-Тааланы анын иштеринде жалгыздоо.**<br><br>Мааниси: Аллах-Таала баардык нерсени жаратууда, аларга ээ болууда жана алардын баарысын башкарууда жалгыз экендигин моюнга алуу. | **Аллах-Тааланы ибадатта, сыйынууда жалгыздоо.**<br><br>**Жалгыз Аллахка гана сыйынуу. Ибадаттардын баарысын жалгыз Аллахка гана арноо.** | **Аллах-Таала китебинде жана элчиси ﷺ аркылуу Өзүн кандай ысымдар менен атап жана кандайдыр бир сыпаттар менен сыпаттаган болсо, мунун баарысында Анын эч кандай теңдеши жок экендигин билип, моюнга алуу.**<br><br>Аллах Өзүнө эмнени тастыктаган болсо, биз дагы Аллахка тастыктайбыз, жана Өзүнөн эмнени четке каккан болсо, аны биз дагы четке кагабыз. Эч **бурмалабай, жокко чыгарбай, сүрөттөп элестетпей**, жана **окшоштурбай**. |

Алланын ысым-сыпаттары "таукифий" болуп эсептелет, мааниси: Куран-Суннөттө кандай келген болсо, милдеттүү түрдө ошол менен чектелип, аят жана хадистерден чыгып кетпестен токтолобуз.

- Аллах-Таала китебинде Өзүнө эмнени тастыктаса, же Анын элчиси Ага тастыктаган болсо, биз дагы аны Аллахка тастыктап-ырастайбыз.
- Аллах-Таала Китебинде Өзүнөн эмнени жокко чыгарса, же Анын элчиси Андан жокко чыгарган болсо, биз дагы аны Аллахтан четке кагып, жокко чыгарабыз. Мисалы:
**"Аны ургүлөө да, уйку да албайт"**
(Куран 2:255)
же: **"Бизге чарчоо эч жолободу"** (Куран 50:38)

Аллахтын баардык ысым-сыпаттарына толугу менен ыйман келтиребиз, эч бурмалабай, эч жокко чыгарбай, эч сүрөттөп-элестетпей жана эч окшоштурбай.

**Биринчи:** Аллах-Таала бизди жаратып, ырыскы берип, андан соң бизди жөн эле таштап койбостон, бизге элчи жөнөттү, ким ага баш ийсе - бейишке кирет, а ким баш тартса – отко (тозокко) түшөт.

Буга далил Аллах-Таала айтты:
**"Чынында, Фираунга элчи (Мусаны) жөнөткөндөй, силерге да элчи жөнөттүк, өзүңөргө каршы күбө болушу үчүн. Фираун болсо элчиге баш ийбеди, жана биз аны катуу азапка алдык"**
(Куран 73: 15-16)[1]

## 2. Үч маселе кыскача:

| Биринчи маселе: | Экинчи маселе: | Үчүнчү маселе: |
|---|---|---|
| Таухид арРубубия, Таухид альАсмаа васСыфат. | Таухид альУлухия. | Ширктен жана ширк кылуучулардан баш тартуу. |

[1] Биринчи меселеде автор
**"Аллах-Таала бизди жаратып"** дегени - Ал Жаратуучу ( аль Холик ), **"бизге ырыскы берип"** дегени - Ал Ырыскы берүүчү (ар Раззак) экендигин айтуу менен Таухид арРубубия жана Таухид альАсмаа васСыфат жөнүндө айтып кетти.
**"..бизди жөн эле таштап койбостон"** - эч бир нерсени буйрубай жана эч бир нерседен тыйбай, тескерисинче **"бизге элчисин жөнөттү"**.

## Аллах-Таала элчилерди жөнөтүүсүнүн максаты:

| 1. Адамдарга далил жеткизүү үчүн: | 2. Ырайым (Мээримдүүлүк) катары: |
|---|---|
| **"Биз элчи жөнөтмөйүнчө эч качан жазага тартпайбыз"** (Куран 17:15). | **"Сени ааламдарга бир гана ырайым катары жөнөттүк"** (Куран 21:107). |

**Экинчи:** Аллах ибадат кылууда кимдир-бирөөнү Ага шерик кылып кошууга нааразы (ыраазы эмес). Ал тургай ал шериги Аллахка жакын болгон периште же элдерге жиберилген пайгамбар болсо дагы.
Далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Мечиттер бир гана Аллахка таандык (Ага гана сыйынуу үчүн), андыктан Ал менен бирге (Ага шерик кошуп) эч кимге сыйынбагыла!"** (Куран 72:18).

Экинчи маселеде бир гана жалгыз Аллах-Таала ибадатка татыктуу экендиги тастыкталып-баяндалган.
Автор айтат: **"Аллах, ибадат кылууда кимдир-бирөөнү Ага шерик кылып кошууга нааразы (ыраазы эмес)",** Кимге гана ибадат кылуу болбосун – эч качан ыраазы болбойт жана Аллахтан бөлөк кимге гана ибадат кылынып жатпасын, баардыгын камтыйт: пайгамбар, олуя (уали), жин, периште, такыба киши, тумар, таш, бак, мазар, мүрзө, күмбөз, эстелик жана башка, ким жана эмне гана болбосун.
Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Мечиттер Аллахка гана таандык, демек Ал менен бирге эч кимге сыйынбагыла!"**

Мечиттер дегендин үч мааниси бар, үчөө тең туура:

Аллахка ибадат кылуу максатында **курулган мечиттер.**
Демек ал жерлерде бир гана Аллахка сыйынуу керек.

Сажда кылына турган **дене мүчөлөр.**
Демек, дене мүчөлөрү менен бир гана Аллахка сыйынуу керек.

**Жердин баарысы**: "Жер бети мен үчүн таза кылынды жана мечит болду" (хадис)
Демек, жердин баарысында Аллахтан башка кимдир бирөөгө сыйынууга уруксат берилбейт.

Башка хадистерге карай: мүрзөлөр, мончолор жана ажаатканалар бул хадистеги "мечит болду" дегенге кирбейт. Бул аталган жерлерде Аллахка ибадат кылууга тыюу салынат.

وَأَنَّ ٱلْمَسَٰجِدَ لِلَّهِ فَلَا تَدْعُوا۟ مَعَ ٱللَّهِ أَحَدًا ﴿١٨﴾

**"Мечиттер Аллахка таандык, демек ал менен бирге эч кимге сыйынбагыла!"**
(Куран 72:18)

**"Эч кимге"**, баарысын камтыйт, ошондуктан имам бул экинчи маселеде айтты:
"**Аллах, ибадат кылууда кимдир - бирөөнү Ага шерик кылып кошууга ыраазы эмес**". Башкача айтканда ким гана болбосун, пайгамбарлар, олуялар, жиндер же такыба адамдар болсо дагы. Эч кимге Аллах менен бирге сыйынганга болбойт. Бир гана жалгыз Аллах ибадатка татыктуу.

Үчүнчү маселеде автор ширктен жана ширк кылуучулардан баш тартуу парз (милдет) экендигин баяндады.

Муслулман эместер менен мамиле түзүүдө адамдар үч түрдүү болушат.
Анын экөөсү чектен чыккандар жана бирөөсү түз жолду (ортолукту) кармангандар

Каапырлардын майрамдарында, ибадаттарында катышып (аралашып), алар менен бирге жүргөндөр

Каапырларды өлтүрүп, тонон, алдап ж.б. ушул сыяктуу иштер менен чектен чыккандар

Ортолукту (түз жолду) кармангандар.
Бул сүннөттү кармануучулар.
Булар каапырлардын майрамдарына, ибадаттарына, азем-салтанаттарына катышпайт жана чектен чыкпай каапырлар менен болгон келишимдерди бузбайт, аларга катары кыянаттык кылышпайт.
Каапырлар менен соода-сатык иштерде мамиле түзүү бизге уруксат жана ал менен бирге сөзсүз аларды Таухидке (Аллахты жалгыздоого) чакыруу керек.

**Үчүнчү:** Ким элчиге баш ийип жана Аллахка эч кимди теңдеген эмес болсо - Аллахтын жана Анын элчисинин душманына сүйүү менен мамиле кылбасын, ал тургай эң жакын тууганы болсо дагы.(1)
Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Сен Аллахка жана кыямат күнүнө ишенген коомдун арасынан Аллах менен Анын элчисине каршы чыккандарды дос кылып алганын таппайсың. Эгер алар аталары, балдары, ага-инилери, туугандары болсо дагы. Аллах мына ушулардын жүрөгүнө ыйманды жазып койгон, жана Өзүнөн болгон рух менен кубаттады. Аллах аларды алдынан дайралар агып турган бейиш бакчаларына киргизет. Ал жакта түбөлүккө калышат. Аллах алардан ыраазы. Алар Андан (Аллахтан) ыраазы. Ушулар мына Аллахтын тобу (жамааты), Акыйкатта, Аллахтын жактоочулары ийгиликке жетүүчүлөр"** (Куран 58:22).

Ширктен жана анын элдеринен баш тартуу:

**Жүрөк менен болот:**
Каапырларды жек көрүү, алардын салтанат-майрамдарын, өзгөчө, алардын ширкий амалдарын, бидааттарын жек көрүү.

**Тил менен болот:**
"Чындыгында, мен силердин сыйынган нерсеңерден баш тарттым" (Куран 43:26)
"Айт: Эй, каапырлар! Мен силер сыйынган нерселерге сыйынбаймын. Силер дагы мен сыйынган (Аллахка) сыйынбайсыңар. Дагы да, мен силер сыйынган нерселерге сыйынбаймын. Жана да силер мен сыйынган (Аллахка) сыйынбайсыңар. Силердин диниңер – өзүңөр үчүн, а менин диним – өзүм үчүн" (Куран 109:1-6)

**Дене мүчөлөрү менен болот:**
Каапырлардын салтанат-майрамдарына, ырым-жырымдарына катышпоо, алардын өзгөчөлүгү болгон кийимдерин кийип, аларга окшошпоо, же алардын көз караш-ишенимдери менен окшошпоо.

(1) **Маанилүү эскертүү:** Динибизде мусулман эместерге карата жакшы мамиле кылууга тыюу салынбайт, Аллах айткан: **"Диниңер үчүн силер менен согушпагандарга жана мекениңерден куул чыкпагандарга жакшылык кылууңарды жана аларга адилеттүү болууңарды Аллах тыюу салбайт. Акыйкатта, Аллах адилеттүүлөрдү сүйөт"** (Куран 60:8). Тескерисинче, аларга карата болгон адилеттүүлүк, жумшак жана жакшы өз ара катнаш алардын Исламга келүүсүнө себеп болушу мүмкүн, а ким эгерде бир адамдын Исламга келишине себеп болсо, ал өтө чоң соопко жетет. Каапырларга карата жакшы, адилеттүү мамиленин үлгүсүн биз үчүн эң сонун үлгү болгон Аллахтын элчиси ﷺ өзү көргөзүп кеткен. Улуу сахаба, пайгамбардын ﷺ шакирти Абдуллах ибн Амрдын үйүндө күндөрдүн биринде кой союлган эле, ошондо ал айтты: "Биздин иудей кошунабызга белек кылдыңарбы? Иудей кошунабызга белек кылдыңарбы? Мен Аллахтын элчиси ﷺ айтканын уккам: "Жебрейил (периште) мага кошуна тууралуу (ага жакшы мамиле кылууну) осуят кыла берди, жадакалса ал (кошуна) мураскор болот экен деп да ойлоп кеттим"" (хадисти ат-Тирмизи (1943) келтирген жана хасан деп атаган).

# 3. ТАУХИДДИ ҮЙРӨНҮҮНҮН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

**"Билгиниң,** Аллах сени Өзүнө баш ийүү жолуна багыттасын,
Ибрахим пайгамбардын дини бул Ханифия. Ал деген динди чын ыкластан жалгыз Аллахка гана арнап, бир гана Өзүнө ибадат кылуу. Аллах баардык адамдарга муну буюруп жана ушул максатта аларды жараткан. Аллах-Таала айтат: **"Жиндерди жана инсандарды (жалгыз) Мага ибадат кылуусу (сыйынусу) үчүн гана жараттым".** (Куран 51:56) (1)
"Ибадат кылуу (сыйынуу)" дегендин мааниси "(ибадатта) жалгыз кылуу".(2)
Аллахтын буйруктарынын эң улуусу бул Таухид: ал деген ибадатта Аллахты жалгыздоо. (3)
Ал эми эң улуу Аллахтын тыюу салган нерсеси бул Ширк: ал деген Аллах менен бирге башка бирөөгө сыйынуу (же дуа менен кайрылуу).
Буга далил: Аллах-Тааланын айтканы: **"Аллахка ибадат кылгыла жана Ага эч нерсени шерик кылып кошпогула".** (Куран 4:36)

(1)«аль-Ханифийа»

**Араб тилинде:** "Аль Ханф" сөзүнөн келип чыгат. Бир нерседен бурулууну же бир нерсеге оону, кыйшаюуну түшүндүрөт.

**Шариатта:** Ширктен качып Ыкластуулукка, Таухидке, Ыйманга умтулуунун дини. **"(Ибрахим) Аллахка багынган, ханиф болгон эле"** (Куран 16:120). Мааниси: Аллахка умтулган, ширктен жүз буруучу (кайтуучу). Ханиф - бул дайыма Таухидке кайтат, жана ширктен алыстайт.

(2) Бул жерде автор бизге "Эмне үчүн Таухидди үйрөнөбүз?" - деген суроого жоопту баяндап берди, буга чейин китептин башында анын маанилүүлүгү жөнүндө айтылган эле.

(3) Автор айтат: "Сыйынуу" дегендин мааниси "(ибадатта) жалгыз кылуу"

Бул пайгамбардын ﷺ сахабасы ибн Аббастын айткан сөзү:
*"Курандагы баардык ибадатка болгон буйруктан максат бул Таухид".*

Демек, **"Аллахка сыйынгыла!"** дегендин мааниси "жалгыз Аллахка гана ибадат кылгыла!".
**"Эй, адамдар, Роббиңерге сыйынгыла!"** - "Эй, адамдар, Роббиңерди ибадатта жалгыз кылгыла!"

## Ибадат деген эмне? Ибадаттын аныктамасы

**"Аллах-Таала жакшы көрүп, ыраазы болгон, ачык жана жашыруун (ички) баардык сөздөр менен амалдар - "ибадат" (сыйынуу) - деп аталат"** (Шейх аль-Ислам ибн Теймия)
Ибадаттын кайсы бир түрүн Аллахтан башкага арноо – Исламдан чыгара турган чоң ширк болот. Ибадаттын мисалдары жана түрлөрү боюнча китепте кийин кененирээк баяндалат.

# 4. ҮЧ НЕГИЗ

Эгерде **“Ар бир инсанга таанып-билүүгө парз болгон үч негиз кайсы?”** – деп сенден сураса, айткының: Пенденин
- Роббисин,
- динин,
- жана пайгамбарын

таанып-билүүсү.[1]

Эгерде сенден: **Роббиң ким?** -деп сураса, айткының: Роббим Аллах, ал мени жана баардык ааламдарды өз нээматтары менен багып, тарбиялап-өстүргөн. Ал менин сыйына турган кудайым жана менде андан башка сыйына турган эч бир кудайым жок. Далил Аллах-Тааланын сөзү: **"Ааламдардын Роббиси Аллахка мактоолор болсун"** (Куран 1:2)[2]

Аллахтан башкасынын баарысы ааламдар (болуп эсептелет), жана мен да ошол ааламдардын биримин[3]

[1] Автор кабырдагы үч суроо болгон, үч негизди атап өттү да жана окурман же угармандын кызыгуусун козгоо максатында суроо берип андан соң ага жооп берип баштады. (Суроо-жооп ыкмасын колдонду).

[2] Автор, биринчи негизге түшүнүк берип, ар-Робб бул Аллах жана жалгыз Ал ибадатка татыктуу экендигин баяндады, жана буга далил айтып өттү, ал Аллах-Тааланын сөзү:

**"Ааламдардын Роббиси Аллахка мактоолор болсун"** (Куран 1:2)

Демек, сиз сыйына турчу жалгыз кудай бул – Роббиңиз.

**"Ааламдардын Роббиси Аллахка мактоолор болсун"** (Куран 1:2)

Бул аят Таухиддин баардык үч түрүн өзүнө камтыйт:

- **"альХамду"** (баардык Мактоолор) Таухид альАсмаа васСыфатты тастыктоо
- **"Лилляхи"** (Аллахка) Таухид альУлухияны тастыктоо.
- **"Робб"** Таухид арРубубияны тастыктоо.

[3] Мааниси: Аллах-Тааладан башканын баарысы жаратылган болуп эсептелет, демек, мен дагы жаратылган болсом, анда сөзсүз нээматтары жана жакшылыктары менен мага кайрым кылган Жаратуучума (Роббиме) шүгүр кылууга милдеттүүмүн.

Эгерде сенден **“Роббиңди кантип тааныдың?”** –деп сураса,
Айткыныӊ: Аяттары (далилдери, белгилери) жана жараткан нерселери аркылуу. Аяттары: Күндүз жана түн, күн менен ай. Жараткан нерселери: Жети асман менен жети жер, жана алардын ичиндеги жана арасындагы (ортосундагы) баардык нерселер.

Далил Аллах-Таала айткан:
**"Күндүз жана түн, күн менен ай (бир гана) Анын аяттарынан (далилдери, белгилери). (Андыктан) Күнгө дагы айга дагы сажда кылбагыла (жүгүнбөгүлө), аларды жараткан Аллахка сажда кылгыла, эгерде Ага сыйына турган болсоңор"**
(Куран 41:37)

Жана айткан:
**"Чындыгында силердин Роббиңер Аллах,  Асмандар менен жерди алты күндө жаратып, кийин аршка көтөрүлдү. Күндүздү түн менен каптайт, ал болсо кайра эле тез артынан ээрчийт. Күн, ай, жылдыздар мунун баарысы Анын буйругуна багынат. Албетте жаратуу жана башкаруу Ага гана таандык. Берекелүү Аллах ааламдардын Раббиси."** (Куран 7:54)[1]

Робби - бул сыйынуучу зат.
Далил:
**"Эй, адамдар, силерди жана силерге чейинкилерди жараткан Роббиңерге сыйынгыла, мүмкүн такыба болоорсуңар. Силерге Ал жерди төшөп асманды курду. Асмандан суу жаадырып, ал менен силерге ырыскы кылып мөмө-жемиштерди өстүрдү. Ошондуктан, билип туруп Аллахка эч кимди теңдеш  (шерик) кылбагыла"** (Куран 2:21-22).[2]

Ибн Касир айткан: *"Ушунун баарысынын жаратуучусу - чыныгы Ал гана ибадатка татыктуу"* [3]

[1] Автор Аллахтын бар экендигин көрсөтүп турган, ааламдагы кээ - бир белгилерди жана жаратылган нерселерди эскерип баштады. Булар Аллахтан башка Робб, Жаратуучу жана сыйынууга татыктуу зат жок экендигин далилдейт. Андан соң автор буга Курандан далилдерди келтирди.

***Баардык жаратылган нерсе - бул Аллахтын бар экендигин көрсөтүп турган белги (аят, далил).***

Бирок бул жакта шейхуль Ислам Мухаммад ат-Тамими"белгилер" жана "жаратылган нерселер" деген  эки түшүнүктү айырмалап бөлдү, анткени "аят"(белги) бул өзгөрүүчү нерсе, мисалы күн жана түн сыяктуу. Жана өзгөрбөй турган нерсеге караганда өзгөрүп турган нерседе күчтүүрөөк далил бар.

[2] Бул альБакара сүрөсүнүн аяты. Аалымдар бул аят Курандагы эң биринчи кайрылууну камтыйт деп айтышкан:
"Эй, адамдар!"

Жана мында эң биринчи буйрук камтылган:
“Роббиңерге сыйынгыла (ибадат кылгыла)!" мааниси **“жалгыз кылгыла!”, "биркудайчылыкты (Таухидди) кармангыла!”**

Жана ошондой эле Курандагы биринчи тыюу, кайтаруу камтылган: "билип туруп эч кимди Ага теңдеш (шерик) кылбагыла!" - ширк кылуудан тыюу.

[3] **Мааниси:** Жаратууда, Башкарууда (Рубубияда) жалгыз болгон Затты сөзсүз ибадатта (сыйынууда) дагы жалгыздоо керек.

[1] Автор Ибн Касирдин сөзүнөн соң жүрөк жана дене мүчөлөрү менен аткарылуучу ибадаттардын түрлөрүн эскерип өттү жана ар бир амалга Курандан далилин келтирди.

**Дуа экиге бөлүнөт:**

| **Дуа-ибадат.** (дуа аль-ибада) | **Дуа-суранyy.** (дуа аль-масала) |
| --- | --- |
| Бул амал аркылуу суранып, кайрылуу, мисалы: намаз, орозо, ажылык.<br><br>Буларды аткарууда инсан тили менен сурабаса дагы, аткаруусу (амалдары, абалы) менен: "О Аллах, мени кечир! Мени оттон сакта!" - деген сыяктуу. | Бул сөздөр, тил менен суранып, кайрылуу.<br><br>Мисалы: "Роббим мени кечир, мага ырайым кыл!" |
| Булардын бирин Аллахтан башкага арноо чоң ширк. | Булардын өкүмү тереңирээк баяндоого муктаж, китепте кийин келет. |

Аллах аткарууга буйрук кылган **ибадаттын түрлөрү**: [1]
Ислам, Ыйман, Ихсан;
ошондой эле:
Дуа, коркуу (*аль-хауф*), үмүттөнүү (*ар-ража*), тобокел кылуу - таянуу (*ат-тауаккуль*), умтулуу (*ар-рагба*), коoптонуу (*ар-рахба*), багынуу менен коркуу (*аль-хушу*), илим менен коркуу (*аль-хашйа*), тообо-өкүнүч менен кайтуу (*аль-инаба*), жардам суроо (*аль-истиана*), коргоо тилөө (*аль-истиаза*), куткаруу тилөө (*аль-истигаса*), курмандык чалуу (*аз-забх*), убада (ант) берүү – милдеттенүү (*ан-назр*) жана башка Аллах буйрук кылган ибадаттардын түрлөрү - баарысы жалгыз Аллахка таандык (жалгыз Ага гана арналыш керек).

Буга далил Аллах-Тааланын сөзү:
**" Мечиттер бир гана Аллахка таандык (Ага гана сыйынуу үчүн), андыктан Ал менен бирге (Ага шерик кошуп) эч кимге сыйынбагыла!"** (Куран 72:18)

**Кимде ким ушулардын бирөөсүн Аллахтан башкага арнаган болсо - ал мушрик, каапыр.**

Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Ким Аллах менен бирге башка кудайга сыйынган (дуа кылган) болсо, буга эч бир далили жок болуп туруп, анын эсеп-кысабы Роббисинин алдында, Акыйкатта, каапырлар ийгиликке жетпейт."**
(Куран 23:117).

Хадисте келген:
"**Дуа** бул ибадаттын маңызы (башаты)"

Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Роббиңер айтты:**
**Мага дуа менен кайрылгыла, силерге жооп беремин. А ким мага ибадат кылуудан текеберленсе кор болгон абалда тозокко кирет."** (Куран 40:60).

## Дуа-сурануу экиге бөлүнөт:

**Аллахтан башка эч кимдин кудурети жетпеген нерсени суроо.**
Мындай дуа менен Аллахтан башка кимдир бирөөнө кайрылуу - ЧОҢ ШИРК болуп эсептелет. Мисалы: Бейиш суроо, бакыт, береке, ырыскы, шыпаа (айыгуу), перзент (бала), куткаруу, шапаат, колдоо ж.б. у.с. нерселерди Аллахтан башкадан суроо - чоң ширк.

**Инсандын колунан келген нерсени сурап, кайрылуу.**
Сурануунун бул түрү төмөнкү 4 шарт менен гана уруксат берилет:

Ал адамдын ТИРҮҮ болуусу.

Бул шарт өлүктөргө кайрылууну четке кагат.

Ал адамдын ЖАНЫНДА БАР болуусу.

Бул шарт жанында жок болгондорго кайрылууну четке кагат.

Ал адамдын, ошол сураныччты аткара тургудай, КҮЧ-КУБАТЫ бар болуусу.

Бул шарт жөндөмү жок болгонго (алсызга) кайрылууну четке чыгарат.

Ал адам жөн гана СЕБЕП - деген БЕКЕМ ИШЕНИМдин болуусу.

Ал эми, ким кайрылып жатканы боюнча: «бул Дүйнөдө кандайдыр бир жашыруун же кандайдыр бир өз алдынча башкарат; пайда алып келет, же зыяндан тосот» - деп ишенсе ширк кылган болот.

**Эскертүү:**

Биз амалдар боюнча гана өкүмдөрдү үйрөнүп жатабыз, ал эми адамдар боюнча өкүм чыгаруу - ал кишиге далил жеткизүүгө жана күмөндөрдү арылтууга муктаж. **Бир ишти кылган адам боюнча, ал мусулман же каапыр болгонун бир гана аалымдар өкүм чыгарат.**

## Адамдар себептерге болгон ишенимдери боюнча үч топко бөлүнөт:

**1. Аллах себеп кылганды себеп деп билишет.**

**Бул туура ишеним.**

**2.Аллах себеп кылбаганды себеп кылышат.**

**Бул кичине ширк.**

Мисалы: көз мончок, тумарлар, жиптер, таштар Аллахтан шыпаа, береке алып келет же булар аркылуу Аллах балээ-кырсыктан тосот деген ишенимдер.

**3.Себеп өзүнөн-өзү эле таасир этет, пайда алып келет же зыяндан тосот деп ишенишет .**

**Бул чоң ширк.**

Мисалы: көз мончок, тумарлар, жиптер, таштар өзүнөн өзү эле шыпаа, береке алып келет, балээден, оорудан сактайт деген ишенимдер.

**Шариаттык себеп.**

Мисалы: Шариаттык рукья (дем салуу), Аллах рукьяны оорудан айыгуунун себеби кылган.

**Көрүнүктүү (сезерлик) себеп.**

Мисалы: Дары-дармектер, Аллах-Таала аларды дагы айыгуунун себеби кылган.

"Дуа бул ибадаттын маңызы (башаты)" – бул даиф (алсыз, тастыкталбаган) хадис. **"Дуа бул ибадат"** – деген пайгамбардын ﷺ сөзү **сахих (тастыкталган).**

## Дуа (сурануу, кайрылуу) кандайча ибадат болот?

Төмөнкү аят буга далил:

وَقَالَ رَبُّكُمُ ٱدۡعُونِيٓ أَسۡتَجِبۡ لَكُمۡۚ إِنَّ ٱلَّذِينَ يَسۡتَكۡبِرُونَ عَنۡ عِبَادَتِي سَيَدۡخُلُونَ جَهَنَّمَ
دَاخِرِينَ ٦٠

**"Роббиңер айтты: Мага дуа менен кайрылгыла, силерге жооп беремин. А ким эгерде мага ибадат кылуудан текеберленсе - кор болгон абалда тозокко кирет."** (Куран 40:60)

"мага ибадат кылуудан" – деген Аллахтын сөзүнөн дуа бул ибадат экендигин түшүнөбүз.

**Коркуу *(аль-хауф)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Алардан коркпогула, Менден корккула, эгерде момун (мусулман) болсоңор!"** (Куран 3:175) [1]

**Үмүттөнүү *(ар-ража)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Ким Роббисине жолугууну үмүт кылса - жакшы (солих) амалдарды аткарсын жана ибадатында Роббисине эч кимди шерик кылбасын"** (Куран 18:110) [2]

[2] **Үмүт** –бул инсандын бир жеңил нерсеге жетүүгө болгон умтулуусу. Ал эми ага жетүү оор болсо, анда женилдетилүүсүн каалоо.

Моюн сунуу, багынууну камтыган үмүт жалгыз Аллахка гана таандык, Аллахтан башка бирөөгө муну арноо **- чоң ширк.**

Макталган (туура) үмүттөнүү бул:

- качан кимдир бирөө Аллахка **баш ийип**, Анын сообуна (сыйлыгына) **үмүт** кылса;

- же күнөөсүнөн **тообо кылып,** тообосунун кабыл болушуна **үмүттөнгөн болсо -** туура болот.

А эгерде жакшы (солих) **амал кылбай** эле туруп үмүттөнгөн болсо, бул бир гана **кыялдануу** жана **айыпталуучу каалоо** болуп эсептелет.

[1] **Коркуу** бул зыянга, азапка, кыйналууга же өлүмгө алып келе турчу бир нерсенин күтүлүшүнөн келип чыккан тынчсыздануу.

Аллах-Таала шайтандан жана анын жардамчыларынан коркууга тыюу салган жана жалгыз Өзүнөн гана коркууга буйруган.

## Коркуунун үч түрү бар:

**1. Ибадат болгон коркуу, бул таазим (улуктоо) менен бирге келүүчү жашыруун коркуу.**

Пенде кимге ибадат кылса ошого карата сезген коркуунун түрү.

Бул (коркуунун түрү) пенденин сыйынган кудайынын алдында өзүн-өзү кемсинтүү, багынуу жана улуктоо сезимдери менен бирге коштолот. Мындай коркууга жалгыз Аллах гана татыктуу, Андан башка бирөөгө арноо чоң ширк болуп эсептелет.

**2. Табигий коркуу.**

Бул адамдын оттон, душмандан, жырткычтан жана башка ушул сыяктуу нерселерден коркуусу. Буга шариатта уруксат берилген.

**3.Арам болгон коркунуч.**

Аллахтын мээриминен үмүтсүздөнүүгө алып келе турган коркунуч, же Жаратуучу тыйган нерседе жаратылгандан коркуп, ага баш ийүү.

[1] Тобокел кылуу - таянуу

*(ат-тауаккуль):*

*Тилдик мааниси:*

Бир нерсеге тобокел кылуу, б.а. ага таянуу, ишенүү.

*Шариаттык мааниси:*

Чыныгы, бекем ишеним менен Аллахка таяныпп тапшырылуу (ыктыярына берилүү), жана аны менен бирге сөзсүз шариатта уруксат берилген себептерди аткаруу.

Тобокел кылуунун (Аллахка таянуунун) үч шарты бар.

1. Чын ыкластан Аллахка таянуу.

2. Аллах убадасын сөзсүз аткарат деп Ага ишенип, ыктыярына берилүү (тапшырылуу).

3. Шариатта уруксат берилген себептерди аткаруу.

**Тобокел кылуу – таянуу (*ат-тауаккуль*)** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын айткан сөзү:

**"Жалгыз Аллахка гана тобокел кылгыла** (таянгыла), **эгерде момун** (мусулман) **болсоңор"** (Куран 5:23) [1]

Жана Аллахтын сөзү:

**"Ким Аллахка тобокел кылса** (таянса), **Ал ага жетиштүү"** (Куран 65:3)

**Умтулуу (*ар-рагба*)** [2], **кооптонуу (*ар-рахба*)** [3], **багынуу менен коркуу (*аль-хушу'*)** [4] мунун баарысы ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Чындыгында, алар жакшы иштерди аткарууга шашылышкан, умтулуу жана кооптонуу менен бирге Бизге дуа кылып кайрылышкан. Жана биздин алдыбызда** (багынуу менен) **коркуп турушкан"** (Куран 21:90)

[2] **Умтулуу** *(ар-рагба)* **-** бул көздөгөн (самаган) нерсеге жетүүгө болгон каалоо.

[3] **Кооптонуу** *(ар-рахба)* **-** бул адам эмнеден корксо ошондон алыстоого, качууга алып келүүчү коркунучтун түрү, демек, бул амал менен бирге коштолгон коркунуч.

[4] **Багынуу менен коркуу** *(аль-хушу')* **-** Аллахтын улуулугуна моюн сунуп, багынып, Анын шариаттагы жана дүнүйөдөгү чечимдерине (өкүмдөрүнө) баш ийүү.

✓ Аллах тарапка умтулуп жөнөп бараткан адам сөзсүз коркуу менен үмүттү өзүнө бириктирүүсү зарыл, эгерде бир сезим экинчиден үстөмдүк кылып кетсе бул адашууга алып барат.

Ошондуктан, куштун эки канаты сымал, сөзсүз коркуу менен үмүт, экөө тең бирге болуусу зарыл.

**Илимдин негизиндеги коркуу *(аль-хашйа)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Алардан коркпогула, Менден** (гана) **корккула!"** (Куран 2:150) (1)

**Тообо, өкүнүч менен кайтуу *(аль-инаба)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Роббиңерге кайткыла (тообо менен), жана Ага багынгыла (баш ийгиле)!"** (Куран 39:54) (2)

**Жардам суроо *(аль-исти'ана)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Жалгыз сага гана сыйынып, жалгыз Сенден гана жардам сурайбыз"** (Куран 1:5)

Жана хадис:
"Жардам сурасаң - Аллахтан сура" (3)

**Коргоо тилөө *(аль-исти'аза)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Айткының: Таңдын Роббисине коргоо тилеп кайрыламын"** (Куран 113:1)
Жана: **"Айткының: Адамдардын Роббисине коргоо тилеп кайрыламын"** (Куран 114:1) (4)

**Куткаруу тилөө *(аль-истигаса)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Силер Роббиңерден куткаруу тиледиңер, Ал силерге жооп берди"** (Куран 8:9) (5)

**Курмандык чалуу *(аз-забх)*** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Айткының: Акыйкатта, намазым да, курмандыгым да (же ибадатым), өмүрүм да, өлүмүм да Аллахка, ааламдардын Роббисине таандык, Анын эч бир шериги жок"** (Куран 6:162-163)

Жана сүннөттөн далил: "Аллахтан башкага курмандык чалганды Аллах каргады" (6)

(1) **Илимдин негизиндеги коркуу** *(аль-хашйа)* - бул кимден коркуп жаткан болсо, анын улуулугун жана толук үстөмдүк кылуучу экендигин билип коркуу.

(2) **Тообо менен кайтуу** *(аль-инаба)* - бул Аллах-Таалага тообо (өкүнүч) менен кайтып, ал менен бирге Анын буйруктарын аткаруу жана тыюуларынан алыстоо.
"Роббиңерге кайткыла" - мааниси: тообо менен кайткыла, "Ага багынгыла (баш ийгиле)" - мааниси: Аллахтын буйругун аткар, анткени сен пендесиң (кулсуң), кул болсо кожоюнуна (ээсине) баш ийүүгө милдеттүү, кожоюн болсо Аллах, пайгамбар ﷺ айткандай: "Кожоюн бул Аллах".

(3) **Жардам суроо** *(аль-исти'ана)* - жардам сурап кайрылуу, жалбаруу. "Жалгыз Сага ибадат кылабыз, жалгыз Сенден жардам сурайбыз" - бул Фатиха сүрөсүнүн аятында негизинен араб тилинде аягында келүүчү сөз алдыга чыкты ("наъбуду ийаака (сыйынабыз сага)" - "ийаака наъбуду (сага сыйынабыз)" - араб тилинде "ийаака" (сага) деген сөз этиштен кийин келет), жана сүйлөмдөгү орду ушундай алмашкан түрдө келген болсо "чектөө" маанисин берет (жалгыз сага гана), б.а. "Сага сыйынабыз, Сенден башка биз эч кимге сыйынбайбыз. Сенден жардам сурайбыз, Сенден башка эч кимден жардам сурабайбыз".

(4) **Коргоо тилөө** *(аль-исти'аза)* - сактоо, коргоо, колдоо тилеп жалбаруу, б.а. күтүлүүчү бир жамандыктан сактоону тилөө. "Коргоо тилеп кайрыламын" - мааниси: сактоо, колдоо издеп кайрыламын"

(5) **Куткаруу тилөө** *(аль-истигаса)* - балээ-кырсыктан, башка түшкөн кыйынчылыктан куткаруу тилеп кайрылуу.

(6) **Курмандык чалуу** *(аз-забх)* – кандайдыр бир (белгилүү) ыкма (жол) менен мал союу.

## Курмандык чалуунун үч түрү бар:

**1. Аллах үчүн курмандык чалуу.**

Ажылыкта, Курман айтта мал союу же садака катары курмандык чалуу.

**2. Аллахтан бөлөк башка бирөөгө арнап союу. Сүйүү жана таазим менен бирге.**

Жиндерге же арбактарга арнап курмандык чалуу. Бул чоң ширк болуп эсептелет.

**3. Уруксат берилген мал союу (мубах).**

Тамактануу, конок тосуу, соода-сатык максатында.

**Эскертүү:** Курмандык чалуу маселеси "Китаб атТаухид" аттуу китепте толук баяндалат, Аллахтын колдоосу менен.

**Жардам суроо, коргоо тилөө, куткаруу тилөө, шапаат суроо**, мунун баарысын башка адамдардан (жаратылгандардан) алардын кудурети жеткен иштерде сураса болот, бирок шарттар менен: **- тирүү болуусу, жанында (көз алдында, бар) болуусу, алы жетүүсү (жарамдуу, жөндөмдүү болуусу).**

(1) Убада (ант) берүү *(«ан-назр»):*

*Тилдеги мааниси:* Милдеттенүү.

*Шариаттык мааниси:* Адам парз болбогон бир ишти өзүнө парз кылуусу, милдеттенүүсү.

**Убада (ант) берүү – милдеттенүү (ан-назр)** ибадат экендигине далил Аллах-Тааланын сөзү:

**"Алар убадаларын аткарышып, жамандыгы жайылган күндөн коркушат"** (Куран 76:7) (1)

**Эскертүү:** Убаданын түрлөрү, шарттары жана аткарылбаган убада кантип кечирилет, мунун баарысы, Аллахтын колдоосу менен, "Китаб атТаухид" аттуу китепте толугу менен келет.

### Убаданын (анттын) түрлөрү:

- **Аллах үчүн убада (ант) - ибадат**
- **Аллахтан башка бирөө үчүн убада (ант) - ширк**

Китептин автору бул ибадаттын түрлөрүн эскерип, ушулар менен эле чектелет деген максатта эмес, мисалдар катары эле атап өттү, анткени, ибадаттын дагы башка бул жакта айтылбаган түлөрү көп.

**Ким эгерде ушул ибадаттардын кайсы бир түрүн Аллахтан бөлөк башка бирөөгө арнаган болсо - ал ширк кылган болот.**

**Экинчи негиз:** Ислам динин далилдери менен таануу.

Ислам - бул Аллахка Таухиддин негизинде багынуу, Ага баш ийип моюн сунуу жана ширктен жана мушриктерден баш тартуу.

Үч даражасы бар:
Ислам, Ыйман, Ихсан.
Жана ар бир даражанын түркүктөрү бар.

**Биринчи даража:**
Ислам. (1)

Исламдын беш түркүгү бар:
1) "Ла илааха иллАллах, Мухаммадун расулуллах" (Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок (2) , жана Мухаммад Аллахтын элчиси) - деп күбөлүк берүү.
2) Намазды тургузуу.
3) Зекет берүү.
4) Рамазан айында орозо тутуу.
5) Аллахтын үйүнө ажылык кылуу.

(1) Пенде өзүнүн динин таануусу - бул экинчи негиз, автор буга киришип, Исламдын аныктамасын баяндады:

**БИРИНЧИ ДАРАЖА: ИСЛАМ**

**Ислам - бул Аллахка Таухиддин негизинде багынуу, Ага баш ийип моюн сунуу жана ширктен жана мушриктерден баш тартуу.**

Бул Исламдын аныктамасы: Пенде Аллахтын буйругуна моюн сунууга милдеттүү. Кул өзүнүн кожоюнуна баш ийүүгө милдеттүү болгон сыяктуу. Пайгамбарыбыз ﷺ айткандай, Кожоюн бул Аллах.

**Жана андан соң динди үчкө бөлдү:**

| Ислам | Ыйман | Ихсан |
|---|---|---|

(2) **Исламдын беш түркүгү бар.**

***Биринчиси: "Шахада" күбөлүк берүү.***

Автор **«Ля иляха илля Ллах»** күбөлүктүн далилин келтирип, маанисин түшүндүрдү:

**"Аллахтан башка сыйынууга чыныгы татыктуу эч бир кудай жок"**

.

"Шахада" күбөлүк сөзсүз эки нерсени камтуусу зарыл:

| Жокко чыгаруу *(ан-Нафи)* | Тастыктоо *(аль-Исбат)* |
|---|---|

Жокко чыгаруу: **"Сыйынууга татыктуу кудай жок" (ла илааха)** – деген күбөлүктүн бөлүгүндө камтылган.

Тастыктоо: **"Аллахтан башка" (иллАллах)** – деген бөлүгүндө.

Мындай түзүлүш жокко чыгарууну жана тастыктоону өзүнө камтыйт. Ибадатты жалгыз Аллахка чектеп, жана Ага гана тастыктоо, жана Аллахтан башка баарысынын сыйынууга акысын жокко чыгаруу.

Ошондуктан автор айтты:

"Бул сөздөрдүн маанисин Аллах-Тааланын сөзү баяндайт:

**"Мына Ибрахим атасына жана коомуна айтты: Чындыгында, мен силер сыйынгандардын баарысынан баш тартамын, мени жараткандан башка". (43:26-27)**

**"силер сыйынгандардын баарысынан баш тартамын" - ла илааха (Сыйынууга татыктуу кудай жок).**

**"мени жаратқандан башка" - иллАллах (Аллахтан башка)**

Күбөлүктүн "шахада" далили бул Аллах-Тааланын сөзү:

**"Аллах күбөлүк берди, Андан башка сыйынууга татыктуу зат жок экендигине. Периштелер жана илим ээлери дагы (күбөлүк беришти). Ал (Аллах) адилеттүүлүктү орнотуучу. Андан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Ал Кудуреттүү, Даанышман"** (Куран 3:18)

Мааниси: *"Аллахтан башка эч бир сыйынууга чыныгы татыктуу зат жок"*

"Сыйынууга татыктуу зат жок"(Ла илааха) - Аллахтан башка кимге гана ибадат кылынбасын, баарысын жокко чыгаруу.

"Аллахтан башка" (иллАллах) - жалгыз Аллахка гана сыйынуу керек экендигин ырастоо, Ага эч бир шерик кошпой. Жаратуу-башкарууда Анын эч бир шериги жок болгондой эле.

Бул сөздөрдүн маансин баяндоочу - бул Аллах-Тааланын сөзү:

**"Мына Ибрахим атасына жана коомуна айтты: "Чындыгында, мен силер сыйынгандардын баарысынан баш тартамын, мени жараткандан башка. Акыйкатта, Ал мени туура жолго салат". Бул сөздү (Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок күбөлүгүн) урпактарына да калтырды, балким алар (ушуга) кайра кайтышаар"**
(Куран 43:26-28)

Жана Аллах-Тааланын сөзү:

**"Айт: Эй, китеп ээлери (христиан, иудейлер)! Силер менен биздин ортобузда болгон бир сөзгө келели: “Аллахтан башка эч кимге сыйынбайлы да, Ага эч кимди шерик кылбайлы! Жана бири бирибизди өзүбүзгө Аллахтан башка кудай кылып албайлы!” Эгерде алар баш тартса “Биздин мусулмандыгыбызга күбө болгула!” - деп айткыла!"**

(Куран 3:64) (1)

✔ **Эгерде кимдир бирөө айтса:**

**"Ла илааха иллАллах" мунун мааниси: "Аллахтан башка сыйынылуучу зат жок".**

Айтабыз:

Бул туура эмес. Анткени, бул сөздөр аркылуу Аллахтан башкаларга сыйынуу туура деп тастыкталып калат.

Бирок эгерде "сыйынууга татыктуу" - деп айтса, анда ал Аллахтан башка сыйынуучу кудайларга, баарысына каапыр болот жана **чыныгы сыйынууга татыктуу кудай бул жалгыз Аллах** экендигин тастыктаган болот.

✔ **Эгерде кимдир бирөө айтса:**

**"Ла илааха иллАллах" мааниси: “Аллахтан башка Жаратуучу, Башкаруучу жок”**

Айтабыз:

Бул өзү туура сөз, бирок бул "Ла илааха иллАллах" келименин мааниси эмес. Бул бир гана Аллахтын рубубиятындагы (жаратуу, башкаруу, ырыскы берүүдөгү) жалгыздыгын тастыктоо, муну аларга пайгамбар ﷺ келген каапырлар деле тастыктап билишкен, бирок бир эле бул ишенимдери (Аллах бар, Ал жалгыз Жаратуучу, Башкаруучу, ырыскы берүүчү деген) аларды Исламга киргизбеди.

(1) **"Айт: Ээ, китеп ээлери (христиан, иудейлер)! Силер менен биздин ортобузда болгон бир сөзгө келели"** - бул Куран аяты диндердин биригишин, жакындашуусун жалган, адашуу экендигин далилдейт.

[1] «Мухаммад расулуЛлах» (Мухаммад Алланын элчиси) – бул күбөлүктүн далили катары автор Курандан аят келтирди. Аллах-Таала бул аяттын маанисин үч тастыктоо менен күчөткөн:
- көмүскөдө болгон касам
- "лам" тамгасы
- "код" деген сөз.

[2] Автор Мухаммад расулуЛлах күбөлүктүн маанисин түшүндүрдү. Ар бир мусулман эркек жана аял бул күбөлүктү иш жүзүнө ашыруу үчүн сөзсүз:

- Буйруктарына баш ийүү керек,

- Кабарларын тастыктоо керек,

- Тыйган жана токтоткон иштерден алыстап,

- Жана Аллахка бир гана ал уруксат берип, баяндап кеткендей сыйынуу керек.

"Мухаммад расулуЛлах" (Мухаммад Алланын элчиси) күбөлүгүнүн далили Аллахтын сөзү: **"Чындыгында, өз араңардан силерге элчи келди. Кыйналганыңар ага оор келет. Силер үчүн ал өтө камкор. Момундарга кайрымдуу, боорукер"** (Куран 9:128). [1]

"Мухаммад расулуЛлах" бул күбөлүктүн мааниси:
- буйруктарына баш ийүү,
- кабарларын тастыктоо,
- тыйган жана токтоткон иштерден алыстоо,
- жана бир гана ал уруксат берип, баяндап кеткендей Аллахка сыйынуу.[2]

Мухаммад расулуЛлах (**Мухаммад Аллахтын элчиси**) күбөлүгүнүн мааниси:
"Ал пенде, ага сыйынган болбойт,
жана ал (Аллахтан) элчи, аны жалганга чыгаруу болбойт":

**Баардык буйруктарына моюн сунабыз.**

Анткени, ал Аллахтан жеткирүүчү.

**Баардык кабарларын тастыктайбыз**

Анткени, ал чынчыл, ишеничтүү.

**Тыйган жана токтоткон иштерден алыстайбыз.**

Мааниси: Ал тыйган иштер бир тарапта болуп, биз таптакыр башка алыскы тарапта болгудай алысташыбыз керек.

**Пайгамбардан келгендей гана Аллахка сыйынуу.**

Мында динге жаңылыктарды киргизүүчүлөргө каршы далил жана алардын иштерин жокко чыгаруу бар.

Намаз менен зекеттин далили жана Таухидди баяндаган аят бул Аллах-Тааланын сөзү:
**"Чын ыкластан Аллахка сыйынуу, динди таза, бекем кармап, ханиф болуп; намазды тургузуу жана зекет берүү (ушулар) гана аларга буйрулган эле. Мына ушул гана чыныгы туура дин"** (Куран 98:5) (1)

Орозо тутуунун далили бул Аллах-Тааланын сөзү:
**"Эй, ыйман келтирген пенделер! Силерден мурдагыларга буйрулгандай эле, силерге да орозо кармоо буйрулду, балким, такыба болосуңар"**
(Куран 2:183) (2)

Ажылыктын далили Аллах-Тааланын сөзү:
**"Жолду басып өткөнгө мүмкүнчүлүгү жеткендерге Аллах үчүн үйгө (Каабага) ажылык кылуу милдети жүктөлдү. А ким каапыр болсо, Аллах ааламдарга (адамдарга) муктаж эмес"**
(Куран 3:97) (3)

(1) Экинчи түркүк: Намазды тургузуу.
Намаз - бул кайсы бир белгилүү сөздөр жана амалдар аркылуу Аллахка сыйынуу, "такбир"(Аллаху акбар) сөзү менен башталып, "таслим"(салам берүү) менен аяктайт.
Намаз бул диндин негизи (таянычы).
Пайгамбарыбыз асманга көтөрүлөөрү менен Аллах-Таала ага намазды парз кылган.

Үчүнчү түркүк: Зекет берүү.
Тилдеги мааниси: көбөйтүү жана тазартуу.
Эки түрдүү болот: дене зекети жана мал-мүлк зекети.

(2) Төртүнчү түркүк: Рамазан айында орозо тутуу.
Тилдеги мааниси: кармануу.
Шариаттык мааниси: Таңдан баштап кечке чейин Аллахка ибадат кылуу максатта орозону буза турган нерселерден сактануу, кармануу.
Орозо бул эң жакшы ибадаттардын түрлөрүнө кирет, анткени мында сабырдуулуктун баардык үч түрү тең камтылган. Жана бул ибадаттын улуу даражасы себептүү - Аллах-Таала мунун сообун, сыйлыгын Өзүм берем деген.

(3) Бешинчи түркүк: Ажылык.
Тилдеги мааниси: умтулуу, бир жакка карап максат алуу.
Шариаттык мааниси: Аллахтан тандалган пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүнө ылайык бир белгилүү ибадаттарды аткарып Аллах-Таалага сыйынуу.
Бул ар бир мусулман үчүн өмүрүндө бир жолу аткаруу парз болуп эсептелет.

## ЭКИНЧИ ДАРАЖА: ЫЙМАН

*Тилдеги мааниси:*
Ишенүү, ынануу, тастыктоо.

*Шариаттык мааниси:*
Тил менен айтылган **сөздөр**, жүрөктөгү **ишенимдер** жана дене мүчөлөрү менен кылынган **амалдар**. Ыйман Аллахка моюн сунуу аркылуу **көбөйүп**, жана күнөөлөр аркылуу **азайып** турат.

**Ыйман** шариаттык маанисине карай сөзсүз беш нерсени өзүнө камтуусу керек (Ыйман бул сөз, ишеним, амал, көбөйөт жана азаят).

Эгерде булардын бирөөсү эле жок болуп калса, анда бул ахлю сунна валь джамаанын түшүнүгүндөгү ыймандын аныктамасынан чыгып калат.

Бул беш нерсенин далили кайсы?
Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:
"(Ыймандын бутактарынын) Эң улуусу “Ла илааха иллАллах” (Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок) сөзү"
- бул сөздөрдүн далили.

"Эң төмөнкүсү - зыян алып келүүчү нерсени жолдон алып коюу"
- бул болсо дене мүчөлөрү менен кылынган амалдарга далил.

"Уялчаактык..." - жүрөк амалдарына далил.

Экинчи даража: Ыйман.

Жетимиштен ашуун бутактары бар. Эң улуусу – “Ла илааха иллАллах” сөзү, эң төмөнкүсү - зыян алып келүүчү нерсени жолдон алып коюу, жана ошондой эле уялчаактык - ыймандын бутактарынын бир бутагы.

Ыймандын алты түркүгү бар:
- Аллахка ыйман келтирүү,
- Периштелерине,
- Китептерине,
- Элчилерине,
- Кыямат күнгө (акыретке),
- жана тагдырга, анын жакшылык-жамандыгы менен бирге.

Бул алты түркүктүн далили Аллах-Тааланын сөзү:
**"Такыбалык (жакшылык) жүзүңөрдү чыгышка же батышка бурууда эмес, жок, чыныгы такыба (жакшы) адам ошол, ким Аллахка, кыямат (акырет) күнгө, периштелерге, китептерге, пайгамбарларга ыйман келтирген болсо"**
(Куран 2:177)

Тагдырга ыйман келтирүүнүн далили Аллах-Тааланын сөзү:
**"Чындыгында, баардык нерсени тагдырга ылайык жараттык"** (Куран 54:49).

Аллах-Тааланын сөзү:
**"Кимиңердин ыйманын бул көбөйттү?"**
- бул аят Ыйман көтөрүлөт экендигине далил, ал эми көбөйүп турууч нерсе сөзсүз азайып да турат.

Ошондой эле адамдын динчилдигинин жетишпес боло тургандыгы боюнча пайгамбарыбыздын ﷺ сөзүндө да келген:
"Акылы жана динчилдиги кем болгон булардан башка эч кимди көрбөдүм..."
- демек, адамдын динчилдиги азайып турат.

## Ыймандын алты түркүгү бар:

- Аллахка ыйман келтирүү
- Периштелерге ыйман келтирүү
- Китептерге ыйман келтирүү
- Элчилерге ыйман келтирүү
- Акырет (кыямат) күнгө ыйман келтирүү
- Тагдырга жакшылык-жамандыгы менен бирге ыйман келтирүү

## Биринчи түркүк: Аллахка ыйман келтирүү төрт нерсени сөзсүз түрдө талап кылат:

1. Аллах-Таала **бар экендигине** ыйман келтирүү.

   Бул төрт жактан далилденет:

2. Аллах-Тааланын **Рубубиясына** ыйман келтирүү.

   Жаратуу, башкаруу, ырыскы берүүдө жалгыз экендигине.

3. Аллах-Тааланын **Улухиясына** ыйман келтирүү.

   Аллах гана жалгыз сыйынууга татыктуу экендигине.

4. Аллах-Тааланын **ысым-сапаттарындагы Таухидине** (жалгыздыгына) ыйман келтирүү.

### АКЫЛ АРКЫЛУУ:

Туура, бузулбаган, соо акыл эс баардык жаратылыш Жаратуучусуз болуу мүмкүн эмес деп эсептейт.

**"Алар эч нерсесиз эле (Жаратуучусуз) жаралышканбы, же алар өздөрү жаратуучуларбы?! Же асмандар менен жерди эмне, алар жаратышканбы?! Жок, алар ишенишпейт!"** (Куран 52:35)

### СЕЗИМДЕР АРКЫЛУУ:

Качан сага бир балээ же кыйынчылык келсе, эки колуңду асманга көтөрүп: "Оо, Аллах, оо, Кудай" - деп айтасың, жана андан соң бул кайгы-капа өтүп кеткенин сезесиң.

### АДАМДЫН (ТУБАСА) ТАБИЯТЫ АРКЫЛУУ (ФИТРА):

"Ар бир адам тубаса табиятта (туура ишенимде) төрөлөт, андан кийин гана ата-энеси аны христиан, иудей же мажусий (отко сыйынуучу) кылат" (хадис)

Фитра –бул адамдын тубаса Исламга, Аллахтын жалгыз экендигине болгон жакындыгы.

### ШАРИАТ АРКЫЛУУ:

Имам Ибн аль Кайим айткан: *"Курандын кайсы бир аяты болбосун, анда сөзсүз Аллахтын жалгыздыгына (Таухидине) далил бар"*

## Экинчи түркүк: Периштелерге ыйман келтирүү

Периштелер - бул көзгө көрүнбөгөн аалам. Аллах аларды нурдан жараткан. Аллахка ар дайым баш ийип, эч качан күнөө кылышпайт.
Алардын рухтары (жандары) бар:
**"Касиеттүү (Ыйык) Рух"** (Куран 2:87) (б.а. Жибрил периште),
Денелери бар:
**" Эки, үч, төрт канаттуу периштелерди элчи кылган, Аллахка мактоолор! Ал Жаратууда каалаганын көбөйтөт"** (Куран 35:1),
Акылдары жана жүрөктөрү бар:
**"Качан алардын жүрөктөрүнөн коркунуч кайткан соң "Роббиңер эмне деди?" –деп айтышат"** (Куран 34:23).
Биз аларга ыйман келтиребиз, ошондой эле Аллах бизге кабарлаган алардын ысымдарына (мисалы: Жибрил, Микаил, Исрафил) жана сыпаттарына ыйман келтиребиз:
**"Аллахтын буйруктарынан алар эч кайтышпайт жана эмне буйрук берсе баарысын толук аткарышат"** (Куран 66:6),
Ошондой эле алардын иштерине (Аршты көтөрүп тургандары сыяктуу), жана башка алар тууралуу келген кабарларга, жалпысынан да, майда-чүйдөсүнөн бери да, баарысына толугу менен ыйман келтиребиз.

## Үчүнчү түркүк: Китептерге ыйман келтирүү

Алар Аллахтын сөзү деп ыйман келтиребиз, чыныгы анык сөз, каймана маанисиндеги сөз (метафора) эмес. Алар түшүрүлгөн, жаратылган эмес. Ар бир элчи менен бирге Аллах-Таала китеп түшүргөн. Баарысына ыйман келтиребиз, жана Аллах-Таала кабарлап берген алардын ысымдарына, кабарларына, өкүмдөрүнө, жалпысынан да, майда-чүйдөсүнөн бери да. Ошондой эле, Куран баардык ага чейинки китептерди жойгон деп ыйман келтиребиз, алар: Тоорат, Инжил, Забур, Ибрахимдин жана Мусанын китептери (Аларга Алланын саламы болсун!).

## Төртүнчү түркүк: Элчилерге ыйман келтирүү

Алар адамдар болгон, эч кандай аларда Рубубиялык (Жаратуу, Башкаруу, Ырыскы берүү) өзгөчөлүктөрү болгон эмес - деп ыйман келтирүүгө милдеттүүбүз. Жана алар пенделер (Аллахтын кулдары) болгон, аларга сыйынуу болбойт. Аллах аларды элчи катары жөнөтүп, аларга вахий (Аллахтан кабар, ачылыш) түшүрүп, аяттар (белгилер) менен бекемдеген. Элчилер моюндарына жүктөлгөн аманатты толук аткарышты, элдерге чын жүрөктөн мамиле кылып, акыйкатты жеткиришти, жана Аллахтын жолундагы баардык аракет менен чыныгы күрөшүүнү көрсөтүштү. Аларга, жана Аллах-Таала айтып берген алардын ысымдарына, сапаттарына жана кабарларына, жалпысынан да, майда-чүйдөсүнөн бери да толугу менен ыйман келтиребиз.
Эң биринчи пайгамбар – Адам, эң биринчи элчи - Нух, эң акыркы пайгамбар жана элчи – Мухаммад ﷺ.
"Улул Азм" Кайраттуулук ээлери болгон элчилерден бешөө.
Аш Шура жана Аль Ахзаб сүрөлөрүндө эскерилген:
Мухаммад, Нух, Ибрахим, Муса, Иса. (Алардын баарына Алланын саламы болсун!)

## Бешинчи түркүк: Акырет (кыямат) күнүнө ыйман келтирүү

Пайгамбарыбыз ﷺ өлүмдөн кийин эмне болоорун кабарлаган болсо, анын баарысына ыйман келтирүүнү камтыйт: кабырдагы сыноо, сурнай тартылуусу, адамдардын кабырдан туруусу (чыгуусу), таразалар, амал китептер, Сырот көпүрөсү, көлмө, шапаат, бейиш, тозок, момун мусулмандардын акыретте Роббисин көрүүсү жана башка кайып нерселер. Мунун баарысына ыйман келтирип, эч бир шектенбей ишенүүгө милдеттүүбүз.

## Алтынчы түркүк: Тагдырга жакшылык-жамандыгы менен бирге ыйман келтирүү.

Ыймандын бул түркүгү сөзсүз түрдө төрт нерсени өзүнө камтыйт:

| Илим | Жазуу | Каалоо | Жаратуу |
|---|---|---|---|
| Аллах-Таала баардык нерсени жалпысынан да, майда-чүйдөсүнөн бери да билүүчү деп ыйман келтирүү. | Аллах-Таала баардык жаратылгандардын кыяматка чейинки тагдырын жазган деп ыйман келтирүү. | Аллах-Таала каалаган нерсе болот, каалабаган нерсе болбойт, жана пенденин да эрки (ыктыяры) бар, бирок анын каалоосу Аллах-Тааланын каалоосунан ары чыкпайт деп ыйман келтирүү. | Пенде, анын амалдары, жана башка нерселердин баарысы жаратылган деп ыйман келтирүү. Далил: **"Аллах баардык нерсенин жаратуучусу"** (Куран 13:16) жана: **"Аллах силерди да, амалдарыңарды да жаратты"** (Куран 37:96) |

Бул төрт даража акындын төмөнкү саптарында жыйналган:

*"Аллахтын **илими**, тагдырга **жазуусу**,*
*Биздин Колдоочубуз, жана Анын **каалоосу**.*
***Жаратуусу** - жоктон бар кылып,*
*Эң сонун түзүлүш берүүсү..."*

**Үчүнчү даража: Ихсан.**
Бул диндин эң бийик даражасы,
бир түркүгү бар
жана мунун эки деңгээли бар:

**Көрүп тургандай сыйынуу**

*«’ибадату аль-мушахада»*

Аллах-Тааладагы нерсени көксөп, сүйүү жана умтулуу менен коштолгон ибадат.

Мунун мисалы пайгамбар-элчилердин ибадаттары. Бирок башкалар дагы бул даражага жетиши мүмкүн.

**Көзөмөлдөө, байкоо даражасындагы сыйынуу**

*«’ибадату аль-муракаба»*

Аллахтан коркуу жана Анын азабынан качууга негизделген ибадат. Мусулманда жок дегенде ушул эң төмөнкү даража болуусу зарыл.

Үчүнчү даража: Ихсан.

Бир түркүгү бар:
Аллахка Аны көрүп тургандай сыйынуу, эгер көрө албасаң, чындыгында, Ал сени көрүп турат (деп билүү).
Далил Аллах-Тааланын сөзү:
**"Аллах такыбалар жана жакшылык кылуучулар менен бирге"** (Куран 16:128)

Ошондой эле Аллах-Таала айткан:
**"Кудуреттүү, Ырайымдуута тобокел кыл! (Намазда) турганыңда Ал сени көрүп турат. Сажда кылуучулардын арасында кыймылдарыңды да көрөт. Ал чынында Угуучу, Билүүчү"** (Куран 26:217-220)

Жана Аллах-Таала айткан:
**"Кандай гана абалда болбогула, Курандан эмнени гана окубагыла, кандай гана иш жасабагыла - биз силерди ошол иш менен алек болгонуңарга башынан баштап Күбө болуп турабыз"** (Куран 10:61)

*Эскертүү:*

Ким эгерде бул даражада болсо, ал адамда бир гана Аллахка болгон сүйүү бар, коркуу жок деген мааниде эмес. Мунун мааниси: Аллахка сыйынууга пенденин эң чоң түрткү болгон нерсеси – бул анын Аллахка болгон сүйүүсү.

Пайгамбарыбыз ﷺ айткандай:

*«Шүгүр келтирүүчү пенде болбоймунбу?!»*

Сүннөттөн далил - Умар ибн алХаттабтын (Аллах андан ыраазы болсун) Жебрейил периштенин келиши тууралуу белгилүү хадиси: "Күндөрдүн биринде биз Алланын элчиси ﷺ менен бирге отургандбыз, алдыбызда укмуштуудай аппак кийимчен, капкара чачтуу бир адам пайда болду. Узак сапардан келгенинин изи да жок, аны эч кимибиз да таанбайт элек. Бизге жакындап келип, пайгамбардын ﷺ маңдайына отуруп, тизесине тизесин тийиштирип, алаканын санына коюп: «О Мухаммад, мага ислам тууралуу айтып берчи!" – деди.

Алланын элчиси ﷺ айтты: *"Ислам – "Алладан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Мухаммад Алланын элчиси" - деп күбөлүк бергениң, намаз окуганың, зекет бергениң, Рамазан айында орозо тутканың жана колуңдан келсе, Алланын үйүнө ажылыкка барууң."

Тиги адам айтат: "Сен чындыкты айттың". Биз анын суроо берип, кайра өзү тастыктап жатканына таң калдык. Анан ал: "Мага ыйман тууралуу айтып берчи!" - деди.

Пайгамбар ﷺ айтты: "Сен Аллага ыйман келтиргениң, Анын периштелерине, китептерине, элчилерине, акыр кыяматка, жана тагдырга анын жакшылык-жамандыгы менен бирге ыйман келтиргениң." Анда тиги киши: "Мага Ихсан тууралуу айтып берчи!" - дейт. Пайгамбар ﷺ айтат: "Сен Алланы көзүң менен көрүп тургандай сыйынышың керек, эгерде көрбөсөң, чындыгында, Ал сени көрүп турат". "Эми Саат (Сурак күнү) жөнүндө айтчы!" Пайгамбар ﷺ: "Ал тууралуу суралган адам сураган адамдан көп билбейт". "Анда анын белгилери жөнүндө айтсаң!* - дейт тиги адам. Пайгамбар ﷺ айтат: "Күң аял өзүнө кожойке төрөйт; жана жылаңач, жылаңаяк кедей койчулар бири - бири менен бийик үйлөрдү жарышып сала баштаашат ". Ушундан улам ал кетип калат. Бир топ убакыт өткөн соң, пайгамбар ﷺ айтат: "Ээ Умар, сен суроо берген ким экенин билесиңби?" Мен: "Аллах жана анын элчиси билет" - дедим. Пайгамбар ﷺ айтты: "Бул Жебрейил (периште), силерге өзүңөрдүн диниңерди үйрөтүш үчүн келген".

Бул хадис Исламдын, Ыймандын, Ихсандын түркүктөрүнө далил

Пайгамбардын ﷺ сөзү: "Суралган адам сураган адамдан көп билбейт " ал ﷺ Сааттын (Кыямат күнүнүн) болоор күнүн билбейт экендигин көрсөтөт. Кыяматтын качан болоорун Аллахтан башка эч ким билбейт.

**Элчинин ﷺ сөзү:**

**"Күң аял өзүнө кожойке төрөйт".**

Ата –энеге баш ийбестиктин көбөйүүсү.

Кулчулуктун көбөйүүсү.

Абалдын толук өзгөрүлүүсү.

Кожоюн олжого келген кул аялга үйлөнөт, ал ага уул төрөп берет. Ал бала атасынын көзү өткөн соң, мураскору болуп кул болгон өз энесине кожоюн болуп калат.

*«Анан сен жылаңаяк, жылаңач, үй - жайсыз кедей адамдарды көрөсүң»*

*«кедей»* - муктаж болгон, жарды адамдар .

*«Бийик үйлөрдү бири-биринен жарышып сала баштаашат»:* т.а. абал толугу менен өзгөрүп кедейлер дагы эсепсиз бай болушат.

## Жебрейилдин, ага Алланын саламы болсун, хадисинен алынган пайдалар

1. Илим алуучу адамга алты укукту сактоо милдети жүктөлгөн: өзүнө (напсисине) карата болгон акысы, өзүнүн шейхине (устазына), окуп жаткан жайларына, чогуу окуган досторуна, окуган китебине жана алып жаткан илимине карата.

**- Өзүнүн (напсисине болгон) акысы:** Илим алуу - бул ибадат, сыйынуу (Аллага чын ыкластуулук жана сүннөттү ээрчүү).
Туура жолдо болуучу саляфтарды (алгачкы доордогу мусулмандарды) жолдогон адам бол, Алладан корк, Ал сени көрүп тураарын дайым эсиңен чыгарба, менменсинүүнү (көйрөңдүктү) таштап, жөнөкөй, оор басырыктуу бол.
Ошондой эле, азга каниет кыл, аскетизм жана илимдин сулуулугу менен өзүңдү кооздо, эркектик сапаттарга жетишүүгө умтул, ооз көптүрүп, пайдасыз сүйлөп жаткан жерлерден алыста, жыргалчылык сүрүп, кумарданып, ыгы жок дүнүйө чачуудан сактан!

Бирөөгө жакшылык каалаган, боорукер, жумшак, кайрымдуу адам бол! Илим алууда чыдамдуу, туруктуу болуп, алып жаткан илимдин тактыгын билип, ырастоого дайыма умтул!

Талыкпай, кызыгуу жана аракет менен илим алууга, ал үчүн сапарга чыгууга, жазып сактоого жана эске тутуп, жаттоого көңүл буруп, напсиңди көндүр! Негизги жана экинчи даражадагы маселелерди түшүнүп, айырмалай бил! Алладан жардам сура, илимге тиешелүү аманатты сактап, чынчыл бол!

"Билбеймин" деген сөз - илим алуучунун калканы. Баарынан эң баалап сактап жүргөн каражаты - "убакыт". Эс алуусу - "жалпы кеңитүүчү" чыгармалар, каталарды оңдоосу, жана касыдалар.

Дагы илим алуучунун сыпаттарынан: жакшы, туура суроо берүү, талашып–тартышпоо, жакшы угуп, көңүл буруп, түшүнүү жана анын негизинде амал кылууга аракет кылуу жана илимди кайталоо.
Куран, сүннөт жана аларга байланыштуу илим менен алек бол, ар бир илимдин чөйрөсүн толук кандуу окуп-үйрөн!
Амалдарыңа бекем бол! Адамдарга башчы болуу, дүнүйөгө умтулуу, атактуу (таанымал) болуу – бул нерселерди жакшы көрүүдөн алыс бол!
Адамдар тууралуу жакшы ой-пикирде бол, ал эми өзүңө сын көз-караш менен кара жана өзүңдү өзүң эсепке ал!

Акыйкатка баш ийүү аркылуу илим тазаланат. Жамандыктан кайтаруу, жакшылыкка чакыруу, пайда-зыянды айырмалап билүү, илим таркатуу, пайда жеткирүүнү жакшы көрүү, өзүн аябастан баардык болгон аракетти жумшоо, акыйкатты жана жакшылыкты мусулмандар үчүн жактоо убагында эң жакшы сыпатта болуу;
Илимди сактоо, адам өзүнүн кадыр-баркын билүү, кошоматтык кылып жагынбай, өзүн бир нерсени сонун билген эмедей, аалым кылып көрсөтпөй, бир ишке жарактуу болоордон мурда киришпей, аалымдарга карама-каршылык көрсөтпөй,
Достук жана баш тартуунун негизинде партияга, өзүнчө тайпага бөлүнүп кетпей, шек-күмөндөрдөн алыс болуу. Ушул сыпаттар менен кооздонууга умтул!

**- Шейхинин (устазынын) акысы.**
Адамдар бул маселеде чектен ашкан эки топко жана ортолукту карманган бир топко бөлүнүшөт.
Такыба адамдарга карата болгон ашыкча мамиле ширкке алып келгендиги жөнүндө түшүндүрмөсү алдыда келет. Жана биз такыба адамдарга карата аша чаппай, же жеткиликсиз дагы мамиле кылбай, ортолукту карманышыбыз керек.

**- Окуган жайдын акысы.**
Досторуң – илим алуучулардын укуктары:
- Алла-Таала айткандай: **"Силер (жалпы) адамзат үчүн жиберилген (пайда болгон) коомдордун эң мыктысы болдуңар"**. (Куран 3:110)
Ошондой эле Алланын элчиси ﷺ айткандай: “Мусулман бир туугандарыңарга өзүңөргө каалаган нерсени кааламайын, толук ыйман келтирбейсинер".

**- Китептин укугу** - аны жаттоо. Анткени Аллах-Таала бизге бул улуу Куран китепти белек кылып берди.

**- Илимдин акысы.**
Илимди бышыктоо, милдеттүү түрдө үзгүлтүксүз кайталоо жана илимдин негизинде амал кылуу керек. Илим алган адам сөзсүз үйрөнгөн илиминин негизинде амал кылат, андан соң ага башкаларды үгүттөп, чакырат, жана ошондо гана бул Аллахтан болгон чоң нээматка шүгүрчүлүк кылган болуп эсептелет.

2. Суроо берүүнүн адебинен - кайсы бир суроодо пайда болсо ошол суроону биринчи берүү.

3. Илим алуучу адам өзүн жыйнактуу алып жүрүүсү милдет.

4. Пайгамбардын ﷺ көзү өткөн соң: "Аллах жана анын элчиси билет"-деп айтылбайт, анын ордуна "Аллах билет" дейбиз.

**Үчүнчү негиз:** Пайгамбарыбыз Мухаммадды ﷺ таануу.

Анын аты-жөнү:
Мухаммад Абуллахтын уулу, ал (Абдуллах) Абдулмутталибдин уулу, ал (Абдулмутталиб) Хашимдин уулу, Хашим болсо Курайш уруусунан. Курайштар арабтардан, арабтар болсо Исмаилдин урпактары. Ал (Исмаил) Аллахтын сүйүктүүсү болгон Ибрахимдин уулу. Ага жана биздин пайгамбарыбызга эң жакшы салам жана салаваттар болсун!

Ал (Мухаммад) ﷺ бул дүйнөдө алтымыш үч жыл өмүр сүргөн, алардын ичинен кырк жыл пайгамбарчылыкка чейин өттү, калган жыйырма үч жыл ал Алланын элчиси жана пайгамбары катары жашады. Аллах аны: **“Оку! Жараткан Роббиңдин аты менен”** (96:1) деген биринчи түшүрүлгөн Куран аятттары менен пайгамбар кылды жана: **“Эй, (кийимине) чүмкөнүп алган! Тур да, эскерткин!”** (75: 1-2) -деген аяттар менен Өзүнүн элчиси кылды.

Анын шаары Мекке болчу, кийин ал Мадинага көчкөн (хижра кылган).

Бул бөлүм Мухаммад пайгамбардын ﷺ аты-жөнү, ата-теги, өмүр баяны жана Исламга чакыруусу тууралуу кыскача баянды камтыйт.

**Биз пайгамбарыбыз ﷺ жөнүндө бул нерселерди билишибиз керек:**

**Аты-жөнү жана ата-теги**
Ал - Мухаммад ибн 'Абдуллах ибн 'Абд уль Мутталиб ибн Хашим. Хашим болсо Курайш уруусунан, Курайштар арабтардан, арабтар болсо Аллахтын сүйүктүүсү болгон Ибрахимдин уулу Исмаилдин урпактары (عليهما السلام).

**Анын өмүрү**
Анын өмүрү 63 жыл созулган. Алардын ичинен 40 жылы - пайгамбарчылыкка чейин, 23 жылы - пайгамбарчылыкта.

**Мухаммад ﷺ пайгамбар болгондон кийинки жашоосу экиге бөлүнөт:**

Мекке доору
Он үч жыл созулган

Медина доору
Он жыл созулган

Ал ﷺ пайгамбар болгонбу же элчи болгонбу?

Ал ﷺ элчи дагы пайгамбар дагы болгон. "اِقْرَأْ" ("Оку..") деген аяттын түшүрүлүшү менен пайгамбар болгон, бир нече убакыт өткөндөн кийин " يَا أَيُّهَا الْمُدَّثِّرُ " ("Оо, оронуп алган..") деген аяттар түшкөндө Аллахтын элчиси болгон.

## Пайгамбарыбыздын ﷺ өмүрүнөн үзүндү

Мекке доорундагы Исламга үгүттөп-чакыруу (даават) Таухидке чакыруунун жана Ширктен кайтаруунун тегерегинде гана болгон. Башкача айтканда адамдардан бир эле нерсе талап кылынган - ибадаттарын ширктен тазалап, аны бир гана Аллага арноо. Бул иш он үч жыл бою созулган.

Кийин ага ﷺ Мединага көчүү (хижра) буйрулду. Ал жакта деле Таухидке чакырууну уланта берген. Бирок аны менен бирге ибадат иштерине, адамдар арасындагы өз-ара мамилелерге жана дүйнө иштерине тиешелүү шариаттык буйруктар түшүрүлүп турган.

Ким анын ﷺ өмүр баянын караса, Таухидке болгон даават Аллах-Таала анын жанын алганчакты коштоп жүргөнүн көрөт, ар дайым ушул нерсе менен алек болгон. Бул нерседен улам биз түшүнөбүз: Таухидди окуп-үйрөнүүдөн элдерди токтотуп, Таухидди бир аз убакытта эле окуп коюу жетиштүү, дайыма эле козгой берүүнүн кереги жок - дегендердин сөздөрүн Куран, Сүннөт анык, талашсыз четке кагат.

Аллах-Таала Мухаммадды элдерди Ширктен кайтарып, Биркудайчылыкка (Таухидке) чакыруусу үчүн жиберген.

Буга Аллах-Тааланын бул сөздөрү далил:
**" Оо, чүмкөнүп (жатып) алган адам! Тур да, эскерткиң! Роббиңдин улуулугун даңазала! Кийимиңди таза тут! Ыпыластыктан кач! Кылган жакшылыгыңды көп деп эсептебе. Эгең үчүн сабырдуу бол!"** (74:1-7)

"Тур да, эскерткин!" деген сөздөрдүн мааниси - Ширктен кайтарып, Таухидке чакыр.

"Жараткан Эгеңди даңкта!" дегени - Таухид аркылуу Аны улукта!

"Кийимиңди таза тут!" - амалдарыңды ширктен тазала.

"Ыпыластыктан кач!" - ыпылас деп жалган кудайлар, буттар аталган. Андан качуу - бул жалган кудайлардан жана аларга сыйынгандардан баш тартуу.

Пайгамбарыбыз ﷺ буга, Таухидке он жыл бою чакырды, андан соң ал ﷺ асманга көтөрүлдү [1], (ал жакта) беш маал намаз ага парз кылынды. Кийинки үч жыл бою бул намаздарды Меккеде окуп жатты. Андан кийин Мединага көчүүгө буйрук түштү.

[1] Автордун “андан соң ал ﷺ асманга көтөрүлдү” – деген сөздөрүнөн төмөнкү пайдаларды алабыз:

1) Пайгамбарыбыз ﷺ көзгө көрүнбөгөн, кайып нерселер боюнча айткандарына: "Биз буга экиленбестен ыйман келтирип, ишенебиз, анын акыйкаттыгын тастыктайбыз жана баш ийебиз”.
2) Парз намаздардын маанилүүлүгү, анткени Аллах-Таала пайгамбарыбызды асмандардан өйдө көтөрүп, ал жактан намаздарды буйрук кылып, парз кылган.

Хижра бул ширк жеринен ислам жерине көчүү. Мусулман үммөтү үчүн ширк өлкөдөн мусулман өлкөгө көчүү парз болуп эсептелет. Хижра Сурак (Кыямат) күнүнүн келишине чейин уланат. Буга Аллахтын сөзү далил:

**"Акыйкатта, өзүнө өзү зулум кылгандарга, алардын жанын алып жаткан периштелер: "Силер кандай абалда болдуңар эле?" - деп сурашат. Алар: "Биз жер үстүндө алсыздардан элек", - деп жооп беришет. Периштелер: "Силер башка жакка көчүп кетишиңер үчүн Аллахтын жери силерге кенен эмес беле?" - дешет. Булардын бара турган жери - Тозок. Ал кандай гана жаман жай! Бирок жол таап, айла-амал кылууга чамалары жетпеген алсыз эркектер, аялдар жана жаш балдардан башка. Буларды Аллах балким кечирээр. Анткени Аллах - Кечирүүчү, Боорукер! Ким Аллахтын жолунда көчкөн болсо, ал жер үстүндө көптөгөн жайларды жана ырыскы табат. Ким Аллахтын ыраазычылыгы жана Анын элчиси үчүн үй-жайын таштап көчкөн болсо, анан жолдо өлүмгө учураса - Анын сыйлыгы Алладан болот. Анткени Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү."** (Куран 4:97-100)

Жана Аллахтын сөзү:

**"О менин ыйман келтирген пенделерим! Албетте, Менин жерим кенен, Мага гана сыйынгыла!** (Куран 21:56)

Имам Багави айтты: "Бул аят хижра кылбастан, Меккеде калган мусулмандар тууралуу түшүрүлгөн. Аллах аларга момундар (ыйман келтиргендер) деп кайрылган."

Жана хижра кылуу зарылчылыгы жөнүндөгү сүннөттөн далил – Алланын элчисинин ﷺ сөзү : "Тообо токтомоюн, хижра токтобойт, тообо болсо күн батыштан чыкмайынча токтобойт." (1)

**Хижра үч бөлүктөн турат:**

- Ширк жеринен ислам жерине. Анын өкүмү - парз.
- Меккеден Мединага болгон көчүү. Меккени алуу менен жокко чыгарылды.
- Хижра т.а. Аллах ташта деген нерсени таштоо, (айрылуу, алыстоо, көчүү)

  Амалдардан, адамдардан, заман жана жайлардан.

Амалдар - Аллах тыюу салган иштердин баары, эң чоңу ширк.

Адамдар - каапырлар, мунафыктар(эки жүздүүлөр) ж.б.

Заман - каапырлар өзүнүн щаң-салтанаттарын белгилеп жаткан мезгилде, алардан алыстоо.

Жайлар - каапырлар өзүнүн майрамдарын белгилеп жаткан жайлардан оолак болуу.

Пайгамбардын ﷺ "Мекке ачылышынан соң, хиджра жок" деген сөзүнүн мааниси - Меккеден Мединага көчүү (хижра) жок. Жана бул нерсе менен Мекке эч качан кайра каапырчылыкка кайтпайт экендигин пайгамбарыбыз ﷺ белгилеп кетти.

(1) Эки нерсе аркылуу тообо токтойт. Булардан кийинки тоободон пайда жок:
1) Күндүн батыштан чыгышы.
2) Өлүмдүн келиши.
**"Күнөөлөрдү жасай беришип, анан алардын бирөөсүнө өлүм келген учурда ал: "Мен мына азыр өкүндүм, тообо кылдым!" - деп айтса, ага тообо (кечирим) жок. Ошондой эле каапыр бойдон өлүп калгандарга да (кечирим) жок. Аларга Биз катуу азаптарды даярдадык."** (Куран 4:18)

(1) Шейх ибн Усеймин айтат: " Башында зекет Меккеде буйрулган, бирок анын нисабы жана парз болгон ченеми белгиленген эмес. Мединада болсо зекеттин нисабы жана  парз болгон бөлүгү белгиленген."

Нисаб - бул зекет катары бериле турган мүлктүн эң аз ченеми.

(2) Пайгамбарыбыз ﷺ хижрадан он жыл өткөн соң көз жумуп, Аиша энебиздин бөлмөсүндө көмүлгөн.

(3) Ал үммөтүнө көргөзбөй кеткен жакшылык жок, жана ал эскертпей, кайтарбай кеткен да жамандык жок.

А биз болсо пайгамбарыбыз ﷺ, ага тапшырылган аманатты аткаргандыгына, жеткире турчу нерсени жеткиргендигине, үммөтүнө ыкластуу болгонуна жана Аллах-Таала үчүн чыныгы күрөшүү жүргүзгөндүгүнө күбөлүк беришибиз керек.

Ал Мединада отурукташкандан кийин, ага Исламдын башка буйруктары дагы өкүм кылынды. Алар: зекет (1), орозо, хадж, жихад, азан, жакшылыкка чакырып - жамандыктан кайтаруу жана башкалар.

Пайгамбарыбыз ﷺ буларды он жыл аткарды, андан соң көз жумду, ага Алланын саламы жана салаваты болсун!(2)

Бирок, дини калды, жана бул - анын дини ﷺ .

Ал үммөтүнө көрсөтпөй койгон жакшылык жок, жана ал эскертпей койгон бир дагы жамандык жок ﷺ .

Ал көрсөткөн жакшылык бул Таухид жана Аллах сүйгөн жана ыраазы болгон нерселердин баарысы.

Ал эскерткен, кайтарган жамандык бул Ширк жана Аллах жактырбаган жана жек көргөн нерселердин баарысы.(3)

**Эң чоң арам күнөөлөр**

- Улуу (чоң) ширк (Динден чыгара турчу)
- Кичүү ширк (Динден чыгарбаган)
- Чоң күнөөлөр (Өзү менен кошо белгилүү бир жаза алып келе турчу күнөөлөр)
- Кичинекей күнөөлөр (Өзү менен кошо белгилүү жаза алып келбеген тыюулар).

Аллах-Таала аны ﷺ бүткүл адамзатка жиберип, жиндер менен инсандарга ага баш ийүүнү буйруду. Буга далил:
**"Айт: "Оо, адамдар! Чындыгында мен силердин баарыңарга (жиберилген) Аллахтын элчисимин."** (Куран 7:158) (1)

Ал аркылуу Аллах-Таала Өз динин кемчиликсиз, толук жана мыкты кылып койду.

Буга Аллах-Тааланын бул сөздөрү далил:
**" Бүгүн силерге диниңерди жана (Менин) силерге болгон ырайымымды толук кылдым жана Ислам менен дин катары ыраазы болдум"** (Куран 5:3) (2)

Аллах-Тааланын төмөнкү бул сөздөрү пайгамбарыбыздын ﷺ өлүмүнө далил:
**"(Оо, Мухаммад!) Чындыгында, сен да өлөсүң. Алар да өлөт. Андан соң кыямат күнү силер Эгеңердин алдында талашып, тартышасыңар."** (Куран 39: 30-31)

(1) Пайгамбарыбыз ﷺ баардык элдерге жиберилип, ага чейинки шариаттардын баарысы жоюлду. Аллахтын элчисинин доорунан баштап, иудейлер менен христиандар, кимиси болбосун, эгерде аларга Исламдын чакыруусу жетип, бирок алар бул динди кабыл алышпаса - алар каапырлар. Ал тургай Муса же 'Иса пайгамбарлар алып келгенди карманышса дагы. Буга далилдер:

1) "Айт: Эй, китеп ээлери (христиан, иудейлер)! Силер менен биздин ортобузда болгон бир сөзгө келели: "Аллахтан башка эч кимге сыйынбайлы да, Ага эч кимди шерик кылбайлы! Жана бири бирибизди өзүбүзгө Аллахтан башка кудай кылып албайлы!" Эгерде алар баш тартса "Биздин мусулмандыгыбызга күбө болгула!" - деп айткыла!" (Куран 3:64)

2) "Китеп берилгендерден Аллахка, акырет күнүнө ыйман келтирбегендер жана Аллахтын, Анын элчисинин арам кылган нерселерин арам катары тааныбагандар, ошондой эле чыныгы динди (Ислам динин) тутунбагандар менен өздөрүн кор тутуп, салык төлөмөйүнчө согушкула!" (Куран 9:29)

3) Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: "Менин жаным Анын Колунда болгон Затка ант, кайсы бир иудей же христиан болбосун, мен жөнүндө угуп, мага ыйман келтирбестен өлсө, сөзсүз Тозок элдеринен болот!"

(2) Бул аят динге жаңылык (бидаат) киргизгендердин иштерин жокко чыгарат.

# 5. АКЫР СӨЗ

[1)] Ар бир адам сөзсүз өлүм даамын татат, эч ким андан кутула албайт. Андан кийин Улуу күнү тирилишет. Бул күн болсо Кыямат Күнү (Туруу күнү). Андан соң ар бир кылган амалдары үчүн жоопко тартылышат, жазаларын толугу менен алышат.

[2)] Ким кайра тирилүүнү жана амалдардын эсеп-кысабын (сыйлык же азап берилүүсүн) жалган деп эсептесе - каапырчылык кылды. Анткени ал ыймандын бир түркүгүн четке какты.

[(3)] Нух (عليه السلام) биринчи элчи болгон. Ага далил:
Аллах-Таала айтты: "Чындыгында, Биз сага кабар (вахий) түшүрдүк, Нухка жана андан кийинки пайгамбарларга кабар (вахий) түшүргөндөй." (4:163)

Ал эми биринчи пайгамбар - Адам (عليه السلام). Далил: Пайгамбарыбыз ﷺ "Адам (عليه السلام) пайгамбарбы?" деп суралганда, мындай деп жооп берди: "Ооба, пайгамбар, (Аллах аны менен) сүйлөшкөн".

Акыркы пайгамбар жана элчи бул - Мухаммад ﷺ. Буга Аллах-Тааланын сөздөрү далил:
"Мухаммад - силерден эч бир эркектин атасы эмес. Ал - Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын мөөрү (акыркысы). Аллах - баардык нерсени Билүүчү!" (Куран 33:40)

Эми пайгамбарыбыздан ﷺ кийин, ким өзүн пайгамбармын же элчимин деп айтса - ал алдамчы жана каапыр. Ошондой эле ким ага ишенип, аны тастыктаган болсо, ал дагы каапыр.

Адамдар өлгөндөн кийин Кыяматта кайра тирилишет.
Буга далил:
**" Андан (топурактан) силерди жараттык. Ага кайтарабыз да, экинчи ирет андан кайра силерди чыгарабыз."** (Куран 20:55)
Дагы Аллах-Тааланын бул сөздөрү:
**"Аллах силерди жерден өсүмдүктөй өстүрдү. Андан соң кайра ага кайтарып, кийин кайра чыгарат."** (Куран 71:17-18)
Кайтадан жаралуудан кийин адамдар эсеп-кысапка алынып, амалдарына жараша жазаларын алышат. Буга далил:
**"Асмандагылар да, жердегилер да бир гана Аллахка таандык. (Аллах) жамандык кылгандарды (кайра өзүнүн) жамандыгы менен жазалайт, жакшылык кылгандарды жакшылыгы менен сыйлайт."**(Куран 53:31)[(1)]
Ким кайра тирилүүнү жалган деп эсептесе - ал каапыр. Буга Аллах-Тааланын айтканы далил:
**"Каапырлар өлгөндөн кийин кайра тирилүү жок деп ойлошот. Аларга айт: " Андай эмес. Эгем менен ант ичем: Силер кайрадан тирилесиңер. Андан соң силерге эмне кылганыңар тууралуу кабар берилет жана да бул иш Аллах үчүн өтө жеңил."** (Куран 64:7)[(2)]
Аллах баардык элчилерин сүйүнчү жана эскертүү менен жиберди. Далил:
**"Элчилер келгенден кийин адамдарда Алланын алдында эч актануусу (шылтоосу) жок болушу үчүн, сүйүнтүүчү жана эскертүүчү элчилерди (жөнөттүк). Акыйкатта, Аллах Кудуреттүү, Даанышман."** (Куран 4:165)
Биринчи элчи Нух ( عليه السلام) болгон, акыркысы болсо - Мухаммад ﷺ. Ал пайгамбарлардын мөөрү.
Нух ( عليه السلام ) биринчи элчи болгондугуна далил - Аллах-Таала айтты: **"Чындыгында, Биз сага кабар (вахий) түшүрдүк, Нухка жана андан кийинки пайгамбарларга кабар (вахий) түшүргөндөй."** (4:163) [(3)]

Ар бир коомго Аллах элчилерди жиберди, Нухтан баштап Мухаммадка чейин. Жана алардын баарысын бир максатта жиберген: «Адамдарга жалгыз Аллахка гана сыйынууну буйрук кылуу жана тагутка (Аллахтан башка сыйынылуучу нерсеге) ибадат кылуудан тыюу салуу».
Аллах-Тааланын сөзү далил:
**"Чындыгында, ар бир коомго: "Аллахка гана сыйынгыла. тагуттан оолак болгула", - деп айтуучу элчи жибергенбиз".** (Куран 16:36)

Демек, Аллах-Таала пенделеринин баарысына тагуттардан баш тартууну (тагуттарга ишенбестикти) жана жалгыз Аллахка ыйман келтирүүнү парз кылды.

Ибн аль-Кайим айтты: "Адам чектен ашып кимге сыйынса, баш ийсе, же жолун жолдосо, ошол тагут деп аталат".

Тагуттар көп, бирок алардын негизгилери бешөө:
1.Иблис (Аллахтын каргышына калсын),
2.Ага сыйынганга ыраазы болгон,
3.Өзүнө сыйынууга чакырган,
4.Кайыпты билемим деп жарыялаган,
5. жана Аллахтын түшүргөнү менен өкүм кылбаган адам.

Буга далил: **"Динде мажбурлоо жок. Туура жол адашуудан толук айырмаланып бүттү. Эми ким тагуттан (жалган кудайлардан) баш тартып, Аллахка ыйман келтирсе, эч качан ажырабаган бекем тутканы кармаганы чын. Аллах - Угуучу, Билүүчү!"** (Куран 2:256)

Мына ушул сөздөрдө: " Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок" деген маани камтылган.

Пайгамбар ﷺ айткан: "Бул иште (динде) эң башкысы - Ислам, (курула турган) түркүгү - намаз, ал эми чокусу - жихад (Алла жолунда аракет кылуу, күрөшүү)"

(1)Аллах пайгамбарларды жана элчилерди жакшылыктын жарчылары жана эскертүүчүлөр катары жөнөткөн. Алардын баардыгы таухидке чакырып, тагут жана ширктин баардык түрлөрүнө каршы күрөшүү жүргүзүшкөн.
Аллах-Таала айтат: "Биз ар бир коомго элчилерди жөнөттүк" т.а. ар бир элге "Жалгыз Аллахка сыйынгыла, тагуттан алыстагыла".

Т.а. тагуттарды бир тарапка таштагыла, ал эми өзүңөр экинчисинде болгула, мына ошондо бул алыстоонун жогорку даражасы болуп эсептелинет. Жана бул ширкке жана анын жактоочуларына тиешеси жок экендигинин анык орундатуусу бар.

Аллах Өзүнүн баардык кулдарына тагутка ишенбестикти жана Аллахка ыйман келтирүүнү буйруду. Аллахка ыйман келтирүүдөн мурда, тагутка ишенбестик кылуу зарылчылыгы биринчи кезекте турат, " Ким тагутка ишенбесе кийин Аллахка ыйман келтирсе.."

Тагут - сыйынууда (таштар, дарактар), ээрчүүдө (кара ниет аалымдар) жана баш ийүүдө (Аллахка баш ийүүдөн чыккан башкаруучуларга) карата чектен ашкандык.

Таагут көп, бирок негизги деген 5 түрү бар: Аллахтын каарына калган Иблис; Кимге сыйынышса жана ал ошол нерсеге ыраазы болгон; Өзүнө сыйынууга чакырган; Кайып нерседен бир нерсени билем деген адам; жана Аллах түшүрбөгөн нерсе менен өкүм чыгарган адам.

Аллах түшүргөн нерсенин негизинде чечим чыгарбагандардын өкүмү

| **Чоң куфр** | **Кичине куфр** |
|---|---|
| Адамдардын өкүмдөрү Аллахтын өкүмүнө барабар, же болбосо андан да жакшы деген ой-пикир | Аллах жибербеген нерсенин негизинде чечим чыгаруу жалган деп билүү, бирок өзүнүн каалоолорунан улам өкүм чыгаруу. (Мисалы: Бийликти сүйүү, коркуу ж.б.) |

Имам ибн альКайим жихадды (Алла жолунда аракет кылууну, күрөшүүнү) төрт түргө бөлгөн

| | | | |
|---|---|---|---|
| Напсиге каршы күрөшүү.<br><br>Илим, амал, Алла жолунда даават жана сабырдуулук аркылуу болот.<br><br>Адамдын ички азгырыктары менен болгон тирешүүсү. Бул чоң жихад. | Шайтанга каршы күрөшүү.<br><br>Шек-күмөндөрдү таштоо аркылуу болот. (Ширк, бидаат, чоң күнөөлөр, кичине күнөөлөргө болгон азгыруулардан алыстоо) | Каапырларга жана мунафыктарга (эки жүздүүлөргө) каршы күрөшүү.<br><br>Жүрөк, тил, мал-жан аркылуу болот.<br><br>Кичи жихад. Өлкө жана исламга карата агрессорлор менен күрөшүү.(1) | Заалымдардын, кылмышкерлердин, бидааттардын башчылары менен каршы күрөшүү.<br><br>Жүрөк, тил жана кол менен болот. |

(1) Мындай күрөшүүгө мусулмандардын өлкө башчысы гана аскер чогултуп, чакырат жана анын буйругу, макулдугу менен гана болот. Пайгамбар ﷺ айткан: “Падыша (Өкмөт башчы) бул калкан (сыяктуу), күрөшүү жана коргонуу анын аркасынан болот. Эгерде ал адилеттүүлүктү жана Алладан коркууну буйрук кылса, ага чоң сооп (Алладан сыйлык) болот” (Бухари 2957, Муслим 1841).
Жихаддын бул түрүнүн дагы башка эрежелери жана шарттары бар.
Ал эми дүйнөдө болуп жаткан жардыруулар, акысыз өлтүрүүлөр булар эч кандай Исламга жана Исламдагы жихадка тиешеси жок. Бул бир гана жер жүзүндө бузукулук таркатуу жана булар Ислам growth динине эң катуу тыюу салынган кылмыштар болуп эсептелет. Аллах-Таала айткан: **“Ким эгерде бир адамды жер жүзүндө бузуку таркатпагандыгы үчүн же адам өлтүрбөгөндүгү үчүн (акысыз эле) өлтүрсө, ал бүткүл адамзатты өлтүргөнгө барабар"** (Куран 5: 32) жана дагы айткан: **“Ким мусулманды атайлап өлтүрсө, анын жазасы тозок, анда түбөлүк калат, Аллахтын каарына жана каргышына калат жана ага (Аллах) улуу азап даярдайт.”** (Куран 4:93)

Китептин жыйынтыктоосу

Ар бир акыл-эстүү адам бул улуу жана эң керектүү китептин үстүндө ой жүгүртүүгө, ага өзгөчө көңүл буруп, кам көрүүгө милдеттүү. Себеби, бул китеп ар бир адам кабырында муктаж боло турган өтө маанилүү өзөк-негиздерди өзүнө камтыйт.

Аллах жакшы билүүчү. Жана Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына салам-салаваттар болсун.

<table>
<tr><td>Далилдердин негизинде ("Үч негизди таануу") Аллах, Анын Пайгамбары ﷺ жана Ислам дини жөнүндө.</td><td>Илим:</td><td rowspan="6">"Аль-Аср" сүрөсүнүн төрт суроосу</td><td rowspan="9">"Уч негиз (кыскача, бул кабырда болчу суроолор) жана анын далилдери " Эмне үчүн таухидди окуйбуз? Эмне үчүн "Уч негизди" окуйбуз?Окуганыбыздагы пайда эмнеде?</td></tr>
<tr><td>"Илим амалды чакырат, эгер ал жооп бербесе, илим кетип калат". Илим ээси, алган илиминин негизинде амал кылбаса, бутпарастар азап тарткыча азапталат.</td><td>Илимге жараша амал:</td></tr>
<tr><td>Чакыруунун шарттары: чын ыклас, шарият илими, чакырып жаткан адамдын абалын билүү, даанышмандыгы, сабырдуулугу.</td><td rowspan="2">Ушуга (илимге) чакыруу:</td></tr>
<tr><td>Чакыруунун биринчи шарты - Таухид. Буга бардык пайгамбарлар, элчилер чакырып келишкен. Таухидке чакыруу жана ширктен кайтаруу - чакыруунун эң бийик даражасы.</td></tr>
<tr><td>Аллахка моюн сунуудагы сабыр (намаз), тыюу салынган нерседен баш тартуудагы сабырдуулук (сүткорлук), Аллахтын тагдырга жазган сыноолоруна болгон сабыр (ачарчылык).</td><td rowspan="2">Алдыдагы кыйынчыл ыктарга болгон сабырдуул ук:</td></tr>
<tr><td>Т.а. шарият илимин алуу жолундагы андан соң амал кылууда, үчүнчүдөн чакыруудагы сабырдуулук.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Таухид ар-Рубубия(Аллахтын үстөмдүгүндөгү(жаратуу, ырыскы берүү, башкаруу ж.б.) жалгыздыгы) (Ким жалгыз үстөмдүк кылса, сыйынууга жалгыз татыктуу болушу керек). Жана Аллахтын Ысым - Сыпаттарындагы жалгыздыгы.</td><td rowspan="3">Уч суроо</td></tr>
<tr><td colspan="2">Таухид аль-Улюхия(Сыйынууга жалгыз татыктуу экендиги)(чын ыклас) жакын периште, же жиберилген пайгамбар болобу, сыйынууга шерик кошпосун, Аллах-Таала буга ыраазы болбойт.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Ширк келтирүүдөн жана аны жактоочулардан баш тартуу. Ал жүрөк аркылуу (каапырларды сүйбөстөн), тили аркылуу ("Менин силер сыйынган нерселерге тиешем жок" дегендей), денеси менен (алардын майрам, диний жөрөлгөлөрүнөн, салтананттарынан жана башка ушул сыяктуулардан) баш тартуу.</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| **Ханифия -** ширк келтирүүдөн алыстаткан чын ыкластуулукка жана таухидке умтулуу. | **Таухидди окуунун себептери** | **"Үч негиз (кыскача, бул кабырда болчу суроолор) жана анын далилдерди " Эмне үчүн таухидди окуйбуз? Эмне үчүн "Үч негизди" окуйбуз?Окуганыбыздагы пайда эмнеде?** |
| **Таухид:** (тил маанисинде) - кыймыл атооч وحد сөздөн болуп, "жалгыздоо, бир кылуу"; (шарият маанисинде) Аллахка гана таандык болгон: Ысым - Сыпаттарында, Үстөмдүк кылуучулугунда, Сыйынууга татыктуулугунда - жалгыздыгын моюнга алуу. | | |
| **Таухид ар-Рубубия(Үстөмдүгүндөгү жалгыздыгы)** - Аллахтын иштериндеги Анын Жалгыздыгы; т.а. Анын Жаратуусунун, Ээлигинин, Башкаруусунун жалгыздыгын моюнга алуу.<br>**Таухид аль-Улюхия(Сыйынууга татыктуу Жалгыздыгы) -** бул Аллах сыйынууга татыктуу Жалгыз(укуктуу) зат экендигине моюн сунуу.<br>**Таухид асма уа-Сыфат(Ысым - Сыпатындагы Жалгыздыгы) -** бул анын Өзүнүн Китебинде жана Анын Элчисинин ﷺ айтуусундагы Аллах Өзү бекиткен Ысым Сыпаттарын тастыктоо менен Өзү танган нерсени таануу, бурмалоосуз, төгүндөөсүз, элестетпестен жана окшоштурбастан. | | |
| Ширк - Аллахка кошуп кимдир бирөөгө сыйынып, кайрылуу. Бул эң чоң күнөө. | | |
| Аллах жөнүндөгү илим: Сенин Кудайың ким? Эмнеден улам өзүңдүн Жаратуучуңду тааныдың? Жаратуучу(Господь) - Ал жалгыз сыйынууга татыктуу;сыйынуунун түрлөрү: Аллахтан башка кимдир - бирөөгө же эмнегедир бир нерсеге далил келтирип, кайрылып, сыйынуунун абалы. | **Үч негиз** | |
| Далилдердин негизинде Ислам дини тууралуу илим; Исламдын аныктамасы; диндин баскычтары; Исламдын түркүктөрү; "шахада" күбөлүгүнүн аныктамасы; Ыймандын түркүктөрү жана анын бутактанышы; Ихсан; дин баскычтарына далилдер; Сурак күнүнүн белгилери. | | |
| Пайгамбар ﷺ тууралуу илим, анын келип чыгышы, элчи жана пайгамбар катарындагы анын жашоосу, милдети, анын шаары, ага жиберилген китебинин көсөмдүгү, Таухидке чакыруу мезгили; түнкү жүрүшү "аль-Исра" жана асманга көтөрүлүүсү "аль-Ми'рааж"; кайда жана качан намазга буйрук милдеттендирилген? Көчүүсү "хижра" ,анын абалы жана убактысы; Шарияттын калган башка буйруктары качан бекитилген; Пайгамбардын ﷺ чакырыгынын узактыгы, анын дүйнөдөн кайтышы; анын динден эмне менен келиши? Баардык жиндерди жана адамдарды анын пайгамбарлык вазийпасы менен камтуу; Аллахтын мининин кемтиксиздиги жана Өзүнүн Мээрими менен аны толук кылгандыгы. | | |

## “Кабырда бериле турчу үч суроо" боюнча суроо түрүндөгү текшерүү

Кашаанын ичиндегилерден туура жоопту танда:

1) Биз Таухидди эмне үчүн окуп-үйрөнөбүз?
(Аллах эч бир амалды Таухидсиз кабыл кылбайт - Аллах бизди Таухид үчүн жаратккан - Таухид бул тынчтыктын себеби - баардык варианттар)

2) "Үч негиз" - кыскача бул кабырдагы суроолор. ( Туура - туура эмес )

3) Автор "Үч негизде" окурман үчүн канча жолу ду'а кылган? ( эки жолу - үч жолу )

4) Бул автордун китептеринин өзгөчөлүгү эмнеде? ( жөнөкөй баяндоо - жалпы баяндоо, андан кийин түшүндүрмө - Куран жана Сүннөттөн келтирген далилдери - замандаштарынын күмөндөрүнө каршы төгүндөө - анын китептерине аалымдардын көптөгөн түшүндүрмөлөрүнүн барлыгы - маанилүү суроо-жооптордун орундаштырылганы - баардык варианттар )

5) "Үч негиз" китебин канча бөлүмгө бөлсө болот? ( 5 - 6 ) бөлүм.

6) Таухидди окуп-үйрөнүү бул: ( жамаатык милдет - жеке милдет )

7) "Төрт маселеге" далил болгон сүрө: ( "аль-'Аср" - "аль-Ихлас" )

8) Илим алып, бирок ага амал кылбаган инсан кимге окшош? ( иудей - христиан )

9) Сабырдуулук канчага бөлүнөт? ( эки түр - үч түр )

10) Имам аш-Шафинин "аль -'Аср" сүрөсү жөнүндө айткан сөздөрүнүн мааниси
( далилдин жетүүсү катары жетиштүү - башка сүрөлөрсүз деле жетиштүү )

11) Ким Таухиддин бир түрүнө гана ыйман келтирген болсо, таухидди аткарган киши болуп эсептелбейт (туура - туура эмес)

12) Ширктен жана аны кылган адамдардан жүз буруу төмөндөгүдөй болот: (жүрөк менен, тил менен жана дене мүчөлөрү менен - ал иштерден жана аны аткаргандардан жүз буруу - эки вариант тең)

13) Аллах-Тааланын " Мечиттер Аллахка таандык " деген сөздөрүндөгү "мечиттердин" мааниси:
( мечиттер курулуш катары -- сажда кыла турчу дене мүчөлөрү -- сажда кылына турган жер -- баардык варианттар )

14) Алгачкы момун-мусулмандардын жолу (биринчи далил, анан ишеним - биринчи ишеним, андан кийин ага далил издөө )

15) Биздин аалымдардын адашкандары кимисине окшош? (иудейлерге - христиандарга)

16) Биздин ибадатты көп кылгандарыбыздын адашкандары кимге окшош? ( иудейлерге - христиандарга)

17) "Үч маселе" - бул "Үч негиз" ( туура -- туура эмес )

18) Сурануу ( дуа ) канчага бөлүнөт?
( дуа-сурануу жана дуа-ибадат -- сөздөр тили менен сурануу жана дене тили менен сурануу )

19) Дуа - сурануунун канча түрү бар? (эки түрү -- төрт түрү)

20) Адамдар себептерге болгон ишенимдери боюнча канчага бөлүнөт?
(эки тараптан чектен чыккандар менен ортонку топ болуп - чоң ширк, кичи ширк жана уруксат болгон ишеним)

21) Куткаруу сурануу ( аль - истигаса ) качан уруксат? (такай эле уруксат -- ал киши кыла алган учурда гана уруксат -- ал киши кыла алган учурда төрт шарты менен уруксат )

22) "Ля иляха илля Ллах"тын мааниси: (Аллахтан башка жаратуучу жок -- Аллахтан башка кудай жок -- Аллахтан башка, сыйынууга татыктуу, чыныгы кудай жок -- баардык варианттар)

23) Диндердин жакындашуусу: (уруксат - чоң күнөө - каапырчылык)

24) Аллахтын бар экендигине жалпы далилден: (көп - төртөө)

25) Периштелердин жүрөктөрү барбы? (ооба - жок)

26) Ыйман менен Таухиддин байланышы төмөндөгүдөй: Ыйман - бул жалпы түшүнүк, Таухид болсо анын бир бөлүгү. (туура - туура эмес)

27) Ыймандын түркүктөрүнөн: ( бешөө -- алтоо -- жетөө )

28) Мушриктердин амалдарында Аллахка сыйынуу иштеринен дагы бар болчу. (туура - туура эмес)

29) Аллах менен кошо бирөөнө сыйынып жатышса, бирок ал бирөө буга наразы болсо, демек ал: (тагут - тагут эмес)

30) Аллахты Башкаруусунда жана жаан жаадыруусунда жалгыздоо булардын кайсынысына кирет? ( Улухия -- Рububия -- Аль-асмаи ва ас-сыфат )

31) Таухиддин негизин жокко чыгаруучу (чоң ширк - кичи ширк - динге жанылык киргизүү(бидаат))

32) Милдеттердин эң биринчиси - ата-энеге жакшылык кылуу. ( туура - туура эмес )

33) Арам иштердин эң төмөнкүсү бул зынаа жана акысыз жан өлтүрүү. ( туура - туура эмес )

34) "аль - Ми'раж" - бул пайгамбарыбыздын ﷺ Меккеден Иерусалимдин ыйык жерлерине барып келүүсү. (туура -- туура эмес)

35) Пайгамбар ﷺ кимге жиберилген? ( белгилүү бир элге -- жиндер менен инсандарга )

36) Пайгамбар ﷺ ( өлгөн -- пайгамбарлар өлбөйт )

37) Ким кайра тирилүүнү жалган деп эсептесе, бул: ( чоң каапырчылык -- кичи каапырчылык )

38) Пайгамбарлардын диндери. ( бир дин -- ар бирөөнүн өзүнүн дини бар )

39) "аль-Хижра": ( Меккенин ачылышы менен токтоду -- Акырет Күнүнө чейин калды )

40) "аль-Хижра" бул:
( Каапырлардын жеринен Ислам жерине көчүү -- Аллах арам кылган нерселерди таштоо)

41) Ислам дини толук, бирок такыба инсандардын түштөрү менен дагы толо бере алат. (туура - туура эмес)

42) Ибадатты Аллахтан башка бирөөнө арноо бул - Ширк, бирок кайсынысы? (чоңу - кичинекейи)

43) Чечим чыгарууда, кайсы бир амалдын шариаттагы чечими менен ал амалды аткарган адамга болгон чечимдердин ортосунда бөлүү зарыл. ( туура - туура эмес )

44) Пайгамбарлардын биринчиси: ( Нух -- Адам ) عليهما السلام

45) Биздин пайгамбарыбыз ﷺ: ( пайгамбар -- элчи -- тиги дагы, бул дагы ).

**Биринчи тилкеден экинчи тилкеге ылайыктуу пункттарды танда.**

| Экинчи тилке | № | № | Биринчи тилке: |
|---|---|---|---|
| Имам Ахмаддын сөзүнөн: Качан гана каапырды көрбөйүн, Аллахтын душманын көрүштөн коркуп, көзүмдү жумам. | 1 | | Таухид тил маанисинде |
| Өлүмдөн кийин болчу баардык нерсеге  ыйман келтирүүнү өзүнө  камтыйт. | 2 | | Таухид шарият маанисинде |
| Бул тилдеги сөз, жүрөктөгү ишеним, дененин амалдары. Аллахка баш ийүү менен көбөйөт ,анын тилин албоо менен азаят. | 3 | | Сыйынууга жалгыз татыктуу экендиги |
| Ислам, ыйман, ихсан. | 4 | | Үстөмдүгүндөгү жалгыздыгы |
| Аллахка арналган жана Аллахка арналбаган. | 5 | | Ысым-Сыпаттарындагы жалгыздыгы |
| Парз, Адал, Арам. | 6 | | Ханифия |
| Шарияттык, физикалык. | 7 | | Курандагы биринчи чакырык жана буйрук |
| Кабырда суралчу суроолор | 8 | | *«ан-Нидд»* |
| Илим, амал, чакыруу жана сабыр. | 9 | | Кооптонуу *«аль-Хашия»* |
| Чын ыклас жана ээрчүү | 10 | | Тобокел *«ат-Тауаккуль»* |
| Качан адам Аллахка чын түрдө "тобокел" кылуу, Ага ишенип жана колунан келген себептерди кылуу. | 11 | | Ибадат кабыл болуучу эки шарты |
| Улуктугун жана толук бийлигин билүү менен негизделген коркуу. | 12 | | **4 суроо кыскача** |
| Бул окшош, тең, чогуу катышкан шерик,  теңдеш. | 13 | | **3 суроо кыскача** |
| "аль-Бакара" сүрөөсүндө. | 14 | | **3 негиз кыскача** |
| Бул дин, ширктен бөлүнгөн, Таухид жана чын ыкластан курулган. | 15 | | Себептер ... бөлүнөт |
| Бул анын Өзүнүн Китебинде жана Анын Элчисинин ﷺ айтуусундагы Аллах Өзү бекиткен Ысым-Сыпаттарын тастыктоо менен Өзү танган нерсени тануу,  бурмалоосуз, төгүндөөсүз, элестетпестен жана окшоштурбастан. | 16 | | Назар "ан-Назр" үчкө бөлүнөт |
| Бул - Аллахка сыйынууда Аны жалгыздоо. | 17 | | Курбанчылык "аз-забх" ... бөлүнөт |
| Бул - Аллахты Жаратууда, Ээликте, Башкаруусунда жалгыздоо. | 18 | | Коркуу "аль-хауф" ... бөлүнөт |
| Бул - Аллахты ага гана таандык нерселерден жалгыздоо. | 19 | | Ислам |
| Бул - кыймыл атооч وحد сөздөн болуп, "жалгыздоо, бир кылуу". | 20 | | Дин баскычтары |
| Күндүн батыштан чыгышы жана өлүмдүн келиши. | 21 | | Ыйман |
| Бул кулдун сыйынуусундагы, баш ийүү жана жолун жолдоодо чектен чыгаруучу бардык нерселер. | 22 | | Кыямат күнүнө ыйман келтирүү ... камтыйт |
| Бул - ысым сыпаттарындагы, үстөмдүгүндөгү, сыйынууга жалгыз татыктуу экендигинде жалгыздоо жана ширктен, анын жактоочуларынан баш тартуу. | 23 | | Ширктен оолак болуунун ишке ашыруусунан |
| Ислам бул таухид аркылуу Аллахка берилүү ,баш ийүү менен моюн сунуу жана ширк менен анын жактоочуларына тиешеси жоктукту көрсөтүү. | 24 | | Тообо мөөнөтү бүтүп жатат |
| Сөлөкөтү бар ага сыйынышкан белгилүү объект. | 25 | | *Таагут* |

# Төрт эреже

## Таухид менен ширкти айырмалоо

*Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен.*
Улуу Арштын Кожоюну, Берешен Аллахтан суранам, сени бул дүйнөдө да, акыретте да Өз колдоосуна (камкордугуна) алсын! Жана, ошондой эле, сени каякта болсоң да берекелүү кылсын! Качан гана жакшылык–нээмат берилсе (сени) шүгүр кылуучулардан кылсын; качан сыноо келгенде сабыр кылуучу кылсын; а качан күнөө иш жасаганда кечирим сурагандардан кылсын, чындыгында, ушул үч сапат - бактылуулуктун белгиси.

Билгиниң, Аллах сени Өзүнө баш ийүү жолуна салсын, **ал-Ханифия,** Ибрахим пайгамбардын дини – бул сен жалгыз Аллахка сыйынып, эч кимди ага шерик кылбай динди бекем карманганың. Муну Аллах адамдардын баарысына буюруп, дал ушул максатта аларды жараткан. Аллах Таала айтты:**"Жиндер менен инсандарды бир Өзүмө алар ибадат кылуусу (сыйынуусу) үчүн гана жараттым" (51:56)** Аллах Өзүнө гана сыйынуу үчүн сени жаратканын билген болсоң, анда билишиң керек: "Намаз - даарatсыз намаз деп аталбаган сыяктуу, **Ибадат** дагы **– Таухидсиз "ибадат" деп аталбайт**". Ошондой эле даараттy бузуучу себеп даараттy бузган сыяктуу, **ибадатка да ширк кирген болсо, анда ал ибадатты бузуп, жараксыз кылат.** Демек, ибадатка ширк аралашса аны (ибадатты) бузат, баардык (жакшы) амалдарды жок кылат жана адамды түбөлүк тозокко алып барат - мунун баарысын түшүнгөн болсоң, анда – **бул нерсени (ширкти) үйрөнүп-билүү бул сенин эң маанилүү, эң алгачкы, эң башкы милдетиң** экендигин билдиң! Балким, ошондо анан (бул милдетиңди аткарсаң) Аллах сени "Аллахка шерик кошуу" деп аталган тордон, тузактан куткараар. Бул тууралуу Аллах Куранда айткан :**"Акыйкатта, Аллах Өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан (ширктен) башка күнөөлөрдү кимге кааласа кечирет" (4:48)** Мына ушул (ширкти билип, андан сактанып, алыс болушуң) үчүн Аллах -Таала Куранда айтып кеткен төрт эрежени окуп-үйрөнүшүң керек.

**БИРИНЧИ ЭРЕЖЕ:** Аллахтын элчиси ﷺ каршы күрөшкөн каапырлар: "Аллах - Жаратуучу, Ырыскы берүүчү, Өлтүрүүчү, Тирилтүүчү, баардык иштерди Башкаруучу" - экендигин билип тастыкташкан, бирок бул нерсе аларды исламга киргизбеди (мусулман болушкан жок). Буга далил Аллахтын сөзү: **«(Оо, Мухаммад, мушриктерге – Аллахтан башкага сыйынгандарга) айт:"Силерге асман жана жерден ырыскы ким берет? Угуу менен көрүүнү ким башкарат? Өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү ким чыгарат? Ким (баардык) амалдарды башкарат?" Алар (сага) дароо: "Аллах" деп жооп беришет. "Анда эмне үчүн (Аллахтан) коркпойсуңар?" –деп айт!». (10:31)**

**ЭКИНЧИ ЭРЕЖЕ:** Алар (мушрик каапырлар) айтышат: "Биз аларга (бутпарастарга, идол, кудайчаларга) жөн гана бизди Аллахка жакындатышсын же Аллахтын алдында бизге шапаатчы болуп беришсин деп гана сыйынып, кайрылып жатабыз". 1) Аллахка жакындатууну эле (жалган кудайларынан) сурашкан, мунун далили: Аллах-Таала айтат: **"Андан (Аллахтан) башканы дос (кудай) кылып алгандар: "Биз аларга (кудайларыбызга) бир гана Аллахка бизди жакын кылышы үчүн эле сыйынабыз" (дешет). Алардын ортолорунда талашкан нерселер тууралуу албетте Аллах Өз өкүмүн чыгарат. Чындыгында, Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго салбайт!" (39:3);** 2) Аллахтын алдында шапаатчы эле болуп берсин деп (кудайларынан) сурашкан, буга далил: Аллах айтат: **Алар Аллахтын ордуна өздөрүнө зыян да, пайда да келтире албагандарга сыйынышат да: "Мына ушулар биздин Аллахтын алдындагы шапаатчыларыбыз"-дешет. Айткының: "Асмандар менен жерде Аллахка белгилүү болбогон нерсени Ага кабар берип жатасыңарбы?! Ал силер Ага кошкон шериктериңерден аруу жана бийик» (10:18)** Шапааттын эки түрү бар: Уруксат берилген жана тыюу салынган шапаат. Тыюу салынган шапаат: Жалгыз Аллах гана бере алган нерсени Аллахтан башка бирөөдөн суроо. Буга далил Аллахтын Сөзү:"**Эй, ыйман келтирген пенделер! Соода, достук, шапаат да болбой турган күн келгенче Биз силерге берген ырыскыдан (сооптуу иштерге) сарптагыла! Каапырлар болсо - адилетсиз заалымдар". (2:254)** Уруксат берилген шапаат: Аллахтан гана суралчу шапаат. Шапаат кылуучу – Аллах ага шапаат кылуу урматын белек кылган адам. Ал эми шапаат кылынуучу - кимдин Аллах сөздөрү жана амалдары менен ыраазы болгон киши, бирок, Аллах уруксат бергенден кийин гана. Буга далил Аллахтын Сөзү:**" «Анын алдында, Анын уруксаты жок эле, ким (жана ким үчүн) шапаат кыла алат?!»(2:255)**

**<u>ҮЧҮНЧҮ ЭРЕЖЕ:</u>** Пайгамбар ﷺ ар түрдүү нерселерге ибадат кылган адамдардын арасынан чыкты. Алардын кээ бирлери күн менен айга, периштелерге, пайгамбарларга жана олуяларга сыйынышса, кээ бирлери таштарга жана дарактарга сыйынышчу. Аллахтын элчиси ﷺ аларды эч айырмалап бөлбөстөн, баарына каршы туруп (Исламга киргизүү үчүн) күрөштү. Аллах-Таала айткан: **"Алар менен эч бир ширк (Алладан башкага сыйынуу) калбаганга чейин жана диндин баардыгы Аллах үчүн болгонго чейин каршы күрөшкүлө!"** (8:39).
(Ал учурда) **Күн менен айга** сыйынган мушриктер болгондугуна далил Аллах-Тааланын сөзү: **«Күн, Ай, күндүз жана түн Аллахтын (кудуретинин) белгилеринен. Күнгө да, айга да сажда кылбагыла! Аларды жараткан Аллахка сажда кылгыла эгер Анын Өзүнө ибадат кылуучу болсоңор!»** (41:37) **Периштелерге** сыйынгандар болгондугу тууралуу далил Аллах-Тааланын айтканы: **«Ал (Аллах) силерге периштелерди жана пайгамбарларды өзүңөргө кудай кылып алууга буйрубайт. Силерди мусулман болгонуңардан кийин, кайра каапырлыкка буюрмак беле»(3:80) Пайгамбарларга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы**: «Мына Аллах айтты: «Оо Мариямдын уулу Иса сен адамдарга: "Мени жана энемди Аллахтан бөлөк эки кудай кылып алгыла!" - деп айттыңбы?» - дегенде, Иса айтты: «Сен Аруу-Тазасың! Менин акым жок нерсени айтууга мага туура келбейт. Эгер айткан болсом, сен аны билмексиң. Мендегини сен билесиң, мен болсо Сеникин билбейм. Акыйкатта сен кайып иштерди Билүүчүсүң?" – дейт» (5:116) Олуяларга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы: **«Алар дуа кылып, кайрылып жаткандары өздөрү Раббисине жакындоонун жолдорун издеп, Аллахка кимибиз жакыныраак болот экенбиз деп, мээриминен үмүт кылып, азабынан коркушат. Чынында, Роббиңдин азабынан сак болуу зарыл».(17:57) Дарактарга** жана **таштарга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы: **«Аль-Лат менен аль-Узза тууралуу кабар бергилечи? Жана алардын үчүнчүсү Манат тууралуу дагы». (53:19-20**) Ошондой эле Абу Вакид аль-Лайси деген сахабанын (Аллах андан ыраазы болсун) хадиси, ал айтты: «Пайгамбар ﷺ менен бирге Хунейн согушуна сапар алдык. Ал учурда биз каапырчылыктан эми эле чыгып, жаңы ыйманга келген мусулмандардан элек. Жана мушриктердин "Зат анват" аттуу дарагы бар эле. Ал даракка мушриктер курал жарактарын (береке алабыз деп) илишчү. Биз ошондой дарактын жанынан өтүп баратып Аллахтын элчисине ﷺ айттык: "Оо, Аллахтын элчиси! Бизге да алардыкындай болгон Зат Анват жасап бер!" - дедик. Аллахтын элчиси айтты: "Аллаху акбар! Аллаху акбар! Аллаху акбар! Чындыгында бул (силерге чейинкилердин) жолдорунан. Менин жаным Анын колунда болгон Затка ант, силер так эле Бану Исраил Мусага айткандай эле айттыңар. (Алар айтышкан эле) **«Эй, Муса! Булардын кудайлары сыяктуу эле бизге да кудай жасап бер!» (7:138)**, (Ахмад:5/218; ат-Тирмизи: 2181)

**<u>ТӨРТҮНЧҮ ЭРЕЖЕ:</u>** Чынында, азыркы замандын мушриктеринин ширк амалдары алгачкы замандагы мушриктердин ширкинен да оорураак. Анткени алгачкы замандын мушриктери тынчтык, жакшылык учурда гана Аллахка ширк келтиришчү, ал эми кыйынчылык, оор убакытта жалгыз Аллахка, ыклас менен, ширк кылбай, түз кайрылышчу. Ал эми азыркы замандын мушриктери дайыма Аллахка шерик кошушат, тынчтык жана жеңилчилик учурунда да, кыйынчылык жана оор абалында да. Буга далил Аллахтын Сөзү: **«Качан алар кемеге отурушса (катуу толкун болуп, кеме чайпала башталса) Аллахка жалгыз түздөн-түз ыклас менен дуба (ибадат) кылышат. Качан аларды (апааттан) куткарып, жээкке чыгарып койсо, алар кайрадан Аллахка ширк кылышат». (29:65)**

*Аллах жакшы билүүчү. Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салам-салаваттар болсун!*

## Китептин мазмуну

*Бул китеп үчкө бөлүнөт :*

1. Киришүү (Бактылуулуктун белгилери)

2. Таухид илимин окуп-үйрөнүүнүн маанилүүлүгү

3. Төрт эреже. (Таухид менен ширкти айырмалоо)

# Биринчи бөлүк: Киришүү (Бактылуулуктун белгилери)

Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен (1)

Улуу Арштын Кожоюну Берешен Аллахтан суранам, сени бул дүйнөдө да, акыретте да Өз колдоосуна (камкордугуна) алсын (2) жана, ошондой эле, сени каякта болсоң да берекелүү кылсын! (3)

**(1) Автор китепти Аллахтын ысымы менен баштоосунун себеби**

1. Аллахтын китебинен, пайгамбарлар-элчилеринен (аларга Аллахтын саламы болсун) үлгү алуусу.

2. Китептерин Аллахтын ысымы менен баштоо адаты болгон аалымдарды жана алдыңкы момун – мусулмандарды ээрчүү максатында.

3. Аллахтын ысымын атап, береке талап кылуу максатында.

(2) Автор адытынча эле Аллахтын аты менен китебин баштаган соң, илим алуучуга дуа-тилек айтты. Ал үчүн Аллахтан баардык жакшылыкты тилейт жана бул нерсе автордун илим алуучуга чын жүрөктөн жакшылык каалайт экендигине далил.

(3) Чыныгы Аллахтын жактоочулары (олуялары), камкордугунун астындагылар – бул ыйман менен такыбалыкты өзүнө жыйнагандар.

Шейх ульИслам ибн Теймия айтты:"Ким ыйман келтирип, такыба болсо ошол Аллахтын олуясы (жакыны)". Буга Аллах-Тааланын сөзү далил:

**"Ооба! Албетте Аллахка жакын болгондор (олуясы) коркунуч тартпайт, кайгыга да түшпөйт. Алар ыйман келтиргендер жана такыба болгондор" (10:62-63)**

*Баракат(береке):* Жакшылыктын көбөйүүсү, өсүүсү.

*Табаррук (береке талап кылуу):* Жакшылыктын көбөйтүлүшүн суроо.

*Мубарак (берекелүү):* Кайда болсо да пайда алып келүүчү.

**Табарруктун (Береке тилөөнүн) эки түрү бар.**

**Тыюу салынган табаррук.** Шариатта да, сезимдер аркылуу да тастыкталбаган береке издөө жолдору. Бул кичине ширк болуп эсептелет.

**Уруксат берилген табаррук**

*Шарият аркылуу тастыкталган*

Мисалы: Мединадагы пайгамбардын ﷺ же Меккедеги Аль-Харам мечиттеринде намаз окуу.

*Сезимдер аркылуу тастыкталган.*

Мисалы: илим, жакшылыкка чакыруу ж.б.
Адамдын илиминен, жакшылыкка чакыруусунан береке алынат, бул чыныгы береке, анткени биз ал аркылуу көптөгөн жакшылыкка жете алабыз. Шейх уль-Ислам жана башка имамдардын китептери сымал. Аллах алардын китептерин берекелүү кылгандыгы себептүү көп адамдар алардан чоң пайда алышты.

Качан гана жакшылык–нээмат берилсе (сени) шүгүр кылуучулардан кылсын; [1]

[1] Аллахтан берилген жакшылык-нээматтар - биз үчүн сыноо. Буга көптөгөн далилдер бар.

**“Биз силерди жакшылык менен, жамандык менен да сынайбыз” (21:35)**

**“(Сулайман) Өзүнүн жанында турган тактыны көрүп, айтты:“Бул Роббимдин (мага болгон) мээрими, Ага шүгүр келтиремби же жокпу, ошону сынаш үчүн. Ким шүгүр кылса, ал өзүнүн пайдасына, ал эми ким шүгүр кылбаса, анда, чынында Аллах Бай (эч нерсеге муктаж эмес) жана Берешен” (27:40)**

Жана хадисте баяндалган аларга Аллахтан сыноо түшкөн Исраил урпактарынан болгон үч адамдын окуясы (Сокур (азиз), чачы өспөгөн жана ала (пес) оорусу менен ооруган үч адам тууралуу хадис).

**Жакшылык-нээматтар Таухид аль-Улухия жана ар-Рубубия менен байланыштуу.**
**Жакшылыкка шүгүр келтирүү эки түрдө болот:**

Жакшылыктан кийин шүгүр келтирүү.

Бул үчкө бөлүнөт:

Жүрөк менен:

Ырыскы, жакшылыктарды берүүчү бул Аллах деп бекем ишенип, толук моюнга алуу, жана Ага баш ийип, чынчылдык менен ыйман келтирүү.

Адамда кандай гана жакшылык болбосун – ал бир гана Аллахтан.

Тил менен:

Аллахтан болгон баардык жакшылыктарды кабарлап, Аллахка көп шүгүр келтирип, Ага мактоо айтуу керек.

**“Аллахтын жакшылыгын кабарла” (93:11)**

Дене-мүчөлөр аркылуу:

Аллах-Таала берген жакшылыктарды Аллах ыраазы болгон амалдарга колдонуу, ошону менен бирге Аллахка баш ийүү жана тыйган иштерден алыс болуу.

Жакшылык берилгенге чейинки адамдын Аллахка карата болгон мамилеси

Бул бөлүктө адамдан: “баардык жакшылыкты берүүчү бир гана Аллах” деген бекем ишеним, ыйман талап кылынат.

Аллахтан башка эч кимден жакшылык сурабай, жүрөктү Аллахтан башка эч нерсеге байлабоо керек.

Бейишке кирүүнү Аллах-Тааладан гана сурайбыз, анткени Аллах анын кожоюну, ошондой эле ырыскыны да Аллахтан башка эч кимден сурагaнга болбойт.

**“Эч өлбөй турган, Тирүү Затка тобокел кыл” (25:58)**

**“Аллахтын ордуна силер сыйынып жаткандар – силерге ырыскы бере албайт. Ырыскыны Аллахтан гана сурагыла, Аллахка сыйынгыла жана Ага шүгүр келтиргиле. Аллахка кайтарыласыңар”(29:17)**

...качан сыноо келгенде (сени) сабыр кылуучу кылсын[1]; а качан күнөө иш жасаганда кечирим сурагандардан кылсын, чындыгында, ушул үч сапат (нээматтарга шүгүр келтирүү, кыйынчылыкта сабыр кылуу, күнөөлөрдөн кечирим суроо) - бактылуулуктун белгиси.

[1] Сабыр кылуу - баардык Ислам аалымдарынын жалпы ой-пикири боюнча парз болуп эсептелет

**Сыноо түшкөндө жана жамандык болгон учурда Адамдар төрт түргө бөлүнөт**

- Ачууланып, каардануучу
- Сабыр кылуучу
- Ыраазы болуучу
- Шүгүр кылуучу

1. Ачууланып, каардануучу: - тыюу салынган, жана чоң күнөө болуп эсептелет. Бул үч нерседе айкын билинип чыгат:

- Жүрөктө
- Тилде
- Амалдарда

**- Жүрөк менен ачууланып каардануу:** Имам ибн Кайим ал-Жаузия, Аллах ага ырайым кылсын, мындай мааниде айткан: "Кээ бир адамдар тил менен айтканга батына албаса дагы, алар Жараткан Зат тууралуу эң жаман ойдо экендигине өздөрүнүн көкүрөгүндөгү жүрөктөрү күбө.
Алардын ичинде "Кудайым мага зулумдук кылды, мага бир нерсе бербей койду, бир нерседен айрылтты" ж.б. у.с. ойлор катылып жүрөт.
Өзүңдү карап көр! Сен бул нерседен куткарылган экенсиңби? Эгерде мындан аман болсоң, анда сен чоң балээден, бактысыздыктан сакталган экенсиң.

**- Тил менен ачуулануу**: качан кыйынчылык түшкөндө бакырып-өкүрүп ыйлап, кыйкырынып, наалат айтып, балээ тилеп, сөгүнүп жана башка Аллахка жакпаган жаман сөздөрдү айтуу.

**- Ачуулануунун амалдарда чыгуусу**: качан адам өзүн – өзү бетке уруп, кийимдерин, жакасын айрып, чачтарын жулуп, бир нерселерди талкалап ж.б. жаман, туура эмес иштерди кылуусу.

2. Сабырдуулук: Жамандык келген учурда сабыр кылуу парз болуп саналат. Сабыр кылуу да жүрөктө, тилде жана амалдарда болот. Имам Ахмад, Аллах ага ырайым кылсын, айткан: *"Сабырдуулук Куранда токсонго жакын жерде эскерилет жана үммөттүн жалпы ой-пикири боюнча сабыр кылуу парз болот жана сабырдуулук бул ыймандын жарымы. Ыйман эки бөлүктөн турат: бир бөлүгү – сабыр кылуу, экинчиси—шүгүр кылуу".* («Мадариж ас-Саликин»)

3. Ыраазы болуу: Өкүмү мустахаб (ким муну кылса сооп табат, кылбаса-күнөө жок). Кыйынчылыкка ыраазы болуунун даражасы сабыр кылуудан да жогору.

4. Шүгүр кылуу: Эң жогорку, эң бийик жана толук даража.

# Төрт эреже

Билгиниң, Аллах сени Өзүнө баш ийүү жолуна салсын, **ал-Ханифия,** Ибрахим пайгамбардын дини - бул сен жалгыз Аллахка сыйынып, эч кимди ага шерик кылбай динди бекем кармаганың.
Муну Аллах адамдардын баарысына буюруп, дал ушул максатта аларды жараткан.
Аллах-Таала айтты:**"Жиндер менен инсандарды бир Өзүмө алар ибадат кылуусу (сыйынуусу) үчүн гана жараттым"** (51:56)[1]

Аллах Өзүнө гана сыйынуу үчүн сени жаратканын билген болсоң, анда билишиң керек:
"Намаз - даарatсыз намаз деп аталбаган сыяктуу, **Ибадат** дагы **– Таухидсиз "ибадат" деп аталбайт**"

Ошондой эле даарatты бузуучу себеп даарatты бузган сыяктуу, **ибадатка да ширк кирген болсо, анда ибадатты бузуп, жараксыз кылат.**

Демек, ибадатка ширк аралашса аны (ибадатты) бузат, баардык (жакшы) амалдарды жок кылат жана адамды түбөлүк тозокко алып барат - мунун баарысын түшүнгөн болсоң, анда – **бул нерсени (ширкти) үйрөнүп-билүү бул сенин эң маанилүү, эң алгачкы, эң башкы милдетиң** экендигин билдиң! Балким, ошондо анан (бул милдетиңди аткарсаң) Аллах сени "Аллахка шерик кошуу"- деп аталган тордон, тузактан куткараар.

Бул тууралуу Аллах Куранда айткан :**"Акыйкатта, Аллах Өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан (ширктен) башка күнөөлөрдү кимге кааласа кечирет"** (4:48)

Мына ушул (ширкти билип, андан сактанып, алыс болушуң) үчүн Аллах -Таала Куранда айтып кеткен төрт эрежени окуп-үйрөнүшүң керек.

**<u>БИРИНЧИ ЭРЕЖЕ</u>:** Аллахтын элчиси ﷺ каршы күрөшкөн каапырлар: "Аллах - Жаратуучу, Ырыскы берүүчү, Өлтүрүүчү, Тирилтүүчү, баардык иштерди Башкаруучу" - экендигин билип тастыкташкан, бирок бул нерсе аларды исламга киргизбеди (мусулман болушкан жок).
Буга далил Аллахтын сөзү:
**«(Оо, Мухаммад, мушриктерге – Аллахтан башкага сыйынгандарга) айт:"Силерге асман жана жерден ырыскы ким берет? Угуу менен көрүүнү ким башкарат? Өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү ким чыгарат? Ким (баардык) амалдарды башкарат?" Алар (сага) дароо: "Аллах" деп жооп беришет. "Анда эмне үчүн (Аллахтан) коркпойсуңар?" –деп айт!». (10:31)**[2]

[1] Эмне себептен Таухидди окуп-үйрөнүшүбүз керектигин автор түшүндүрүп кетти.

[2] Аларга пайгамбар ﷺ жөнөтүлгөн каапырлар Аллахтын Рубубиясын (Жаратуучу, Башкаруу, Ырыскы берүүдөгү жалгыздыгын) тастыктап билишкен, бирок анысына карабай Аллахтын элчиси ﷺ аларга каршы күрөшкөн. Аллахтын элчиси ﷺ менен каапырлардын ортосундагы талаш-тартыш, душмандык, касташуу Таухиддин Улухия бөлүгүнүн негизинде болгон, б.а. Аллах жалгыз сыйынууга татыктуу экендиги боюнча. Аллахтын бар экендиги, Ал жаратуучу, ырыскы берүүчү экендиги боюнча эмес, анткени алар мунун баарысын моюнга алып, тастыктап, ырастап билишкен.

**Демек, ким гана болбосун Аллахтан бөлөк башка бир нерсеге сыйынган болсо, же Аллах менен бирге башка бирөөгө ибадат кылса – ал мушрик, каапыр (Аллахтын бар экендигине, Ал жалгыз ырыскы, шыпаа берүүчү, баардык нерселерди Башкаруучу деп билген болсо дагы).**

**ЭКИНЧИ ЭРЕЖЕ:** Алар (мушрик каапырлар) айтышат: “Биз аларга (бутпарастарга, идол, кудайчаларга) жөн гана бизди Аллахка жакындатышсын же Аллахтын алдында бизге шапаатчы болуп беришсин деп гана сыйынып, кайрылып жатабыз”

1) Аллахка жакындатууну эле (жалган кудайларынан) сурашкан, мунун далили:
Аллах-Таала айтат:
**“Андан (Аллахтан) башканы дос (кудай) кылып алгандар: "Биз аларга (кудайларыбызга) бир гана Аллахка бизди жакын кылышы үчүн эле сыйынабыз" (дешет). Алардын ортолорунда талашкан нерселер тууралуу албетте Аллах Өз өкүмүн чыгарат. Чындыгында, Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго салбайт!” (39:3)**[1];

2) Аллахтын алдында шапаатчы эле болуп берсин деп (кудайларынан) сурашкан, буга далил:
Аллах-Таала айтат: **“Алар Аллахтын ордуна өздөрүнө зыян да, пайда да келтире албагандарга сыйынышат да: “Мына ушулар биздин Аллахтын алдындагы шапаатчыларыбыз”-дешет. Айткының: ”Асмандар менен жерде Аллахка белгилүү болбогон нерсени Ага кабар берип жатасыңарбы?! Ал силер Ага кошкон шериктериңерден аруу жана бийик» (10:18)**

Шапааттын эки түрү бар: Уруксат берилген жана тыюу салынган шапаат[2]
Тыюу салынган шапаат: Жалгыз Аллах гана бере алган нерсени Аллахтан башка бирөөдөн суроо.

Буга далил Аллахтын Сөзү:“**Эй, ыйман келтирген пенделер! Соода, достук, шапаат да болбой турган күн келгенче Биз силерге берген ырыскыдан (сооптуу иштерге) сарптагыла! Каапырлар болсо - адилетсиз заалымдар” (2:254).**

Уруксат берилген шапаат: Аллахтан гана суралчу шапаат.
Шапаат кылуучу – Аллах ага шапаат кылуу урматын белек кылган адам.
Ал эми шапаат кылынуучу - кимдин Аллах сөздөрү жана амалдары менен ыраазы болгон киши, бирок, Аллах уруксат бергенден кийин гана. Буга далил Аллахтын Сөзү:“ **«Анын алдында, Анын уруксаты жок эле, ким (жана ким үчүн) шапаат кыла алат?!» (2:255)**

[1] Каапырлар сыйынып жаткан жалган кудайлары боюнча: “Биз аларга кайрылган максатыбыз - жөн эле алар аркылуу Аллахка жакындоо жана алар Аллахтын алдындагы биздин шапаатчыларыбыз, колдоочуларыбыз, ортомчуларыбыз” – деп актанышат.

Дал ушул амалдары себептүү алар каапыр болушкан жана Пайгамбар ﷺ алар менен Исламга киргизиш үчүн күрөшкөн.

[2] Шапаат кылуу “аш-шафа'а”

Тилдеги мааниси “бириктирүү, кошуу”, “бирөөнү эки кылуу”.

Шарияттык мааниси - кандайдыр бир пайда жеткирүү же зыяндан тосуу максатында кимдир-бирөөгө ортомчу болуп, колдоп берүү.

## Шапааттын түрлөрү

**Тыюу салынган шапаат.**

Куран аркылуу тыюу салынган.

Бул Аллахтын гана кудурети, күчү жете турган нерсени башкадан суроо.

Ушул шапаатчылык чоң ширк болот.

**Адамдардын колунан келүүчү нерселерди суроо.**

**Бул төрт шарт менен туура болуп эсептелинет:**

1. Шапаатчы тирүү болушу керек.
2. Сурап жатканда жанында бар болушу керек
3. Аткарганга кудурети жетиш керек
4. Ал бир гана себеп деген ишеним болуш керек

**Уруксат берилген шапаат.**

Бул Аллахтан гана сурала турган шапаат жана төмөнкү шарттары бар:
1. Аллахтын уруксаты болуш керек.
2. Аллах ким менен ыраазы болгон болсо, ошол гана шапаатчы боло алат
3. Аллах ким менен ыраазы болгон болсо, ошого эле карата шапаат кылынат.

Жалпы шапаат: пайгамбарлар, периштелер, жалгыз Аллахка сыйынгандар, кичинекей кезинде каза болгон жаш балдар кыла алчу шапаат

- Аллахка шерик кошпой сыйынгандардын Бейиштеги даражаларын жогорулатуу үчүн болгон шапаат
- Жалгыз Алллахка сыйынгандардын тозоктон, ага кирбей эле куткарылышы үчүн болгон шапаат (Эгерде күнөөлөрү себептүү азапка татыктуу болуп калган болсо)
- Тозокко кирип калган жалгыз Аллахка сыйынгандарды тозоктон чыгаруу үчүн

Пайгамбарыбызга ﷺ гана таандык болгон шапаат

- Улуу шапаат
- Пайгамбардын ﷺ агасына, анын тозоктогу азабын жеңилдетиши үчүн болгон шапааты
- Бейиш эшиктери ачылышы үчүн болгон шапааты

**ҮЧҮНЧҮ ЭРЕЖЕ:** [1] Пайгамбар ﷺ ар түрдүү нерселерге ибадат кылган адамдардын арасынан чыкты. Алардын кээ бирлери күн менен айга, периштелерге, пайгамбарларга жана олуяларга сыйынышса, кээ бирлери таштарга жана дарактарга сыйынышчу.

Аллахтын элчиси ﷺ аларды эч айырмалап бөлбөстөн, баарына каршы туруп (Исламга киргизүү үчүн) күрөштү.
Аллах-Таала айткан:
**"Алар менен эч бир ширк (Алладан башкага сыйынуу) калбаганга чейин жана диндин баардыгы Аллах үчүн болгонго чейин каршы күрөшкүлө!"** (8:39).

(Ал учурда) **Күн менен айга** сыйынган мушриктер болгондугуна далил Аллах-Тааланын сөзү:
**«Күн, Ай, күндүз жана түн Аллахтын (кудуретинин) белгилеринен. Күнгө да, айга да сажда кылбагыла! Аларды жараткан Аллахка сажда кылгыла эгер Анын Өзүнө ибадат кылуучу болсоңор!»** (41:37)

**Периштелерге** сыйынгандар болгондугу тууралуу далил Аллах-Тааланын айтканы:

**«Ал (Аллах) силерге периштелерди жана пайгамбарларды өзүңөргө кудай кылып алууга буйрубайт. Силерди мусулман болгонуңардан кийин, кайра каапырлыкка буюрмак беле»(3:80)**

[1] Бул үчүнчү эрежеде "ширк бул буттарга, таштарга гана сыйынуу менен чектелет" дегендерге каршы ачык далил бар,

Пайгамбар ﷺ келген заманда жасалма кудайчалар (буттар) менен бирге эле көптөгөн башка дагы ибадат кылынуучу заттардын болгондугун шариаттык далилдер ачык баяндап берет. Демек, биз дагы азыркы күнү ошол нерселердин баарысынан өзүбүз биринчи ирет катуу сактанып жана башкаларды да Аллахтан башкага сыйынуудан кайтарышыбыз керек.

Аллахтын элчиси ﷺ ар түрдүү нерселерге сыйынуучуларды бири-биринен айырмалаган эмес, тескерисинче, мунун баарысын «тагутка» (шайтанга) сыйынуу деп атаган жана дин толугу менен Аллахка гана арналсын деп, Аллахтан башкага ибадат кылгандардын баарысы менен бирдей каршы күрөшкөн.

**Пайгамбарларга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын **айтканы:**
**«Мына Аллах айтты: «Оо Мариямдын уулу Иса сен адамдарга: “Мени жана энемди Аллахтан бөлөк эки кудай кылып алгыла!” - деп айттыңбы?» - дегенде, Иса айтты: «Сен Аруу-Тазасың! Менин акым жок нерсени айтууга мага туура келбейт. Эгер айткан болсом, сен аны билмексиң. Мендегини сен билесиң, мен болсо Сеникин билбейм. Акыйкатта сен кайып иштерди Билүүчүсүң” – дейт» (5:116)**

**Олуяларга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы:
**«Алар дуа кылып, кайрылып жаткандары өздөрү Раббисине жакындоонун жолдорун издеп, Аллахка кимибиз жакыныраак болот экенбиз деп, мээриминен үмүт кылып, азабынан коркушат. Чынында, Роббиңдин азабынын сак болуу зарыл».(17:57)**

**Дарактарга** жана **таштарга** сыйынгандар тууралуу Аллахтын айтканы:
**«Аль-Лат менен аль-Узза тууралуу кабар бергилечи? Жана алардын үчүнчүсү Манат тууралуу дагы». (53:19-20**)

Ошондой эле Абу Вакид аль-Лайси деген сахабанын (Аллах андан ыраазы болсун) хадиси, ал айтты: «Пайгамбар ﷺ менен бирге Хунейн согушуна сапар алдык. Ал учурда биз каапырчылыктан эми эле чыгып, жаңы ыйманга келген мусулмандардан элек. Мушриктердин “Зат анват” [1] аттуу дарагы бар эле. Ал даракка мушриктер курал жарактарын (береке алабыз деп) илишчү. Биз ошондой дарактын жанынан өтүп баратып Аллахтын элчисине ﷺ айттык: “Оо Аллахтын элчиси! Бизге да алардыкындай болгон Зат Анват жасап бер!” - дедик. Аллахтын элчиси ﷺ айтты: “Аллаху акбар! Аллаху акбар! Аллаху акбар! Чындыгында бул (силерге чейинкилердин) жолдорунан. Менин жаным Анын колунда болгон Затка ант, силер так эле Бану Исраил Мусага айткандай эле айттыңар. (Алар айтышкан эле) **«Эй, Муса! Булардын кудайлары сыяктуу эле бизге да кудай жасап бер!» (7:138)**, (Ахмад:5/218; ат-Тирмизи: 2181)

[1] “Зату анват” – мушриктердин дарагы эле, ал даракка курал-жарактарын илип, береке алып, кийин согушта жеңишке жетебиз деген ишенимдери болгон жана ошондой эле береке алуу максатында ал дарактын жанында көп убакытка калышаар эле (итикаф).

Бүгүнкү күндөгү мазарлар, мүрзөлөр, чүпүрөк байлануучу дарактар, берекелүү деп адамдар атаган суу-дайралар сыяктуу.

Аларга, же алардан бөлөк дагы башка нерселерге барып сыйынуу, табынуу, береке алуу максатында бир нерселерди илүү, же дене менен сөйкөнүү, же ал жерлердин топурагын жеп, суусун өзгөчө деп ичүү, же алардан бир нерселерди тумар кылып үйгө алып кетүү, же өзүнө жана унааларга илүү, алардын жанында чогулуш уюштуруу, убакыт өткөрүү (итикаф), курмандык чалуу жана башка ушул сыяктуу иштердин баарысына шариатта эң катуу тыюу салынган, жана булар Аллах-Таала эң жек көргөн иштер болуп саналат. Мына ушул нерселерден кайтаруу үчүн Аллах-Таала пайгамбарларды жиберип, ыйык китептерди түшүргөн. Демек, бул иштердин эч кандай Исламга тиешеси жок, тескерисинче, булар исламдагы эң башкы тыюу салынган иштер, бул күнөөлөр адам өлтүрүүдөн да, зынаа (ойноштук) кылуудан да оор. Аллах-Таала баардыгыбызды билип-билбей кылган күнөөлөрүбүздү кечирген болсун, жана бизди туура жолго салып, кадамдарыбызды өзүнүн désininde бекем кылып, акыйкатты акыйкат кылып көрсөтүп, адашууну адашуу кылып көрсөткөн болсун! Акыйкатта, Ал Кечиримдүү, Боорукер, Кудуреттүү Зат!

**ТӨРТҮНЧҮ ЭРЕЖЕ:** Чынында, азыркы замандын мушриктеринин ширк амалдары алгачкы замандагы мушриктердин ширкинен да оорураак.
Анткени алгачкы замандын мушриктери тынчтык, жакшылык учурда гана Аллахка ширк келтиришчү, ал эми кыйынчылык, оор абалда жалгыз Аллахка, ыклас менен, ширк кылбай, түз кайрылышчу.

Ал эми азыркы замандын мушриктери дайыма Аллахка шерик кошушат, тынчтык жана жеңилчилик учурунда да, кыйынчылык жана оор абалында да.

Буга далил Аллахтын Сөзү: **«Качан алар кемеге отурушса (катуу толкун болуп, кеме чайпала башталса) Аллахка жалгыз түздөн-түз ыклас менен дуба (ибадат) кылышат. Качан аларды (апааттан) куткарып, жээкке чыгарып койсо, алар кайрадан Аллахка ширк кылышат».** (29:65) [1]

**Аллах жакшы билүүчү. Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салам-салаваттар болсун!**

[1] Бул эрежеде автор (Аллах ага ырайым кылсын) азыркы заманда кылынып жаткан мушриктердин ширк амалдары өтө коркунучтуу экенин баяндап кетти.

Биздин замандагы мушриктердин ширки алгачкы замандагы мушриктердин ширкине караганда коркунучтуу жана оорураак.

Анткени, бүгүнкү күндө мушриктер жамандык жана кыйынчылыкта, жыргалчылык жана тынчтыкта, баардык абалында ширк кылышат.

Ал эми алгачкы замандын мушриктери жакшылыкта гана Аллахка ширк келтирип, кыйынчылык учурунда Аллахтын жалгыздыгын моюнга алышкан.

Эгерде пайгамбар ﷺ жөнөтүлгөн алгачкы замандагы мушриктердин ширктери жеңилирээк болгон болсо, ал эми биздин замандагы, ар убакта, оор абалда да, жеңил учурда да Аллахка шерик кошуп жүргөндөр тууралуу эмне деп айтабыз?

Мындай адамдар каапыр деп аталууга көбүрөөк татыктуу.

Аллах жакшы билүүчү. Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салам-салаваттар болсун!

**Кириш сөз, бул жакта бактылуулуктун белгилери эскерилет.**

**Бактылуулуктун белгилери (3 белгиси)**

**(1) Ага жакшылык берилгенде шүгүр келтирет**

- Берилген ырыскы сыноо болот. **«биз силерди жакшылык жана жамандык менен да сынайбыз»(21:35)**
  - Берилген ырыскыга шүгүр келтирүү
    - Таухид ар-Рубубия менен байланыштуу.
      - Бейишти Аллахтан гана суроо, анткени бейиштин Ээси Аллах. Ошондой эле ырыскыны да Аллахтан суроо зарыл. Аллахка жүрөктү байлоо керек, андан башкага эмес .
    - Таухид аль-Улухия менен байланыштуу
      - Жүрөк менен шүгүр кылуу: Бул баардык жакшылык Аллахтан гана болот, андан башкадан эмес - деп жүрөк менен тастыктоо.
      - Тил менен шүгүр кылуу: **«Аллах мага Мээрим кылды, мени сынаш үчүн. Мен ыраазы боломбу же ыраазы болбоймунбу»(27:40)**
      - Дене-мүчө менен шүгүр кылуу: Ушул жакшылыкты берген Аллахка, Ал ыраазы болгон иштерди аткаруу. Байлык берилген болсо, Аллах ыраазы болгон иштерге жумшоо. Илим берилген болсо, аны башкаларга жеткизүү.

**(2) Сыноолор келгенде сабыр кылат**

- Адамдарга сыноо келгенде алардын акыбалы төрт түргө бөлүнөт
  - Ачуулануусу, жүрөгү, тили жана денеси менен. Мындай кылуу чоң күнөө болуп эсептелет жана абалына жараша кичине ширк дагы болушу ыктымал.
  - Сабыр: сабырдын өкүмү милдет (парз) болот, Ислам аалымдары айткандай. Жүрөк, тил жана Дене-мүчө менен сабыр кылуу. Кыйынчылыкка сабыр кылуунун даамы ачуу, бирок акыры таттуу. (Сабырдын түбү – сары алтын)
  - Ыраазы болуу: бул акыбал Мустахаб жана жашообузда эмне болбосун баардыгы Аллахтан, жана тагдырыбызга кандай нерсени тартуулабасын биз үчүн жакшылык деген толук ишенимде билинет.
  - Шүгүр келтирүү: Эң жогорку жана толук деңгээли. Аллахтын шүгүр кылуучу пенделеринин сыпаты.

**(3) Качан күнөө кылса, кечирим сурайт.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| «аль-Ханифиййа» Ибрахим пайгамбардын дини, сен Аллахка эч нерсени шерик кылбай сыйынууң, сени ушул үчүн жараткан. Ибадат – Таухидсиз ибадат болуп эсептелбейт. Эгер ибадатка ширк аралашса, ибадатты бузат, амалды жок кылат, ким ширк кылган болсо түбөлүк тозокко кирет. Ошон үчүн муну үйрөнүү сен үчүн эң башкы милдет. | Таухидди окуп-үйрөнүүнүн себеби жана ширктин коркунучу. | | |
| **Биринчи эреже**: Пайгамбар ﷺ менен күрөшкөн каапырлар, Аллахтын Жаратуучу, Ырыскы берүүчү, Өлтүрүүчү (ар-Рубубияда жалгыз) экендигин кабыл кылышкан, бирок аларды бул ишенимдери мусулман кылган жок. Анткени алар сыйынууга татыктуу жалгыз Аллах экендигин (Таухид аль-Улухияны) кабыл кылышкан эмес. | | Төрт эреже | |
| **Экинчи эреже**: Пайгамбар ﷺ доорундагы каапырлар жалган кудайларына Аллахка жакындатат жана ортомчу, колдоочу болуп берет деп сыйынышкан. | | | |
| **Үчүнчү эреже**: Пайгамбар ﷺ ибадаттарында ар түрлүү болгон адамдардын арасынан чыкты, алардын баардыгы менен күрөшкөн жана алардын ширктерин айырмалаган жок | | | |
| **Төртүнчү эреже**: Биздин замандагы мушриктердин ширк кылуусу, алгачкы замандагы мушриктердин ширк кылуусунан коркунучтуу. | | | |

# Экзамендик суроолор

Атыңыз ………….
«Китаб атТаухидтен» канча бөлүктү жаттадыңыз?……………
«Төрт эрежени» жатка билесизби? ……………

| | Куран жана Сүннөттөн далил |
|---|---|
| Берилген нээматтар - сыноо | |
| Каапырлар Таухид ар-Рубубияны тастыкташкан | |
| Аллахтан башка бирөөгө сыйынуу аркылуу Аллахка жакындоону максат кылуу | |
| Уруксат берилбеген шапаат | |
| Күн жана айга сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Периштелерге сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Пайгамбарларга сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Олуяларга сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Таштарга, дарактарга сыйынуучу мушриктер болгон | |
| Мушриктер кыйынчылык учурда чын ыкластан жалгыз Аллахка сыйынып, саламаттыкта ширк кылышкан | |
| Ширк боюнча далил | |

Бул суроолорго жооп бер:

<table>
<tr><td colspan="3">Эмнеге биз Таухидди окуйбуз?</td><td>1</td><td>2</td><td>3</td><td>4</td></tr>
<tr><td colspan="2">5</td><td>6</td><td>7</td><td>8</td><td colspan="2">9</td></tr>
<tr><td colspan="3">Эмнеге “Төрт эрежени” окуйбуз?</td><td colspan="2">1</td><td colspan="2">2</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="2">3</td><td colspan="4">4</td></tr>
<tr><td colspan="3">“Төрт эреже” китеби кандай бөлүктөргө бөлүнөт?</td><td>1</td><td>2</td><td colspan="2">3</td></tr>
<tr><td colspan="3">“Төрт эреже” бул кайсы китептин кыскача баяндамасы?</td><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="3">Эмнеге биз “Күмөндөрдү кетирүү” китебин окубайбыз?</td><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="3">Бактылуулуктун белгилери</td><td>1</td><td>2</td><td colspan="2">3</td></tr>
<tr><td colspan="3">Аль -ханифиййя - бул…</td><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="3">Төрт эрежени окуп-үйрөнүүнүн пайдалары</td><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="3">Аллахтын олуялары(жакындары) бул...</td><td colspan="4">Шейх аль-Ислам айткан:</td></tr>
<tr><td colspan="3">Буга далил:</td><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="3">Нээматтарга шүгүр келтирүү эмне аркылуу болот (мисалдарды келтир)</td><td colspan="4">1</td></tr>
<tr><td colspan="7">2</td></tr>
<tr><td colspan="7">3</td></tr>
<tr><td colspan="3">Пенденин Аллах менен байланышы кандай болуусу зарыл</td><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="3" rowspan="2">Кыйынчылык учурда адамдардын абалы. Исламда булардын өкүмдөрү кандай?</td><td colspan="4">1</td></tr>
<tr><td colspan="4">2</td></tr>
</table>

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | | | 4 | | |
| Шапааттын «*Аш -шафа’а*» тилдик мааниси: | | | Шапааттын «*Аш -шафа’а*» шариаттык мааниси: | | |
| Шапаат бөлүнөт... | | | 1 | 2 | 3 |
| Уруксат берилген шапаатын шарттары | | | 1<br>2<br>3 | | |
| Кабыл болуучу шапаат бөлүнөт... | | | | | |
| 1<br>Бул мынчага бөлүнөт: | | | 2<br>Бул мынчага бөлүнөт: | | |
| 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 3 |
| Биринчи эреже: | | | | | |
| Экинчи эреже: | | | | | |
| Үчүнчү эреже: | | | | | |
| Төртүнчү эреже: | | | | | |
| Ширк аралашкан амалдын өкүмү: | | | Буга далил: | | |

# Исламды бузуучу амалдар

# Исламды бузуучу амалдар

**Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен**

**Билгинин, Исламды жараксыз кылып, буза турган он амал бар!**

**Биринчи**: Ибадатта Аллахка шерик кошуу. Аллах-Таала айтты:
“**Акыйкатта, Аллах өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү, эгер кимди (кечирүүнү) кааласа, кечирет**” (4 : 48)
Жана Аллах-Таала айтты: **Ким Аллахка шерик кошсо, Аллах ага Жаннатты (Бейишти) арам кылды. Анын жайы тозок оту. Жана заалымдарга жардамчылар жок.** (5: 72)
Жана мунун мисалдары: Аллахтан башка бирөөгө арнап курмандык чалуу, мисалы жинге же кабырга арнаган сыяктуу.

**Экинчи**: Ислам аалымдарынын бир ой-пикири боюнча, ким эгерде Аллах менен өзүнүн ортосунда шапаатчы, ортомчу алса, андан шапаат тилеп, тобокел кылса – каапыр болот

**Үчүнчү:** Ким мушриктерди (Аллахтан башкага сыйынгандарды, бутпарастарды) каапыр деп эсептебесе, же алар каапыр экендигинен күмөн санаса, же алардын жолун (динин, ишенимдерин) туура деп эсептесе - каапыр болот.

**Төртүнчү**: Кимде-ким Аллахтын элчисинин ﷺ жолунан башка бирөөнүн жолу туура деп ишенсе, же башка бирөөнүн өкүмдөрү Аллахтын элчисинин ﷺ өкүмдөрүнөн жакшыраак деп эсептесе - ал каапыр.

**Бешинчи**: Ким Аллахтын элчиси ﷺ алып келген нерсенин негизинде амал кылса да, бирок ошол эле убакытта аны (амалдарды) жек көрсө - каапыр болуп эсептелет.

**Алтынчы амал:** Ким Аллахтын элчиси ﷺ алып келген диндин бир нерсесин шылдыңдаса, же болбосо Аллахтын сыйлыгын(сообун) же жазасын(азабын) шылдыңдап, мазактаса - каапырчылыкка (куфрга) түшүп калат. Буга далил Аллахтын айтканы: **“Эгерде алардан сурасаң, сөзсүз: " Биз жөн эле тамашалап, ойноп койдук", - дешет. Айткыныӊ: " Аллахты, Анын аяттарын жана Анын элчисин шылдыңдадыңарбы? Кечирим сурабагыла. Силер ыйманыңардан кийин каапыр болдуңар. Эгер Биз бир тайпаңарды кечирсек, башка бир тобуңарды күнөөсүнөн улам азаптайбыз."** (Ат-Тауба, аят 65, 66)

**Жетинчи амал:** Сыйкыр жана ошондой эле буга ысытма - суутма дагы кирет. Ким бул нерселерди аткарса же аны менен ыраазы болсо - каапырчылыка түшөт. Буга далил Аллах-Тааланын сөздөрү: " Алар (периштелер): " Биз сынообуз (азгыруубуз). Каапыр болуп калбагыла!" - деп айтмайынча, ал экөө эч кимге (сыйкырды) үйрөтүшкөн эмес." (2:102)

**Сегизинчи амал:** Мусулмандарга каршы мушриктерге жардам берүү жана колдоо. Алланын далил болчу сөзү: **"Силерден ким аларга дос болсо, анда ал ошолордон. Албетте, Аллах заалым коомду туура жолго баштабайт."**

**Тогузунчу амал:** Кимде - ким Хидр Мусанын шариятынан чыккан сыяктуу Мухаммаддын ﷺ шариятынан чыкса болот деген ишенимде болсо, каапыр болуп саналат.

**Онунчу амал**: Алланын growininен, аны окуп-үйрөнүүдөн, ага ылайык амалдарды кылуудан баш тартуу (бул дагы Исламдан чыгаруучу каапырлык). Муну Аллах-Тааланын сөзү далилдейт: **"Өз жаратканынын аяттары менен насыяттангандан кийин алардан жүз үйрүгөндөрдөн да заалым ким бар?! Албетте, биз мындай күнөөкөрлөрдөн өч алабыз."**

Бул иштерди тамашалап болобу, чындапбы же корккондон улам жасаган болобу, баарысында айырма жок. Бир гана мажбурланып, зордолгон абалда жасагандан башкасы.

Жана дал ушул иштер эң коркунучтуу жана эң эле көп кездешкен иштерден болуп эсептелет. Ошондуктан мусулман бул иштерден алыс болуп, буга түшүп калуудан сактанышы керек.

Аллахтан Анын каарына жана катуу азаптарга себеп болгон нерселерден сактоосун тилейбиз. Аллахтын салам жана салаваттары жаралгандардын мыктысы болгон Мухаммадка, анын сахабаларына жана аларды ээрчигендерге болсун.

# Баяндама

## Автордун киришүүсү

**Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен**
**Билгиниң, Исламды жараксыз кылып, буза турган он амал бар!**

### Эмнеге аалымдар китептерин "бисмиЛлах" (Аллахтын ысымы менен) деген сөз менен башташат?

- Аллахтын Китебин, элчи-пайгамбарларын ээрчип
- Алгачкы аалымдарды ээрчип
- Бул сөз аркылуу Аллахтан береке тилеп
- *«Кайсы бир иш бисмиЛлах менен башталбаса"* деген хадиске жараша, бирок ал тастыкталбаган (даиф) хадис

### Куран, Сүннөттөгү амалдар бир сан менен чектелгенби?

- Куран, Сүннөттүн башка жагында аталган сандан көбүрөөк келген болсо, анда бир сан менен чектелбейт. Мисалы хадис: *«Өлүмгө алып келүүчү жети күнөөдөн сактангыла...»*
- Ал эми Куран, Сүннөттүн башка жагында аталган сандан чыкчу эч нерсе келбесе, анда бир сан менен чектелет, Джебреилдин хадисиндеги Ислам менен Ыймандын түркүктөрү сыяктуу.

**Эмнеге анда бир сан аталат, эгерде ал сан менен чектелбесе?**

Бул пайгамбардын ﷺ өзүнүн сахабаларын эң жакшы түрдө окутуусу. Анткени бул сандар аркылуу алар бул хадистерди жаттап калышына жана убакыт өткөн соң унутуп калбай, эске түшүрө алганга жеңил болду. Мисалы пайгамбар ﷺ айткан сыяктуу: “*Мен силерге үч нерсеге касам айтам, андан соң үч нерсени айтам, а силер аны жаттап калгыла! Садака пенденин мүлкүн азайтпайт…»,*
жана ушул ыкманы бул китептин автору да колдонот

**Эмнеге исламды бузуучу амалдарды окуп жатабыз?**

Муну үйрөнүүнүн пайдасы өтө чоң, а балким, мунун пайдасы эң башкы пайдалардан – (муну биз) окуп жатабыз, кийин булардан сак болушубуз үчүн. Дааратты бузуучу же намазды буза турган амалдарды үйрөнгөнүбүз сыяктуу эле.
Хузейфа айткан: “Адамдар Алланын элчисинен ﷺ жакшылык тууралуу сурап жатышты, мен болсо жамандык тууралуу сурап жаттым, мага ошол жамандыктын келип калышынан коркуп”

**«Науакыд аль-ислям»(Исламдан чыгаруучу амалдар) деген эмне?**

Бул адамдын исламын жараксыз кылып коюучу амалдар, жана адамды Исламдан чоң каапырлыкка чыгарып салуучу иштер. Ал эми Ислам - бул Аллахка Таухиддин негизинде багынуу, Ага баш ийип, моюн сунуу жана ширктен жана мушриктерден баш тартуу.

**Мааниси**

Мусулманды Исламдан чоң куфрга (каапырлыкка) чыгаруучу нерсе

Аллах бизди сактасын

**Аалымдардын бул иштер боюнча ой-пикири бирдейби?**

Ооба

**Эмнеге аалымдар кээде «бузуучу…»-деп, кээде «жараксыз кылуучу…»-деп айтышат?**

Илим алуучу тажап кетпеси үчүн эле, экөөнүн мааниси бирдей

**Ушул сан менен эле бул амалдар чектелеби?**

Жок

**Анда эмнеге автор аларды оноо деп айтты?**

Эң кооптууларын айтып кетти жана оңой эсте калышы үчүн дагы

## Исламдан чыгаруучу амалдарды түрлөргө бөлсө болобу?

| Сөздөр | Амалдар | Ишеним | Шек-күмөн |
|---|---|---|---|
| Мисалы: Аллахты, анын элчисин же динди сөгүү | Мисалы: Сыйкыр | Мисалы, Аллахтан башка бирөө пайда алып келет деген ишеним | Аллахтын элчисинин ﷺ даваты кимге жетип, ал ыйман келтирбеген болсо, ошол адамдардын каапыр экендигинен шектенүү |

### Пайгамбар ﷺ бул 10 амалды айтып кетти беле? Далил кандай?

Ооба, Аллахтын элчиси ﷺ айтып кеткен. Ал эле эмес, бул баардык амалдарга Куран, Сүннөттөн далилдер келген. Аллах айткан: **«Биз ушинтип аяттарды баяндап беребиз, күнөөкөрлөрдүн жолу анык болушу үчүн»**

### Кимдир бирөө бул амалдардын бирин кылган болсо каапыр болгондугу боюнча баардык адамдар өкүм чыгара алабы?

Жок, тескерисинче, кайсы бир адамдын каапыр болгондугу боюнча ишеничтүү аалымдарга жана шариаттык казыларга кайтуу керек. Аллахтын элчиси ﷺ айткан: *«Ким гана өзүнүн бир тууганына “Эй,каапыр”-деп айткан болсо, ал сөзсүз экөөнүн бирөөсүнө кайтат»*

### Исламдан чыгаруучу иштер боюнча дагы кимдер эмгек, китеп жазышкан?

Фикх илими боюнча китеп жазган аалымдардын баарысы эле бул амалдарды Ридда (динден чыгуу) бөлүмүндө эскерип кетишкен. Ал эми бул автор биринчи болуп бул амалдарга гана арнап өзүнчө китеп жазган.

### Амал менен ошол амалды кылган адамды айырмалашыбыз керекпи?

Ооба, сөзсүз. Анткени, баардык эле куфр кылган, каапыр болуп калбайт. Бир адамды каапырдыкка чыгарыш үчүн ага далилдерди жеткирүү керек жана андагы күмөн-шубхаттарын арылтуу керек. Адамдарды куфрга чыгаруу автордун, Аллах ага ырайым кылсын, максаты болгон эмес, тескерисинче, үммөткө чын жүрөктөн мамиле кылып, аларды динден чыгара турган амалдардан кайтаруу анын максаты болгон.

### Бул амалдарды үйрөнгөн мусулман эмне кылганга милдеттүү?

Мусулман булардан абдан катуу сак болушу керек, бул иштерди кылуудан өзү коркуп жана башкаларды да кайтаруу керек. Ал эми кайсы бир адамдын каапыр болуп калгандыгы тууралуу өкүм чыгаруу маселесин чоң аалымдарга жана шариаттык казыларга кайтаруу керек. Аллах-Таала айтты: **“Өзүңөрдүн араңардан силерге элчи келди, силердин кыйналганыңар ага оор. Силер үчүн ал аракет кылат. Момундарга карата ал кайрымдуу, мээримдүү. А эгер алар баш тартса, айт: “Мага Аллах жетиштүү! Андан башка сыйынууга татыктуу зат жок. Жалгыз Ага тобокел кыламын, Ал улуу Арштын Кожоюну.”**

## Биринчи амал

Ибадатта Аллахка шерик кошуу. Аллах-Таала айтты:
**"Акыйкатта, Аллах өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү эгер кимди ( кечирүүнү) кааласа кечирет"** (4 : 48)
Жана Аллах-Таала айтты: **Ким Аллахка шерик кошсо, Аллах ага Жаннатты (Бейишти) арам кылды. Анын жайы тозок оту. Жана заалымдарга жардамчылар жок.** (5: 72)
Жана мунун мисалдары: Аллахтан башка бирөөгө арнап курмандык чалуу, мисалы жинге же кабырга арнаган сыяктуу.

### Ширктин түрлөрү

| Чоң ширк – автор ушул тууралуу китепти жазган | Кичине ширк |
|---|---|
| Кимдир бирөө бул ааламда кандайдыр бир жашыруун түрдө башкара алат, же пайда алып келүү жана зыяндан сактоо анын колунда деп ишенүү – чоң ширк. | Аллах себеп кылбаганды себеп деп билүү. Жана чоң ширкке алып бара турган иштердин баарысы – кичине ширк. |
| • Адамды динден чыгарат;<br>• Баардык амалдарды жок кылат;<br>• Падыша үчүн анын каны-малы адал болот;<br>• Түбөлүк тозокко алып барат;<br>• Шариат контексттеринде "Чоң" деген аталыш менен келет;<br>• «Ширк» же «куфр» деген сөздөрдүн башында «аль» деген кошумча болсо, демек ал иш чоң ширк. | • Адамды динден чыгарбайт;<br>• Кайсы ишке аралашса – ошону жок кылат, бузат;<br>• Каны-малы адал болбойт;<br>• Түбөлүккө тозокко алып барбайт;<br>• Шариатта "Кичине" деген аталышта келиши мүмкүн;<br>• «Ширк» же «куфр» деген сөздөрдүн башында "аль" деген кошумча келбесе, демек ал иш кичине ширк. |

Чоң ширк кечирилеби?

Муну кылып жүрүп адам бул дүйнөдөн кайтса - кечирилбейт, Аллах-Таала айткан **“Акыйкатта, Аллах өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү, эгер кимди (кечирүүнү) кааласа, кечирет”** (4 : 48 ) Эгерде адам тирүү кезинде тообо кылып, ширкти таштаган болсо – анда кечирилет, Аллах-Таала айткан: **«Өзүнө зулумдук кылган (күнөө кылган) пенделериме айткының: “Аллахтын мээриминен үмүт үзбөгүлө, акыйкатта, Аллах күнөөлөрдүн баарысын кечирет. Ал Кечиримдүү, Ырайымдуу»**. Бирок, сөзсүз күн батыштан чыккан убакытка чейин тообо кылган болсо, анткени Аллахтын элчиси ﷺ айткан: “Хиджрат (каапыр өлкөдөн мусулман өлкөгө көчүү) тообо кабыл болбой калганга чейин улана берет, а тообо болсо күн качан батыштан чыкканга чейин кабыл боло берет”. Жана сөзсүз тообону өлүмдүн алдындагы кырылдоого чейин кылып калыш керек, анктени Аллах-Таала айткан: **“Жамандыктарды кыла берип, качан өлүм келгенде “мына азыр тообо кылдым” дегендердин тообосунан пайда жок”**

## Арам иштердин түрлөрү

**Кичине күнөөлөр**
Баардык Аллах-Таала тыйган иштер, бирок эч кандай буларга жаза чектелген эмес

**Чоң күнөөлөр**
Баардык кандайдыр бир азап же жаза убадаланган амалдар, же каргыш, наалат айтылган иштер, же бул күнөөнү кылган адамдан баш тартуу келген. Же бул ишти кылган адамды ал каапырлардан, мушриктерден же момун эмес деп сыпаттаган болсо, же бир ыплас айбандарга окшоштурулса. Мунун баарысы чоң күнөөлөр болот.

**Кичине ширк**
Чоң ширктен жеңилирээк, бирок, чоң күнөөлөрдөн оор

**Чоң ширк**
Эң катуу тыюу салынган

**Чоң күнөөлөрдүн өкүмү**
Булардан тообо кылуу парз, Аллахтын элчиси ﷺ айткан: *«Кошокчу аял өлүмүнө чейин тообо кылбаса...»*, жана башка хадисте: *«...эгерде чоң күнөөлөрдөн сактанса...»*

**Даражалары барбы?**
Ооба, оордугуна карай айырмаланат. Пайгамбар ﷺ айткан: *«Чоң күнөөлөрдүн эң оору...»*

**Чоң күнөө кылуучу адамдын өкүмү**
- Ыйманы кем болгон мусулман. Жана Ыйманына жараша момун, күнөөсүнө жараша фасик (күнөөкөр) болот.
- Ыйманы үчүн аны жакшы көрүп, күнөөсүнө жараша жек көрүү керек.
- Чоң күнөө кылып жаткан учурда жанында чогуу болууга тыюу салынат.

**Чоң күнөөлөрдүн саны:**
Саны чектелген эмес, бирок жогоруда айтылган сыпаттар менен чектелген.

**Мал союунун түрлөрү**

**Аллах үчүн**

Бул уруксат берилген ибадат. Мисалы ажылыкта, курман айт майрамда жана садака кылып, таратуу үчүн мал союу.

**Аллахтан башка бирөөгө, сүйүү жана таазим менен (автор ушуну айтып жаткан)**

Бул чоң ширк, жинге же мүрзөгө арнап курмандык чалган сыяктуу

**Уруксат берилген**

Этин жеш үчүн, конок тосуу үчүн же сатуу үчүн кой союу.

## Экинчи амал

Баардык Ислам аалымдарынын бир ой-пикири боюнча, ким эгерде Аллах менен өзүнүн ортосунда шапаатчы, ортомчу алса, андан шапаат тилеп, тобокел кылса – каапыр болот. (Ибадатта Аллахка кимдир бирөөнү ортомчу кылуу, ошо ортомчуга Аллахка кайрылгандай кайрылуу, жалынып сыйынуу, андан жардам тилөө, ага тобокел кылуу, андан үмүт этүү, ушул амалдардын баарысы куфр (каапырлык) иштер болуп эсептелет.)

### Шапааттын түрлөрү

#### Аллахтын гана колунан келген шапаат

**Кыбыл болбогон шапаат (автор ушуну айтып жаткан)**

Куран аркылуу бул жокко чыгарылган; Аллахтан гана сурачу нерсени Аллахтан башкадан суроо – бул чоң ширк болуп эсептелет

**Кабыл болгон шапаат**

Аллахка гана тастыкталган шапаат, Аллахтан гана суралат. Үч шарты бар:

- Аллах уруксат берүүсү;
- Ким шапаат кылса, ал менен ыраазы болушу;
- Ким үчүн шапаат кылынса – ал менен да ыраазы болуусу.

**Жалпы шапаат элчилер, пайгамбарлар, периштелер, мусулмандар кылышат**

- Бейиштеги даражанын көтөрүлүшүнө;
- Тозоктук болгондордун куткарылуусу үчүн;
- Тозокко түшкөндөрдүн ал жактан чыгуусу үчүн.

**Пайгамбарга ﷺ гана уруксат бериле турган шапааттын түрү**

- Улуу шапаат;
- Каапырлардан арасынан жалгыз Абу Талиб агасы үчүн жана бир гана анын тозоктогу азабы жеңилдеши эле үчүн;
- Бейиш эшигинин ачылышы үчүн.

#### Жаратылгандардын колунан келген нерсени суроо

Төрт шарт менен уруксат берилет

- Тирүү болуусу;
- Жанында, бар болуусу;
- Сураганын аткара алгандай болуусу;
- Бул бир гана себеп деп ишенүү.

**“Мен үчүн дуа кылып койчу” – деп айтып, адамдан сураса болобу?**
Эгерде бул суроосунда ал кишиге муктаж болгондугун көрсөтүп жатса – анда бул кичине ширк. Ал эми эгерде тирүү, жанында бар, сураганын аткара алган, жана ал адам бир гана себеп деп кайрылган болсо – анда шариатта уруксат берилет, бирок таштап коюу жакшыраак.

**Тобокел кылуу, таянуу (тауаккуль)**
Бул качан инсан чыныгы, бекем ишеним менен Аллахка таянып-тапшырылуусу жана аны менен бирге сөзсүз шариатта уруксат берилген себептерди аткаруу.

**Уруксат берилген түрү**

Бул качан адам бир адамга иш тапшырган болсо, ага таянып, ал адамга эч кандай муктаждык сезбей эле ишенгени.

Мисалы адам бирөөгө кайрылып, бир нерсенин ал адам сатып берүүсүн тапшыруу.

**Тобокелдеги кичине ширк**

Качан инсан бирөөгө таянып, ишенип, ал менен бирге ага болгон муктаждык, зарылдык сезген болсо.

Мисалы, адамга бирөө бир маяна же үлүш берген болсо, ал берген адам жөнүндө жөн эле себеп дегенден да жогору ишеними болсо.

**Тобокелдин чоң ширк түрү (автор ушул жөнүндө айткан)**

Ибадат жана моюн сунуу менен коштолгон таянуу, ишенүү, тобокел кылуу.

Бул качан адам толугу менен кимге таянган болсо, ага тапшырылуусу, жана ал менен бирге ал адамдын колунда пайда жеткирүү же зыяндан тосуу бар деп ишенүүсү.
Мисалы арбактарга, өлгөн адамдарга таянуу сыяктуу.

**“Мен баланчага тобокел кылып таянам” же “Аллахка тобокел кылып таянамын, андан кийин баланчага” деп айтса болобу? Бул маселеде туура ой-пикир кандай?**
“Мен баланчага тобокел кылып таянам” – деп айтканга болбойт. Ошондой эле “Аллахка тобокел кылып таянамын андан кийин баланчага” – деп дагы айтуу болбойт. Анткени тобокел кылуу, таянуу бул Аллахтан башка бирөөгө арноого болбогон жүрөктүн амалдарынан. Бирок: “баланчага ишенип, бир ишти тапшырдым” – деп айтса болот. Анткени Аллахтын элчиси ﷺ кээ-бир сахабаларына өзүнүн жеке же коомдук иштерин тапшырчу.

## Үчүнчү амал

Ким мушриктерди (Аллахтан башкага сыйынгандарды, бутпарастарды) каапыр деп эсептебесе, же алар каапыр экендигинен күмөн санаса, же алардын жолун (динин, ишенимдерин) туура деп эсептесе - каапыр болот.

### Мушриктердин (Аллахка шерик кошкондордун) Исламдагы абалы.

Пайгамбарыбыздын ﷺ дааваты жеткен, бирок ага ыйман келтирбеген ар бир жин же инсан - чоң куфр кылуучу каапыр.
Аллах-Таала айтты: **" Кимде - ким Исламдан башканы дин катары тутунса, анын дини кабыл кылынбайт. Ал акыретте зыянга учуроочулардан."** (3:65)

### "Китеп ээлери"(иудей, христиандар) мушриктерге киреби?

Ооба, пайгамбарыбызга ыйман келтирбеген китеп ээлери бул аяттарга карай мушриктерге кирет:
**"Китеп берилгендерден Аллахка, акырет күнүнө ыйман келтирбегендер жана Аллахтын, Анын элчисинин арам кылган нерселерин арам катары таанымбагандар, ошондой эле Чыныгы Динди тутунбагандар менен өздөрүн кор тутуп, салык төлөмөйүнчө согушкула!"** (9:29)
Аллахтын элчиси ﷺ дагы айткан:
***" Менин жаным Анын Колунда болгон Затка ант, кайсы бир иудей же христиан болбосун, мен жөнүндө угуп, мага ыйман келтирбестен өлсө, сөзсүз Тозок элдеринен болот!"***

### Бул нерсе биз менен алардын ортосундагы келишимдерге бекем болбой эле койсок боло берет дегенди түшүндүрөбү?

Жок, Аллахтын сүйүүсүнө жетиш үчүн, алардын кимиси менен келишимибиз бар болсо, аны сакташыбыз зарыл. Анткени Аллах-Таала айтты:**" Аллах жана Анын элчисинин алдында мушриктер менен кандай келишим болушу мүмкүн?! Бирок аль-Харам Мечитинде силер менен келишим түзгөндөрдөн башкалары менен. Алар силерге (келишимде) бекем болушса, силер да аларга (келишимде) бекем болгула. Чындыгында, Аллах такыбаларды сүйөт."** (9:7)

Каапырлар менен болгон мамилесинде адамдар бул топторго бөлүнөт:

1) Алар менен кошо алардын майрамдарында, салтанаттарында жана ар кайсы ырым-жырымдарына катышкандар.

2) Аларга болгон мамилесинде чектен чыккандар. Аларды өлтүрүп, тоноп, алдагандар.

3) Ортоңку жолду кармангандар. Булар болсо Сүннөттү ээрчигендер.
Алар тиги каапырлардын ырым-жырымдарына жана ар кайсы майрамдарына катышышпайт, бирок ошону менен бирге аларга каршы чектен чыкпай, ортодо болгон келишимдерди бузуудан алыс. Биз аларды Таухидке чакыруубуз керек жана алар менен соода-сатыкта иштешүү уруксат.

## Төртүнчү амал

Кимде-ким Аллахтын элчисинин ﷺ жолунан башка бирөөнүн жолу туура деп ишенсе, же башка бирөөнүн өкүмдөрү Аллахтын элчисинин ﷺ өкүмдөрүнөн жакшыраак деп эсептесе - ал каапыр.

### Аллах-Таала түшүргөн нерсеге ылайык соттобогон иштердин түрлөрү:

1) Аллах-Таала түшүргөн мыйзамдар менен өкүм жүргүзүү жарабайт деп ишенип, Аллахтын мыйзамдарынан тагуттардын сотун жана ар кайсы ойлоп табылган сот ыкмаларын ыраа көргөндөр. Булар динден чыгара турган чоң каапырлыкты кылып жатышат. Аллах-Таала айтты: " Алар илимдүүлөрүн жана кечилдерин Аллахтан башка Эге (Кудай) кылып алышты." (9:31)

2) Аллах-Тааланын мыйзамдарын ишке ашыруу керек экенине бекем ишенип, мамлекетке дагы, элге дагы жакшы болот экенин билип туруп, бирок ошону менен эле өзүнүн каалоосун ээрчип, же бийликте калууну эңсеп, тагуттун мыйзамдарын ыраа көргөн болсо - анда бул динден чыгарбаган, кичи каапырлык (куфр дуна куфр) жана чоң бузукулук. Эгер ал бул мыйзамдарга баш ийип, мусулмандардын акысын бузса, анда ал заалым. Мындай адам чон каапырлыктын кырында турат.

## Бешинчи амал

Ким Аллахтын элчиси ﷺ алып келген нерсенин негизинде амал кылса да, бирок ошол эле убакытта аны (амалдарды) жек көрсө - каапыр болуп эсептелет.

### Ушул нерсе динден чыгараары тууралуу далил

Аллах-Таала айтты:
"Бул себеп: алар (каапырлар) Аллахтын жибергенин жек көрүшкөндүгүндө! Ошондуктан, Ал алардын амалдарын текке кетирди." Жана айтты: "Оо, жок! Сенин Эгеңе ант, алар өздөрүндөгү талаш-тартышка сени калыс кылмайынча момун боло алышпайт. Андан соң алар сен кылган өкүмгө каршы болушпайт, ага толугу менен моюн сунушат". Жаны дагы: "Аллах кимди туура жолго салгысы келсе, анын көкүрөгүн Исламга ачып коет. Ал эми кимди адаштыргысы келсе, анын көкүрөгүн көккө көтөрүлүп бараткан адамдыкындай кылып кысып салат. Аллах ишенгиси келбегендерди дал ушинтип жазалайт".

### Аллах ыраазычылык негизиндеги сүйүү жана жек көрүү.

Аллах ыраазычылык негизиндеги сүйүү жана жек көрүү милдет болуп эсептелет, ал турсун ыйман бутактарынын эң бекемдеринен болуп саналат.

### Аллах ыраазычылык үчүн эмнени сүйүш керек?

- Аллах ыраазы болгон амалдар, буга шариятта келген баардык амалдар кирет, мисалы, Таухид.
- Ушул амалдарды кылган адамдарды. Мисалы: пайгамбарлар, элчилер, периштелер, сахабалар жана баардык жалгыз Аллахка сыйынгандар.
- Аллах сүйгөн убакыттар, мисалы: Кадыр түн же түндүн үчүнчү бөлүгү.
- Аллах сүйгөн жайлар, мисалы: Мекке, Медина...

Эмнени Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жек көрүү керек?

| | | | |
|---|---|---|---|
| Аллах нааразы болуп жана ачуусун келтирген нерселер. Буга шариятта тыюу салынган нерселер кирет, мисалы, ширк(Аллахка сыйынууда шерик кошуу). | Ушул амалдарды жасаган адамдарды. Мисалы: Мушриктер (көп кудайчылар), мунафыктар (эки жүздүүлөр) жана шайтандар. | Аллах жек көргөн убакыттар, Күнгө сыйынып жаткан убакыт сыяктуу. | Аллах жек көргөн жайлар, ширк кылынып жаткан жайлар сыяктуу. |

Көп аял алуу сүннөтүн жек көргөн аял каапырчылыкка түшөбү?

Чындыгында, аял көп аял алуу шарият өкүмүн четке какпаса, бирок күйөөсү андан башка бирөөнү алышын каалабаса (ага болгон сүйүүдөн же кызганычтан), бул амалы үчүн аны жемелөөгө уруксат берилбейт.

## Алтынчы амал.

Ким Аллахтын элчиси ﷺ алып келген диндин бир нерсесин шылдыңдаса, же болбосо Аллахтын сыйлыгын(сообун) же жазасын(азабын) шылдыңдап, мазактаса - каапырчылыкка (куфрга) түшүп калат.
Буга далил Аллахтын айтканы: **" Эгерде алардан сурасаң, сөзсүз: " Биз жөн эле тамашалап, ойноп койдук", - дешет. Айткының: " Аллахты, Анын аяттарын жана Анын элчисин шылдыңдадыңарбы? Кечирим сурабагыла. Силер ыйманыңардан кийин каапыр болдуңар. Эгер Биз бир тайпаңарды кечирсек, башка бир тобуңарды күнөөсүнөн улам азаптайбыз."** (Ат-Тауба, аят 65, 66)

### ШЫЛДЫҢДОО, МАЗАКТОО

**Мунун мааниси жана шылдыңдап жатканга карата өкүм.**
Бул жерде шылдыңдоонун мааниси - мазактоо, келекелөө.
Динден болгон бир нерсени шылдыңдап же кемсинтип жаткан кишиге карата токтом төмөндөгүдөй:
Мындай киши, Исламга каршы күрөшүүнү өзүнө камтыган жана аны динден чыгара турган, чоң куфрга түшкөн каапыр болот. Мындай киши Тозок элдеринен болот, жана ал жакта түбөлүккө калат. Аллахтан мындай абалдан сактоосун суранабыз.
Динден болгон нерселерди кемсинтип, мазактап жатышканын угуп калган адам сөзсүз аларга каршы сөз айтууга, же болбосо ал жерден кетип калууга милдеттүү.
Ал эми ким алардын динди мазактап жатканын көрүп, аларды токтотпой, кайтарбай алар менен кошо отура берсе – ал дагы тигилер сымал өкүмгө кабыл болот.
Аллах-Таала айтты:
**" Эгер силер Аллахтын аяттарына каршы чыгып жана шылдыңдап жаткандарын уксаңар, алар башка сөзгө өтмөйүнчө алар менен бирге отурбагыла деп силерге Аллах Өз Китебинде түшүрдү эле. Антпесеңер, силер (да) алар өңдүүсүңөр." Албетте, Аллах эки жүздүүлөр менен каапырлардын баарысын тозокко жыйнайт!"** (4:140)

**Шылдыңдагандын тообосу төмөнкү шарттар менен кабыл кылынат.**

- Аллах-Таалага, Анын Улуулугуна ылайык мактоо - алкыш айтуусу керек.
- Шылдыңдап жаткан кездеги сөздөрүнөн кайтышы керек.
- Ал кишиде тообонун белгилери көрүнүп турушу керек. Жана биз анын чындап эле тообо кылганын билишибиз керек.

Ким Аллахтын элчисин ﷺ кемсинтип, мазактап алган болсо, кийин чын жүрөктөн Аллахтан кечирим сурап, тообо кылса - тообосу кабыл болот. Ошентсе да, падыша андай кишини бул кылыгы үчүн өлүм жазасына тартуусу керек.

**Эгерде инсандын сөздөрү көп маанилүү болуп, ичине мазактоо маанисин камтып калса, каапырчылыкка түшүп калабы?**

Мындай кишиге андай сөздөргө тыюу салынгандыгын түшүндүрүп, жеткириш керек. Эгерде тообо кылса, анда күнөө жок. Эгерде кайтпаса, бул нерсе менен казыларга (шариаттык сот) жана чоң аалымдарга кайрылыш керек.

## Жетинчи амал.

Сыйкыр, жана ошондой эле буга ысытма - суутма дагы кирет. Ким бул нерселерди аткарса же аны менен ыраазы болсо - каапырчылыкка түшөт. Буга далил Аллах-Тааланын сөздөрү: **" Алар (периштелер): " Биз сынообуз (азгыруубуз). Каапыр болуп калбагыла!" - деп айтмайынча, ал экөө эч кимге (сыйкырды) үйрөтүшкөн эмес."** (2:102)

### Сыйкыр.

**Сыйкырчынын белгилери.**

• Уруксат берилиши үчүн коюлган шариаттагы рукйанын (дем салуунун) шарттарын бузат б.а. аларга каршы иш кылат;
• Өзүнчө, айрым тамгаларды жазат, жана ачык эмес ( даана эмес, түшүнүксүз ) сөздөр менен сүйлөйт.
• Астрология менен алектенет, алаканга карап же кофенин тунмасына карап төлгө салат.
• Түйүндөрдү байлап аларга түкүрөт.
• Ысытма жана суутма деген иштерди кылат.
• Оорулуу адамга шариатка каршы иш жасоону буйруйт. Мисалы арам ишке барууну, намазды таштоону, же мал сойгондо Аллахтын ысымын атабоону.
• Энесинин ысымын сурайт.
• Өзүн кайыптан кабардармын дейт.

**Сыйкырдын орду (жобосу).**

Аллах-Тааланын сөздөрүнө карай, сыйкыр - бул чоң куфр (каапырчылык):
"Алар (периштелер): " Биз сынообуз ( азгыруубуз, кызыктыруубуз ). Каапыр болуп калбагыла!" - деп айтмайынча, ал экөө эч кимге (сыйкырды) үйрөтүшкөн эмес." (2:102)

**Сыйкырчыга келген инсандын абалы.**

Бул жерде айтылып жаткан киши, мисалы: аны менен (сыйкырчы, көзү ачык, төлгөчү менен) чогуу отурган киши, же ага бирөөлөрдү жиберип турган киши, же ага кат жөнөтүп турган киши. Же болбосо жылдыз төлгө (гороскоп), же алаканга карай төлгө ачуу, же сандарды же календардын даталарына карап (мисалы туулган күн датасы), же кофе тунмасына карай төлгө ачуулар бар болгон гезит-журналдарды, телеберүүлөрдү жана сайттарды көргөн киши...
Хадисте келгендей, жөн эле сыйкырчыга барган болсо, гороскоп окуган болсо буларга ишенбей эле (кызык үчүн мисалы) мындай адамдын намазы кырк күн бою кабыл болбойт.
Ал эми ким сыйкырчынын (көзү ачыктын, төлгөчүнүн) айткандарына ишенип алса, андай киши жөнүндө Аллахтын элчиси ﷺ мындай деди: **" Ким көзү ачыкка (же төлгөчүгө) келип, ага ишенген болсо, Мухаммадка түшүрүлгөн нерсеге каапыр болду."**
Бул жерден өзүнчө бөлө турган нерсе: эгерде адам компетенттүү болуп, ал сыйкырга тиешелүү тараптын анык жүзүн ачып, аларга жооп берип, амалдарын жалганга чыгаруу үчүн келген болсо, жогоруда айтылганга кошулбайт.

НУШРА. (Сыйкырдан дарылануу)
Бул сыйкырланып калган адамдан сыйкырды кетирүү.
Нушра экиге бөлүнөт:

**Уруксат болгон нушра.**
Бул шариаттык рукйа (дем салуу) менен, уруксат берилген дары-дармектер менен жана Аллахтан сурануу менен кетирүү.

**Харам болгон түрү.**
Бул сыйкырды башка сыйкыр менен кетирүү. Нушранын мындай түрү жөнүндө Аллахтын элчиси: **" Бул шайтандын иштеринен"**,- деп айткан.

**"Сыйкырды башка сыйкыр менен кетирүү боло берет", - дегендердин сөзүн жокко чыгаруу:**

• Бул иш Куранга, Сүннөткө жана бул үммөттүн алгачкылары болгон сахабалардын кылган иштерине каршы келет.
• Бул иште, Сүннөттө келгендей: Куран менен даарылануну жана Аллага кайрылууну таштоо бар.
• Бул иште сыйкырды жана сыйкырчыларды колдоо бар. Жана ошондой эле алардын мусулмандардын чөйрөсүндө жайылуусуна жардам берүүгө барабар.
• Жана бул иште Сүннөттө келген шексиз, ырасталган себептерди таштап, күмөндүү иштер менен даарылануу.
• А эгерде сыйкырланган адам сабыр кылып, чыдаса, хадисте келгендей - Бейиш менен сыйланат.
• Бул иш кишиде бар болгон сыйкырды кайра көбөйтөт.

## Сегизинчи амал

Мусулмандарга каршы мушриктерге жардам берүү жана колдоо. Алланын далил болчу сөзү: **"Силерден ким аларга дос болсо, анда ал ошолордон. Албетте, Аллах заалым коомду туура жолго баштабайт."**

**Мусулмандарга каршы мушриктерге жардам берүү**

Мусулман мушриктердин динине тиешеси жок экендигин жана алардын динине каапырчылык көрсөтүүгө милдеттүү, таухидди жолдоочулардан болуп, алардын динине сүйүү менен мамиле жасашы керек. Кимде - ким каапырчылыкты сүйсө, ага ыраазы болсо, ага же мушриктерге жардам берсе, ал адам каапыр болот жана анын иши динден чыгарып жиберүүчү чоң каапырчылыкка кирет.

**Каапырчылыкка жардам берүү экиге бөлүнөт:**

**Куфр менен ридда (динден кайтуу)**

Мусулмандарды жек көрүп, мушриктерди сүйүп, ошол эле убакытта мусулмандардын үстүнөн мушриктердин жеңишин каалап жардам берсе.

**Динден чыгарган каапырчылыкка кирбейт**

Эгерде берилген жардам мушриктерди сүйүп, мусулмандарды жек көрүүдөн эмес, кандайдыр бир дүнүйө пайда маселесинен болсо.

## Тогузунчу амал

Кимде - ким Хидр Мусанын шариятынан чыккан сыяктуу Мухаммаддын ﷺ шариятынан чыкса болот деген ишенимде болсо, каапыр болуп саналат.

Илим ээлеринин бир ооздон айткан чечимине ылайык кимде - ким Мухаммад ﷺ дын шариятынан жана дининен чыкса болот деген ишенимде болсо, адамды исламдан чыгарган чоң каапырчылыкка кирет. Андай адамга далилдерди келтирип, тообо кылууга чакырыш керек. Эгерде ал тообо кылбаса, бийлик ээси аны өлүм жазасына тартат.

Аллах-Таала айтты: "Айткын, о адамдар, албетте мен силердин баарыңарга жиберилген Алланын элчисимин" жана Алланын элчиси айтты: "Эгер боордошум Муса тирүү болгондо, жолумду жолдоого аргасыз болмок." Мунун алдында көрсөтүлгөндөй ислам чыкырыгы жеткен Китеп ээлери да мушрик болгондуктан, ушул топко кирет.

**Хидр Мусанын ﷺ шариятынан чыкканбы?**

Хидр Мусанын ﷺ шариятынан чыккандыгын так көрсөткөн эч нерсе жок, а эгерде болгон болсо, ал Мусанын коомунан болгон эмес болгон.

Анткени буга чейинки ар бир пайгамбар өз элине гана жиберилген болсо, пайгамбарыбыз ﷺ баардык адамдарга жиберилген жана анын шариятынан чыгууга эч кимдин акысы жок.

## Онунчу амал

Алланын дининен, аны окуп-үйрөнүүдөн, ага ылайык амалдарды кылуудан баш тартуу. Муну Аллах-Тааланын сөзү далилдейт: **"Өз жаратканынын аяттары менен насыяттангандан кийин алардан жүз үйрүгөндөрдөн да заалым ким бар?! Ал бетте, биз мындай күнөөкөрлөрдөн өч алабыз."**

**Алланын дининен баш тартуу**

Алланын элчиси ﷺ айтты***: "Кимге Аллах жакшылык кааласа, динден түшүнүк берет",*** а кимге Аллах жакшылык каалабаса, динди изилдөөдөн, окуп-үйрөнүүдөн жүзүн бурат. Аллах-Таала айтты: **"Өз жаратканынын аяттары менен насыяттангандан кийин алардан жүз үйрүгөндөрдөн да заалимирээк ким бар?! Албетте, биз мындай күнөөкөрлөрдөн өч алабыз.**" а күнөөкөрлөр - тозок жашоочулары,

Динден баш тарткандардын абалы

Эгерде адам Алланын элчисинен кулагын жана жүрөгүн бурса, аны жалганга чыгарбай, бирок, ыйман да келтирбей, аны сүйбөй, же жек көрбөй, ал эмне менен жиберилген болсо эч бирине таптакыр баш ийбесе - динден чыгарчу чоң каапырчылыкка түшөт. Алла-Таала айтты: **"Качан аларга: "Алла түшүргөн нерсеге жана пайгамбардын үгүттөрүнө келгиле делинсе, бул эки жүздүүлөрдүн сенден катуу баш тартканын көрөсүң."** жана да **"Кимде - ким өз Жаратканынын эскертүүлөрүнөн баш тартса, Ал аны катуу азапка салат."**

## Автордун чыгарган жыйынтыктары.

Бул иштерди тамашалап болобу, чындапбы же корккондон улам жасаган болобу, баарысында айырма жок. Бир гана мажбурланып, зордолгон абалда жасагандан башкасы.

Жана дал ушул иштер эң коркунучтуу жана эң эле көп кездешкен иштерден болуп эсептелет. Ошондуктан мусулман бул иштерден алыс болуп, буга түшүп калуудан сактанышы керек.

Аллахтан Анын каарына жана катуу азаптарга себеп болгон нерселерден сактоосун тилейбиз. Аллахтын салам жана салаваттары жаралгандардын мыктысы болгон, Мухаммадка болсун. Жана анын сахабаларына жана аларды ээрчигендерге болсун.

Бул иштерди төмөндөгүдөй акыбалдарда кылса баарысынын өкүмдөрү бирдей

**Коркуу (Коркоктук)**
Эч ким зордоп, кыйнабаса деле, " менин акыбалым, же менин мал-мүлкүм зыянга учурап калбасын" деген жалган актануулар менен бул иштерге баруу.
Аллах-Таала айтты: " Адамдардын ичинде: " Биз Аллахка ишенебиз", - дегендер бар. Качан аларга Аллахтын жолунда зыян жетсе, адамдардын сыноосун Аллахтын жазасындай көрүшөт. А Эгеңден жеңиш келген кезде алар: "Биз силер менен болгонбуз" - дешет. Чын эле Аллах адамдардын көкүрөгүндө эмне бар экенин жакшы билбейби?!"

**Чындап, атайлап кылса**
Эгерде кимдир - бирөө бул иштердин бирөөсүн атайлап, ниеттенип кылса - анын актана турган эч нерсеси жок.

**Тамашалап**
Булардын бирин кылган соң, тамашалап эле кылгам деген болсо – бул актануусу кабыл болбойт.

**Мажбурлануу**
Динден чыгара турчу амалдардын бирөөсүн кылууга кыйнап-зордоо менен мажбурланган болсо, мындай киши каапырчылыкка түшүп калбайт.
Зордук-зомбулук себептүү каапырчылыктан актала турган төмөнкү шарттар бар:
1) Ал чындап эле кыйналып-зордолгон болуусу. Ошондуктан зордолбогондон башкасы акталбайт. Мисалы ал жөн эле корккондон улам, же сактык максатында кылган болсо.
2) Зарылчылыктын чегинен чыкпоосу. Мисал үчүн, бирөөнү кемсинтүү (мисалы: пайгамбарлар же периштелер) каапырчылык болуп эсептелген амалды бир жолу аткар деп мажбурланган болсо, анын ордуна бирден ашык жолу кемсинтип салса - бул каапырчылык (куфр). Анткени ал бир гана жолу кемсинтүүгө мажбурланган.
3) Ал колунан келишинче ачык каапырчылыкты айтуудан качуусу керек.
4) Анын жүрөгүндө бекем ыймандын болуусу. Башкача айтканда, ал каапырчылык сөзүн тили менен гана айтуусу, ал эми жүрөгүндөгү ыйманы бекем бойдон калуусу.
5) Ал мажбурланып жаткан иштин башкаларга зыяны тийбеши керек, же башкалардын адашуусуна себеп болбошу керек.

## Маанилүү эскертүүлөр

**Биринчиден:** бул китепти жазууда, китептин автору мусулмандарды каапырчылыкта айыптоону максат кылган жок. Тескерисинче, анын максаты элдерди үйрөтүү. Алар бул иштерди окуп-үйрөнүп, андан соң бул иштерден сактануусу үчүн.
Эгерде алар бул иштерден сак болушса, алардын ыймандары ырас болуп, катуу азаптан кутулушат.
Жана ошондой эле мусулмандар өздөрү дагы бул иштерден башка мусулмандарды алдын ала сак болууларын эскертүүлөрү керек, анткени бул өтө коoптуу иштер. Аларды изилдеп, андан кийин аларга түшүп калуудан абайлоо зарыл.

**Экинчиден:** Ширктен чындап сактануу үчүн ар бир мусулман диний илим алууга милдеттүү. Аллахтын элчиси ﷺ : " Кимге Аллах жакшылык кааласа, динден ага түшүнүк берет", - деп айткан. Динди түшүнүү бул эң маанилүү жана улуу милдеттерден. Анткени, адам баласы ушул түшүнүү менен ширктен, бидааттардан жана күнөөлөрдөн коргонот. Адам баласы өз Жаратканын көбүрөөк тааныган сайын, ошончолук деңгээлде өз амалдарында жана акыбалдарында Аллах аны карап турганын (муракаба) сезип турат. Илиминин деңгээли канчалык жогорулаган сайын, ошончолук Аллахтын астында ыкластуу болот. Жана ыйманы дагы ошончо толукталат.
Кээ бир илим ээлери мындай деп айтышкан: "(Илим алуунун башында ыкластуулук болбогондугу үчүн) илим алуубуз Аллах үчүн болгон эмес, убакыт өтүп (илим көбөйгөн сайын ыкластуулукту түшүнүп) эми илим алуубуз бир гана Аллах үчүн болуп калды"

**Үчүнчүдөн:** Кайсы бир инсандын каапыр болгондугу жөнүндө, ал киши чын эле динден чыгара турчу амалды кылгандыгын тастыктамайынча, ага далилдерди жеткирмейинче жана бул чечимге тоскоол болгон тоскоолдуктарды кетирмейинче, чечим чыгарганга уруксат эмес (болбойт). Мындай токтом чыгарууга мусулмандардын арасындагы эл башчы, же болбосо шариаттык соттор (казы) жана алардын деңгелине жеткендер гана укуктуу. Жөнөкөй мусулмандардын бул маселелерди талкуулоосунун кереги жок.

**Төртүнчүдөн:** Автор өзүнүн эмгегин: " Аллахтан Анын каарына жана катуу азапка себеп боло турчу нерселерден сактоосун тилейбиз" , - деген сөздөр менен аяктады. Бул нерсе анын ак ниетин жана окурманга жакшылык каалаганын көрсөтүп турат. Бул анын баардык китептеринде кездешкен адаты. Аллах-Таала аны Өз мээримине алсын, күнөөлөрүн кечирсин. Жана аны көптөгөн сыйлыктар менен кубантсын.

# Өзүңдү текшер!

**Бош орундарга жазып төмөнкү суроолорго жооп бер!**

1.Эмнеге китеп жазуучулар китептерин “бисмиЛла” менен башташат?
1) ……………………………………………………………………………………………………………………
2) ……………………………………………………………………………………………………………………
3) ……………………………………………………………………………………………………………………
4) ……………………………………………………………………………………………………………………

2. “Исламдан чыгаруучу амал” деген эмне?
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

3. Эмнеге аалымдар кээде “Исламдан чыгаруучу амал”, а кээде “Исламды бузуучу амал” дейт?
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

4. Бул амалдар боюнча аалымдар бир ой-пикирдеби?
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

5. Ушул эле амалдар менен чектелеби?
- Ооба, чектелет - Жок, чектелбейт - Бир сан менен чектелбейт, бирок жалпысынан бир нече түргө бөлүнөт

6. Эмнеге автор булардан оноо деди?
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

7. Куран-Суннөттө кайсы бир сан менен амалдар чектелип аталса, ушул менен эле чектелет экенин билебизби же андан деле көп болушу мүмкүнбү?
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

8. Эмнеге анда амал чектелбеген болсо, бир сан менен аталып келет?
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

9. Бир сан менен келип жана ал менен чектелген амалдын мисалын келтир
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

10. Бир сан менен келип жана ал менен чектелбеген амалдын мисалын келтир
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

11. Исламды бузуучу амалдар ондон дагы көппү? Автордун ой-пикири кандай?
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

12. Автордун кайсы сөзүнөн алынат?
……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

13. Бул амалдарды кандайдыр-бир чектесе болобу?

……………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………

14. Жалпысынан кандай түрлөргө бул амалдарды бөлсө болот?
1) ……………………………………………………………………………………………………………………………
2) ……………………………………………………………………………………………………………………………
3) ……………………………………………………………………………………………………………………………
4) ……………………………………………………………………………………………………………………………

15. Эмнеге биз мынча “Исламды бузуучу амалдарды” үйрөнүп жатабыз?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

16. Автордон башка дагы бирөө бул темада китеп жазды беле?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

17. Амал менен амалды кылуучуну айырмалашыбыз керекпи?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

18. Бул айырмалоонун себеби эмнеде?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

19. Адамдарды каапырлыкта айыптоо автордун максатыбы?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

20. Бул иштерди билген мусулман эмне кылганга милдеттүү?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

21. Бул китепте ширктин кайсы түрү боюнча автор айтып жатат?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

22. Чоң менен кичине ширктин айырмалары?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

23. Чоң ширк кылгандын тообосу кабыл болобу? Жана качан кабыл болбойт?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

24. Кайсынысы оорураак: Чоң күнөө же кичине ширк?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

25. Бир амал чоң күнөө экенин кантип билебиз?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

26. Чоң күнөөлөр белгилүү бир сан менен чектелүүбү?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

27. Чоң күнөө кылган адамдын өкүмү кандай? Аны сүйүү керекпи же жек көрүүбү?
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………

28. Чоң күнөөлөргө батып жүргөн менен чогуу отуруу уруксатпы?
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………

29. Чоң күнөөлөрдүн ар кандай даражалары болобу? Болсо, далили кайсы?
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………

30. Чоң күнөөлөр жакшы амалдарды кылса кечирилеби же аларга өзүнчө тообо кылыш керекпи?
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………

31. Арам амалдардын канча түрү болот?
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………

32. Мал союунун түрлөрүн атап берсеңиз
1) ………………………………………………………………………………………………………………………………
2) ………………………………………………………………………………………………………………………………
3) ………………………………………………………………………………………………………………………………

33. Кандай учурда малды союу чоң ширк болот?
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………

34. Шапааттын түрлөрүн атап бериниз
1) ………………………………………………………………………………………………………………………………
2) ………………………………………………………………………………………………………………………………
3) ………………………………………………………………………………………………………………………………

35. Тобокел кылуу (тауаккуль) деген эмне?
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………

36. Тобокел кылуунун түрлөрүн атаңыз?
1) ………………………………………………………………………………………………………………………………
2) ………………………………………………………………………………………………………………………………
3) ………………………………………………………………………………………………………………………………

37. "Мен баланчага тобокел кылам", же болбосо " мен Аллахка, андан кийин баланчага тобокел кылам", - десе болобу?

- Уруксат - Уруксат эмес

38. Мындай учурда кантип айтуу уруксат?
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………

39. Мушриктер каапыр экендигине далил кайсы? Жана аларга китеп ээлери киреби, жокпу?
………………………………………………………………………………………………………………………………
………………………………………………………………………………………………………………………………

40. Алар мушрик болсо, биз алар менен биздин ортобуздагы келишимдерди аткарбай койсок болобу?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

41. Адамдар каапырлар менен болгон мамилесинде үчкө бөлүнөт:
1) ……………………………………………………………………………………………………………………………
2) ……………………………………………………………………………………………………………………………
3) ……………………………………………………………………………………………………………………………

42. Аллах түшүргөн нерсе менен соттобогон сот иштеринин түрлөрү:
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

43. Аллах-Таала үчүн эмнени сүйүп, эмнени жек көрүү керек?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

44. Аллах үчүн болгон сүйүүнүн өкүмү кандай?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

45. Аллахтын дининен бир нерсени шылдыңдап, кемсинтүүчү каапырлыктын кандай түрүн кылып жатат?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

46. Ал шылдыңдап, мазактоочунун тообосу кабыл болобу? Кабыл болсо, кандай шарттар менен?
1) ……………………………………………………………………………………………………………………………
2) ……………………………………………………………………………………………………………………………
3) ……………………………………………………………………………………………………………………………

47. Аллахтын элчисин ﷺ шылдыңдагандын өкүмү кандай?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

48. Мындай шылдың, мазактарды уккандын өкүмү кандай?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

49. Сыйкырчылардын каапыр экендигинин далили кайсы?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

50. Сыйкырчынын белгилери кандай?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

51. Сыйкырчыга же "көзү ачыкка" келген кишинин өкүмү кандай?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

52. "Сыйкырчыга келүү" сөздөрү өзүнө дагы эмнелерди камтыйт?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

53. Нушранын (сыйкырды кетирүү) түрлөрү кандай болот?
1) ……………………………………………………………………………………………………………………………
2) ……………………………………………………………………………………………………………………………

54. Сыйкырды башка сыйкыр менен кетирсе боло берет дегендердин сөздөрүнө кантип жооп беребиз?
1) ……………………………………………………………………………………………………………………………
2) ……………………………………………………………………………………………………………………………
3) ……………………………………………………………………………………………………………………………
4) ……………………………………………………………………………………………………………………………
5) ……………………………………………………………………………………………………………………………
6) ……………………………………………………………………………………………………………………………
7) ……………………………………………………………………………………………………………………………
8) ……………………………………………………………………………………………………………………………

55. Мушриктерге жардам берүүнүн өкүмү кандай?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

56. Мухаммаддын ﷺ шариатынын чектеринен кимдир - бирөө чыгып кете алабы?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

57. Хадыр Мусанын шариатынын чегинен чыкты беле?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

58. Динден баш тартуунун ( жүз буруунун ) өкүмү кандай?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

59. "Коркконунан улам" деген автордун сөздөрүнүн мааниси кандай эле? Ал "кыйнап-зордолгон" деген мааниде айтып жатты беле?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

60. Кайсыл шарттарды аткарса, кыйналып-зордолгон адам ошол себептүү акталат:
1) ……………………………………………………………………………………………………………………………
2) ……………………………………………………………………………………………………………………………
3) ……………………………………………………………………………………………………………………………
4) ……………………………………………………………………………………………………………………………
5) ……………………………………………………………………………………………………………………………

61. Автор өз китебин эмне себептен дуа менен бүтүргөн?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

62. Мусулман кандай жол менен ширктен качып, сактануусу керек?
……………………………………………………………………………………………………………………………
……………………………………………………………………………………………………………………………

## КИТЕПТИН МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| 1 | **Үч негиз (Кабырда бериле турган суроолорго жооп)** | 3 |
| | Эмне үчүн Таухидди үйрөнөбүз? | 4 |
| | Ширктин коркунучу | 5 |
| | Таухид деген эмне? | 6 |
| | Төрт маселе | 10 |
| | Дааваттын шарттары | 11 |
| | Үч маселе | 14 |
| | Мусулман эместерге болгон мамилебиз | 17 |
| | Үч негиз. Биринчи негиз | 19 |
| | Ибадаттын түрлөрү | 21 |
| | Экинчи негиз. Ислам | 28 |
| | “Ла илааха илЛаллах” (туура мааниси) | 29 |
| | “Мухаммад расулуЛлах” | 31 |
| | Ыйман | 33 |
| | Ихсан | 37 |
| | Үчүнчү негиз | 41 |
| | Акыр сөз | 46 |
| | Китептин таблицасы жана экзамени | 49 |
| 2 | **Төрт эреже (Ширк менен Таухидди айырмалоочу)** | 54 |
| | Бактылуулуктун белгилери (Киришүү) | 58 |
| | Сабыр кылуу | 61 |
| | Төрт эреже | 62 |
| | Китептин таблицасы жана экзамени | 68 |
| 3 | **Исламды бузуучу амалдар** | 72 |
| | Өзүңдү текшер! | 95 |

الطَّبعة الأولى
Биринчи басылма (2019 ж.)

جميع الحقوق محفوظةٌ

Баардык укуктары сакталган

إلا من أراد طبعة أو ترجمة لتوزيعه مجَّانًا بعد مراجعة المؤلف

Ким бул китепти басып чыгарууну жана кийинки бекер таратуу үчүн которууну кааласа автордун текшерүүсүнөн кийин гана кылса болот.

الرجاء التواصل على:

Автор менен байланышуу үчүн бул почтага жазыңыздар:

islamtorrent@gmail.com

- Sarhaan.net - шейх Хейсам Сархан жетектеген сайт (араб тилинде);
- telegram.me/attasseel_kyrgyz – Кыргыз тилиндеги шейх Хейсам Сархандын «Telegram»-дагы каналы.
- attasseel-alelmi.com/ru–"Ключи Знания" аттуу шейх Хейсам Сархандын орус тилиндеги сайты;

Эгерде каталар табылган болсо биздин электрондук почтага жазып коюуңузду өтүнөбүз:

kamchybek93@gmail.com

www.sarhaan.net

www.sarhaan.net/en

**Telegram:** attasseel_kyrgyz

**Twitter:** @haythamsarhan

**YouTube:** AttasseelAlelmi1

**Facebook:** sarhaannet